**2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинде жана анын ведомстволук уюмдарында бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө**

**Отчет**

2023 жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитордук иш планына ылайык аудитор М. К. Арзыбаевдин жетекчилиги алдында, башкы мамлекеттик инспектор К. Сапарбаев, мамлекеттик инспекторлор Н.Т. Бокешов, К.С. Турумбеков, О.Т. Турсункожоев, Кубатбекова Г., Алмаматов Т.З., Рахманов А., Тоокеев С., Айбашов М. жана А.Ж. Рустанбекова, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аймактык бөлумдөрунун инспекторлору тарабынан 2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын санариптик өнүктүрүү министрлигинде жана анын ведомстволук уюмдарында бюджеттин аткарылышына шайкештик аудит жүргүзүлгөн.

**Жооптуу тараптар жана аудит объектиси**

Ушул аудитке карата жооптуу тарап жана аудиттин объектиси болуп Кыргыз Республикасынын санариптик өнүктүрүү министрлиги (мындан ары - Кыргыз Республикасынын санариптик өнүктүрүү министрлиги же Министирлик) эсептелет.

**Жооптуу тараптын милдеттери**

Кыргыз Республикасынын санариптик өнүктүрүү министрлигинин жана жетекчилиги мамлекеттик каражаттарды башкаруу жана мыйзам чыгаруу органы тарабынан берилген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууга, ошондой эле ушул аудиттин предмети үчүн жоопкерчиликтүү.

**Аудитордун жана аудитордук топтун милдеттери**

Аудитордун жана аудит тобунун милдети Кыргыз Республикасынын санариптик өнүктүрүү министрлигинин иши аудиттин критерийлерине ылайык келүүсүнө, жүргүзүлгөн аудиттин негизинде тиешелүү тыянактарга өз алдынча келүү болуп саналат. Аудит корутундуларды тастыктоо үчүн жетиштүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор аудитордун кесипкөй чечимине, анын ичинде алдамчылыктын же катанын кесепетинен жол берилген олуттуу ылайык келбөөчүлүк тобокелдигине баа берүүгө көз каранды. Аудиттин аткарылуучу жол-жоболору бул жагдайларда ылайыктуу деп эсептейбиз. Чогултулган аудитордук далилдер ушул отчетто баяндалган корутундулар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн жетиштүү жана ылайыктуу болуп саналат деп эсептейбиз.

**Аудиттин предмети**

Аудиттин предмети болуп Кыргыз Республикасынын санариптик өнүктүрүү министрлигинин ишинин укук белгилөөчү ченемдик укуктук

актыларда бекитилген максаттарга жана милдеттерге жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык келиши эсептелет.

Көрсөтүлгөн мезгил ичинде аудиттин көлөмүнө киргизилген маселелер төмөнкүдөй болду:

- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын буга чейинки аудитинин жыйынтыгы боюнча жазма буйруктун жана сунуштардын аткарылышын талдоо;
- бюджеттик каражаттардын жана атайын эсептик каражаттардын кирешелеринин жана чыгашаларынын сметаларынын аткарылышын талдоо;
- Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" мыйзамынын сакталышын талдоо;
- ченемдик укуктук актыларга ылайык эмгек акыга жана башка төлөмдөргө, штаттык ырааттаманын туура түзүлүшүнө жана эмгек акы фондунун түзүлүшүнө аудит;
- кассалык жана казыналык операцияларга аудит;
- командировкалык чыгымдардын аудити, отчет берүүчү жактар менен эсептешүүлөр;
- негизги каражаттарга жана товардык-материалдык баалуулуктарга, так отчеттуулук бланктарына, ТМБнын ченемден ашыкча запастарына жана эсептөөлөрдөгү каражаттарга аудит;
- транспорттук каражаттардын лимиттеринин сакталышын жана транспортторду эксплуатациалоого аудит;
- ижара мамилелеринине аудит;
- дебитордук жана кредитордук карыздардын пайда болушуна аудит;
- бюджет жана Социалдык фонд менен эсептешүүлөрдүн абалын талдоо;
- бухгалтердик эсептин жана отчеттуулуктун абалын баалоо;
- Кыргыз Республикасынын санариптик өнүктүрүү министрлиги тарабынан ишке ашырылып жаткан инвестициялык долбоорлоруна аудит.

**Аудиттин критерийлери**

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Салык кодекси;
- “Салыктык эмес кирешелер жөнүндө” Кыргыз Республикасынын кодекси;
- “Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024 жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу мүчөлүк акыларынын тарифтери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3 ноябрындагы № 694 “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 11-сентябрындагы № 468 “Мамлекеттик ишканалардын ишин тартипке келтирүү тууралуу” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 26-октябрындагы №637 “Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү (иштерди) үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоо тартибин бекитүү жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 28-мартындагы № 207 “Жашыруун мүнөздөгү иш жана жашыруун иш кагаздарын жүргүзүү үчүн кызмат маяналарына проценттик үстөктөрдү төлөөнүн тартиби жана шарттары жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу” (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 2-майындагы № 238 “Жумушу мамлекеттик сырларга байланышкан жарандардын кызмат маяналарына пайыздык үстөктү төлөө тартиби жана шарттары жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу” токтому менен күчүн жоготту).

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15 -ноябрындагы № 257 “Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин кээ бир маселелери жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 25-мартындагы №163 “2022-2024-жылдар мезгилине программалык бюджеттөөнү ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө” токтому (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 14-августундагы №404 “Программалык негизде бюджеттөө жана бюджеттик ачык-айкындуулук чөйрөсүндөгү айрым ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтому менен кучун жоготту);

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-августундагы №474 “Бюджеттик чөйрөнүн кызматкерлеринин эмгек акы төлөө шарттарын жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык

капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу" токтому ж.б.

**Иште аткарууда колдонулган аудит стандарттарын аныктоо**

Иш INTOSAI аудитинин негизги принциптерине жана шайкештик аудити үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө, атап айтканда ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы кайрадан каралган), ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2018-жылдын 19-декабрындагы № 01-26/123 жана 2021-жылдын 29 – мартындагы №01-26/56 токтомдору менен бекитилген шайкештик аудити жөнүндө колдонмого ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга ылайык келүү**

Аудиттин эл аралык стандарттары аудит тобу этикалык ченемдердин сактоосун, ошондой эле Кыргыз Республикасынын санариптик өнүктүрүү министрлигинин ишмердигинин бардык олуттуу аспекттеринде тиешелүү мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келээрине негиздүү ишеним ала тургандай аудитти пландаштырууну жана өткөрүүнү талап кылат.

**Аткарылган иштердин кыскача баяндамасы**

2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын санариптик өнүктүрүү министрлигинин жана анын ведомстволук уюмдарында бюджетинин аткарылышынын шайкеш жана жетиштүү далилдерин алуу үчүн аудитордук максаттарга жетишүү максатында төмөнкү иштер аткарылды:

- Министрликтин ишмердүүлүгү боюнча финансылык отчеттуулукту, бухгалтердик эсепти жана башка маалыматтарды талдоо;
- Кирешелер жана чыгашалар, бекитилген пландар, болжолдор жана алардын аткарылышы тууралуу талдоо.

Аудит Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын бекитилген программасына ылайык Кыргыз Республикасынын санариптик өнүктүрүү министрлигинин кызмат адамдары жана аткаруучу адамдары берген документтердин, материалдардын, маалыматтардын негизинде жүргүзүлдү.

"Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамынын 29-беренесине ылайык аудитке берилген документтердин, финансылык отчеттуулуктун, башка отчеттордун жана маалыматтардын толуктугу жана тууралыгы үчүн жоопкерчиликти аудит объектисинин кызмат адамдары жана аткаруучу адамдары тартат.

Документ жүгүртүүнүн чоң көлөмүнө байланыштуу, аудит тандалма негизде жүргүзүлгөн жана аудит каталарды талдоо үчүн аудитордук тобокелдик укугун өзүнө калтырат.

Аудит чогултулган аудитордук далилдер ушул отчетто баяндалган корутундулар жана сунуштар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептейт.

**Аудит мезгилинде каржылоону бөлүштүрүүчүлөр болуп, төмөндөгүлөр эсептелишкен**

- *биринчи кол коюу укугу менен:* Министр Иманов Т.О. 10.01.2022-жылдан 11.09.2023-жылга чейин, Кутнаева Н.А. 11.09.2023 – жылдан баштап азыркы учурга чейин;
- Министирдин оорун басарылары Сагымбаев А.А. 10.01.2022-жылдан 27.03.2023 жылга чейин, Айтымбетов Р.К. 27.03.2023-жылдан 11.09.2023-жылга чейин, Жумалиев Ж.Б. 16.11.2023-жылдан баштап азыркы учурга чейин, Слесарев С.П. 11.09.2023-жылдан баштап азыркы учурга чейин;
- *экинчи кол коюу укугу менен:* Бухгалтердик эсеп жана отчетттор бөлүмүнүн башчысы Утурова А.Н 10.01.2022-жылдан баштап 22.09.22 жылга чейин, Арсымканов Р.А.12.10.2022-жылдан баштап 04.12.2023 жылга чейин, башкы адис Курманбаева К.А. 10.01.2022-жылдан баштап 27.02.2024 жылга чейин, финансы-экономикалык пландоо башкармалыгын начальниги Маматов Н.А. 27.02.2024-жылдан баштап азыркы учурга чейин; эсеп болумунун башчысы Арпачиева Ж.Ш. 27.02.2024-жылдан баштап азыркы учурга чейин.

Бул аудитти жүргүзүү учурунда Кыргыз Республикасынын санариптик өнүктүрүү министрлигине төмөнкү түзүмдүк бөлүмдөр кирет:

- Кыргыз Республикасынын санариптик өнүктүрүү министрлигинин борбордук аппараты;
- "Кыргызтелеком" ААК;
- "ТУК Дастан"ААК;
- "Альфа Телеком"ЖАК;
- "Евразиялык сактык банкы"ААК;
- "Кыргыз почтасы" ААК;
- "Инфоком" МИ;
- "Түндүк" МИ;
- "Байланыш тармагын жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматы";
- "Атайын байланыш кызматы" МИ;
- ДИАБ «Casa» Digital»
- Калкты жана жарандык абалдын актыларын каттоо департаменти;
- Архив кызматы.

**Корутунду**

Аудит тарабынан жүргүзүлгөн иштердин жыйынтыгында бюджеттик каражаттарды жана атайын эсептин каражаттарын пайдалануу Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинде жана анын ведомстволук уюмдарында төмөндө баяндалган айрым жагдайларды кошпогондо, жалпысынан бардык олуттуу аспекттерде мыйзамдын талаптарына шайкеш келери аныкталды.

**Аудит объектисинин кыскача мүнөздөмөсү**

Кыргыз Республикасынын санариптик өнүктүрүү министрлигинин жобосу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдагы 15-ноябрындагы № 257 токтому менен бекитилген.

Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги (*мындан ары* – Министрлик же КР СӨМ) санариптештирүү, электрондук башкаруу жаатында, электрондук кол тамганы пайдалануу, мамлекеттик жана муниципалдык электрондук кызмат көрсөтүүлөр, идентификациялоо системасы, санариптик технологиялардын, электр жана почта байланышынын, анын ичинде радио жана телеберүүлөрдүн (мындан ары - байланыш) бирдей жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу, калкты, жарандык абалдын актыларын каттоо, архив иши, киберкоопсуздук (Министрликтин компетенциясынын чегинде) чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты иштеп чыгуучу жана жүзөгө ашыруучу аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы болуп эсептелет *(КР Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-декабрындагы №345 токтомунун редакциясына ылайык).*

Министрлик Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечими боюнча уставдык капиталында мамлекетке таандык болгон акциялар (үлүштөр) бар чарбалык коомдордо акционердин (катышуучунун) ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырат *(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-майындагы № 250 токтомунун редакциясына ылайык).*

Министрликтин ишинин максаты болуп санариптештирүү, электрондук башкарууну өнүктүрүүнү камсыз кылуу, электрондук кол тамганы пайдалануу, мамлекеттик жана муниципалдык электрондук кызмат көрсөтүүлөр, жогорку технологиялуу маалыматтык-коммуникациялык инфратүзүмдү, идентификациялоо системасын өнүктүрүү жана камсыз кылуу, Кыргыз Республикасын санариптик өнүктүрүү үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү максатында санариптик технологиялардын бирдей жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу, мамлекеттик башкарууну санариптик трансформациялоо, ошондой эле Кыргыз Республикасын жалпы дүйнөлүк маалымат мейкиндигине интеграциялоо, электр жана почта байланышы, анын ичинде радио жана телеберүүлөр чөйрөсүндө, калкты, жарандык абалдын актыларын каттоо, архив иши, киберкоопсуздук (Министрликтин компетенциясынын чегинде) чойрөсүндө бирдиктүү мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу саналат *(КР Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-декабрындагы № 345 токтомунун редакциясына ылайык).*

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктарынын жана сунуштамаларынын аткарылышы:**

**Аныкталды/ Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүгүү министрлигинин жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн 01.01.2020-жылдан 31.12.2021-жылга чейинки мезгилдеги бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин дарегине 2022-жылдын 01 ноябрындагы № 01-23/216 жазма буйрук жана 2022-жылдын 01 ноябрындагы № 01-23 /217 сунуштама жөнөтүлгөн.

Жазма буйруктун 7 пункттун ичинен 1-пункту (1-пункт) аткарылган, 4-пункту (2, 3, 5 жана 7- пункуттары) жарым-жартылай аткарылган жана 2-пункту (4 жана 6- пункуттары) аткарылган эмес. Калыбына келтирилбеген сумманын калдыгы 28 282,6 миң сомду түзөт.

Сунуштаманын 8 пункттунун ичинен 5 пункту (2, 3, 6, 7 жана 8 пункуттары) аткарылган жана 3 пункттунун (1, 4 жана 5 пункуттары) жарым-жартылай аткарылган. Калыбына келтирилбеген сумманын калдыгы 2 106,5 миң сомду түзөт.

**Сунуштама**

Мурунку аудиттин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 02.11.2022-жылдагы №01-23/216 жазма буйругунун 2, 3, 4, 5, 6 жана 7 -пункуттары жана № 01-23/217 сунуштамасы толук аткарылсын.

**Кыргыз Республикасында санариптик инфратүзүмдү башкарууну санариптештирүү жана өнүктүрүү боюнча иш-чаралар планын аткаруу.**

**Аныкталды/ Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы №435 жарлыгы менен бекитилген 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасын ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 12-январындагы № 2-т тескемеси менен 2022-2023-жылдарга Кыргыз Республикасында санариптик инфратүзүмдү башкарууну санариптештирүү жана өнүктүрүү боюнча Иш-чаралар планы бекитилген.

2022-2023-жылдарга Иш-чаралар планында бардыгы 162 пунктчага (иш-чараларга) бөлүнгөн 94 пункт боюнча милдеттерди ишке ашыруу каралган.

Иш-чаралар планын ишке ашыруунун бүт мезгилине пландаштырылган иш-чаралардын жалпы саны ар бир календардык жылга төмөнкүдөй бөлүштүрүлгөн:

- 2022-жылда – 96 иш-чара;
- 2023-жылда – 54 иш-чара.

Аткаруу мөөнөтү 2022-2023-жылдарга (этап менен) белгиленген өтмө иш-чаралар – 7 иш-чара;

Туруктуу негизде аткарууга тийиш – 5 иш-чара;

2022-жылдын жыйынтыктары боюнча 162 иш-чаранын ичинен:

- аткарылды – 88 иш-чара;
- аткарууда – 55 иш-чара;
- мөөнөтүндө аткарылган жок – 19 иш-чара.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 12-январындагы № 2-т тескемеси менен бекитилген 2022-жылга Кыргыз Республикасында санариптик инфратүзүмдү башкарууну санариптештирүү жана өнүктүрүү боюнча Иш-чаралар планын аткаруу боюнча тийиштү чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 25-декабрындагы № 352 токтому менен бекитилген 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук программасын ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Иш-чаралар планын ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 24-мартындагы № 134-т тескемеси менен 2022-жылга Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин иш-аракеттер планы бекитилген.

Иш-аракеттер планында Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги 78 пункт боюнча иш-чараларды аткаруучу/теңаткаруучу болуп саналат, алардын ичинен:

- негизги аткаруучу – 19 пункт боюнча;
- теңаткаруучу - 59 пункт боюнча.

2022-жылдын жыйынтыктары боюнча Министрлик негизги аткаруучу болуп саналган Иш-аракеттер планынын 19 пункттун ичинен 11 пункт боюнча пландаштырылган Иш-чаралар аткарылган.

Иш-аракеттер планынын 8 пункту боюнча иш-чаралар өз мөөнөтүндө аткарылган эмес.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 24-мартындагы № 134-т тескемеси менен бекитилген 2022-жылга Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Иш-аракеттер планы аткарылган эмес. 2022-жылдын жыйынтыктары боюнча Министрлик негизги аткаруучу болуп саналган Иш-аракеттер планынын 19 пунктунун ичинен 11 пункт боюнча иш-чаралар аткарылган эмес жана 8 пункт өз мөөнөтүндө аткарылган эмес.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 24-мартындагы № 134-т тескемеси менен бекитилген 2022-жылга Иш-аракеттер планында каралган иш-чараларды өз убагында аткарууну камсыз кылбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Министрликтин борбордук аппараты боюнча**

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 6-июлундагы № 361 токтому менен “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын бирдиктүү электрондук почта системасы жөнүндө” (БЭПС) жобосу бекитилген. БЭПСтин максаты болуп мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мамлекеттик жана муниципалдык ишканалардын БЭПС аркылуу электрондук билдирүүлөр жана маалыматтар менен алмашуусун камсыздоо саналат.

Электрондук даректердин бирдиктүү стандартын пайдалануу менен аткаруу бийлик органдарына БЭПСти киргизүүнү камсыз кылуу максатында, КР СӨМгө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-

жылдын 30-апрелиндеги № 241-т тескемеси менен 40 994,8 миң сом бюджеттик каражаттар бөлүнүп берилген.

2022-жылдын августунда кызмат көрсөтүүлөрдү тандоо үчүн тендер өткөрүлгөн, бирок катышуучулар квалификациялык талаптарга ылайык келбегендиктен натыйжалары ишке ашкан жок деп таанылган. Натыйжада бөлүнүп берилген финансылык каражаттар  өз убагында өздөштүрүлгөн эмес. Ушуга тийиштүү БЭПСти ишке киргизүү боюнча долбоорду ишке ашыруу боюнча милдеттерге жана максаттарга жетишилген эмес.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 24-мартындагы № 134-т тескемеси менен бекитилген 2022-жылга иш-аракеттер планында каралган иш-чараларды өз убагында аткарууну камсыз кылбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 14-июнундагы № 29 токтому менен “Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин Санариптик инфратүзүмдү өнүктүрүү, маалыматтык технологияларды жана байланышты инновациялык өнүктүрүү фонду жөнүндө” жобо бекитилген.

Жобого ылайык, Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин Санариптик инфратүзүмдү өнүктүрүү, маалыматтык технологияларды жана байланышты инновациялык өнүктүрүү фонду (мындан ары - Фонд) санариптик трансформациялоону өнүктүрүү, Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине (мындан ары - Министрлик) жүктөлгөн милдеттерди жана функцияларды үзгүлтүксүз жана талаптагыдай аткаруу үчүн ыңгайлуу шарттарды камсыздоо максатында түзүлөт.

Фонддун түзүүнүн негизги булагы болуп, электр жана почта байланышы кызматтарын көрсөтүүчүнүн түшкөн акчасынан 0,9 пайыз өлчөмүндө байланыш тармагын өнүктүрүүгө ар жылдык төлөмдөрдүн эсебинен республикалык бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн 40 пайызы эсептелет;

Жобого ылайык Фонддун каражаттары төмөнкүлөргө пайдаланылат:

1) байланыш боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органды күтүүгө;

2) маалыматтык-коммуникациялык технологиялар жана байланыш чөйрөсүндөгү илимий-техникалык, инновациялык ишти финансылык камсыздоого, анын ичинде стандарттарды, методикаларды, колдонмолорду, стратегиялык документтерди түзүү боюнча илимий-изилдөө иштерине акы төлөөгө;

3) Министрликтин кызматкерлерин окутуу, такшалтуу жана квалификациясын жогорулатуу, анын ичинде маалыматтык-коммуникациялык технологиялар жана байланыш жаатындагы конференцияларга, семинарларга катышууга;

4) Министрликтин материалдык-техникалык жана социалдык базасын өнүктүрүүгө жана бекемдөөгө;

5) Министрликтин жамааттык келишимде каралган милдеттенмелерин аткарууга.

Фонддун каражаттарын пайдалануу боюнча чыгымдардын сметасы 50 817,8 миң сом суммасында бекитилген. Кассалык чыгымдар 49 800,9 миң сомду түздү, иш жүзүндөгү чыгымдар 48 125,3 миң сомду түздү.

Ошол эле учурда Өнүктүрүү фондунун негизги суммасы Министрликтин кызматкерлерин сыйлоого 44 241,6 миң сом, кызматкерлердин жол киреси жана тамактануусу үчүн төлөмдөргө - 723,6 миң сом же 90,3% багытталган. Министрликтин материалдык-техникалык базасын өнүктүрүүгө жана чыңдоого чыгымдар бардыгы 3 445,0 миң сом же бардыгы 6,9% жумшалган.

**Сунуштама**

Фонддун каражаттарын маалыматтык-коммуникациялык технологиялар жана байланыш чөйрөсүндө илимий-техникалык, инновациялык ишти камсыздоого пайдалануунун артыкчылыктуулугу каралсын.

**“Акылдуу шаар” долбоору**

**“Коопсуз шаар” компоненти (1-этап)**

**Аныкталды/Корутунду**

2018-жылдын 12-ноябрында Кыргыз Республикасынын Маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитети (*мындан ары* – МТБМК) менен Россия Федерациясынын “Вега” радиокурулуш концерни” АКтын (*мындан ары* – Концерн) ортосундагы мамлекеттик сатып алуулардын жыйынтыгы боюнча 2018-жылдын 12-ноябрындагы №44 жана 45 келишимдери түзүлгөн.

Аталган келишимдердин алкагында Концерн “Коопсуз шаар” долбоорун ишке ашыруунун алкагында Сертификатталган адистештирилген аппараттык-программалык комплекстерди колдонуу менен белгиленген жол кыймылынын эрежелерин бузуулар, транспорт агымы жана видеобайкоо жөнүндө комплекстүү маалыматты күнү-түнү автоматтык түрдө берүү боюнча кызматтарды көрсөтүүгө милдеттенген.

- 2018-жылдын 12-ноябрындагы №44 келишимдин шарттары төмөнкүдөй:

1. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган бардык салыктарды жана милдеттүү төлөмдөрдү эске алуу менен, Сертификатталган атайын техникалык каражаттарды колдонуу менен белгиленген Жол кыймылынын эрежелерин бузгандыгы үчүн өндүрүлгөн жана төлөнгөн 5 318 138 айып үчүн кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы 1 125 765,2 миң сомду түзөт;
2. Бир өндүрүлгөн жана төлөнгөн айыптан кызматтын наркы 211,69 сомду түзөт;
3. Келишим эксплуатацияга берилгенден баштап 5 жыл өткөнгө чейин же төлөнгөн токтомдордун 5 318 138 санына жеткенге чейин күчүндө болот.

- 2018-жылдын 12-ноябрындагы № 45 келишимдин шарттары төмөнкүдөй:

1. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган бардык салыктарды жана милдеттүү төлөмдөрдү эске алуу менен, Сертификатталган атайын техникалык каражаттарды колдонуу менен белгиленген Жол кыймылынын эрежелерин бузгандыгы үчүн өндүрүлгөн жана төлөнгөн 5 318 138 айып үчүн кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы 1 195 575,7 миң сомду түзөт;

2. Бир өндүрүлгөн жана төлөнгөн айыптан кызматтын наркы 224,81 сомду түзөт;

3. Келишим эксплуатацияга берилгенден баштап 5 жыл өткөнгө чейин же төлөнгөн токтомдордун 5 318 138 санына жеткенге чейин күчүндө болот.

Келишимдерде (2.3-пункт) көрсөтүлгөн жалпы наркка иштин бардык түрлөрү үчүн, анын ичинде Сертификатталган адистештирилген техникалык каражаттарды долбоорлоо, жеткирүү, орнотуу/монтаждоо, тейлөө үчүн акы төлөө, сертификатталнган адистештирилген техникалык, материалдарды, куралдарды жүктөөгө, түшүрүүгө, жеткирүүгө, тейлөөгө, уруксат берүүчү документтерди алууга жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган бардык салыктарды жана милдеттүү төлөмдөрдү төлөөгө чыгымдар кирет.

2018-жылдын 12-ноябрындагы № 44 жана 45 келишимдердин (6.3.1 жана 6.3.12-пункт) шарттарына ылайык Концерн төмөнкүлөргө милдеттендирилген:

- ушул келишимдердин алкагында кызматтарды көрсөтүү үчүн зарыл болгон бардык чыгымдарды, анын ичинде келишимдердин предмети менен байланышкан уюштуруу, даярдоо, окутуу, эксплуатациялык иш-чараларга кеткен чыгымдарды, ошондой эле транспорттук, иш сапарларына чыгымдарды, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык салыктык жана башка милдеттүү төлөмдөрдү төлөөгө;

- келишимдерде белгиленген талаптарга ылайык кызмат көрсөтүү үчүн колдонулуучу техникалык жана программалык каражаттардын үзгүлтүксүз иштөө жөндөмдүүлүгүн камсыз кылууга.

“Коопсуз шаар” долбоорун ишке ашыруунун алкагында фото жана видео фиксациялоонун Адистештирилген аппараттык-программалык комплекстери 2019-жылдын 12-февралында пайдаланууга берилген.

Келишимдер боюнча милдеттенмелерди аткаруу үчүн Концерн Кыргыз Республикасынын аймагында “Вега Оперейтинг Компани” ЖЧКнын (*мындан ары* - ВОК) туунду компаниясын түзгөн, ал 2020-жылдын 20-ноябрында Концерн менен түзүлгөн агенттик келишимдин негизинде Кыргыз Республикасынын аймагында иштерди жана кызматтарды аткарууга милдеттенген. Ошол эле учурда, КР СӨМ менен ВОКтун ортосунда кандайдыр бир келишимдик мамилелер болгон эмес.

“Вега Оперейтинг Компани” ЖЧК 2021-жылдын 16-ноябрындагы №201/21 катында Концерндин ВОК алдындагы карызы 158 208,8 миң сомду түзөөрү жөнүндө Концернге жана КР СӨМгө маалымдаган. Бул жагдай кызмат көрсөтүүчүлөрдүн алдындагы кредитордук карыздын 33 717,2 миң

сомго чейин көбөйүшүнө таасирин тийгизди. Ушуга байланыштуу ВОК 2021-жылдын 18-ноябрынан баштап Концерн тарабынан чыгымдардын ордун толтурууга жана карыздардын ордун жабууга чейин көчмө АПКнын ишин токтотуу жөнүндө кабарлаган.

КР СӨМ Концерндин дарегине келишимдер боюнча милдеттенмелерди аткаруунун зарылдыгы жөнүндө доомат менен 2021-жылдын 22-ноябрындагы № 1-25/6326 катты жөнөткөн.

Концерн 2021-жылдын 6-декабрындагы № 55/П/48-8930 каты менен маалымат берген, ага ылайык келишимдерди аткарбоо Концернге көз каранды болбогон жагдайлардын натыйжасында келип чыккан жана туруктуу төлөмдү белгилөө менен келишимдерге кошумча макулдашууларды түзүү же тараптардын макулдашуусу боюнча келишимдерди бузуу жана өз ара пайдалуу шарттарда келишимди кайра түзүү маселесин кароо сунушталган.

Концерн менен ВОКтун ортосунда түзүлгөн кырдаалды жөнгө салуу, ошондой эле "Коопсуз шаар" компонентинин толук иштешин камсыз кылуу максатында КР СӨМ тарабынан бир нече жолу доомат каттары жөнөтүлгөн, ошондой эле Концерн менен бир катар кеңешмелер (ВКС) өткөрүлгөн, алар оң натыйжаларга алып келген эмес. Натыйжада, долбоор боюнча келишимдердин катышуучуларынын ортосунда соттук териштирүүлөр башталган.

Министрликтин берген маалыматтарына ылайык көчмө АПКнын токтоп туруусунан республикалык бюджетке түшпөгөн катары КР СӨМ тарабынан эсептелген жалпы сумма 219 063,6 миң сомду, анын ичинде туум - 29 248,5 миң сомду жана зыян – 189 815,0 миң сомду түзгөн. Бул сумма өткөн 2 жылда (2019-2020-жылдары) катталган өндүрүлгөн айыптардын орточо санына жана келишимдерде белгиленген кызмат көрсөтүүлөрдүн наркына жараша эсептелген.

2018-жылдын 12-ноябрындагы № 44 жана 45 келишимдер боюнча келип чыккан талаш-тартыштарды жана өз ара доомattарды жөнгө салуу максатында Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги тарабынан 2024-жылдын 12-мартында "Вега" радиокурулуш концерни" жана "Вега Оперейтинг Компани" ЖЧК менен тынчтык макулдашуулары түзүлгөн.

Аудитке 2021-жылдын 1-октябрынан 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил үчүн 2022-жылы КР СӨМ жана "Вега Оперейтинг Компани" ЖЧК ортосунда кол коюлган көрсөтүлгөн кызматтардын актылары (тиркеме №4) 2018-жылдын 12-ноябрындагы №44 жана 45 келишимдердин шарттарына ылайык көрсөтүлөт. Актыларга ылайык "Вега Оперейтинг Компани" ЖЧК тарабынан көрсөтүлгөн кызматтардын жалпы суммасы 258 505,9 миң сомду түздү жана "Вега Оперейтинг Компани" ЖЧКсынан көчмө АПК ишинин токтоп калуусунан кармап калуу суммасы (2021-жылдын 18-ноябрынан 2022-жылдын 22-сентябрына чейин) 219 063,5 миң сомду, анын ичинде туум - 29 248,5 миң сом жана зыян - 189 815,0 миң сом.

2022-жылга КР СӨМдүн эсептөөсү боюнча "Вега Оперейтинг Компани" ЖЧК тарабынан көрсөтүлгөн кызмат катары 151 330,1 миң сом өлчөмүндө сумма таанылган. Ошол эле учурда көчмө АПК иштебей турган мезгилде

“Вега Оперейтинг Компани” ЖЧКдан 144 300,8 миң сом сумма алынган, анын ичинде туум – 21 366,6 миң сом жана зыян – 122 934,2 миң сом (2021-жылдын 4-кварталы үчүн, 2022-жылдын 1 жана 2-кварталдары үчүн). 2022-жылдын 1-июлуна “Вега Оперейтинг Компани” ЖЧКнын алдындагы кредитордук карыз 7 029,3 миң сомду түзгөн, ал 2022-жылдын декабрында бюджеттик каражаттардын (“Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу” 2215 беренеси боюнча) эсебинен "Вега Оперейтинг Компани" ЖЧКнын алыш-бериш эсебине которуу аркылуу жабылган.

Министрликтин берген маалыматтарына ылайык, аталган компоненттин алкагында 2019-2022-жылдар үчүн Концерндин жана ВОКтун алыш-бериш эсептерине бардыгы – 456 193,3 миң сом которулган (анын ичинде 2022- жылы - 7 029,3 миң сом), анын ичинде:

1. Концернге - 449 164,0 миң сом;
2. ВОКко - 7 029,3 миң сом.

Долбоор боюнча республикалык бюджетке келип түшкөн айыптардын жалпы суммасы 2019-2022-жылдар үчүн 2 548 950,6 миң сомду түздү (анын ичинде 2022-жылы - 548 622,6 миң сом).

**Сунуштама**

“Акылдуу шаар” долбоорунун “Коопсуз шаар” компонентин ишке ашыруунун алкагында фото жана видео фиксациялоонун адистештирилген аппараттык-программалык комплекстеринин туруктуу иштеши камсыз кылынсын.

**“Коопсуз шаар” компоненти (2-этап)**

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитети менен «Shenzhen Sunwin Intelligent Co., Ltd. (Китай Эл Республикасы) компаниясынын ортосундагы мамлекеттик сатып алуулардын жыйынтыгы боюнча 2019-жылдын 8-октябрындагы №43 мамлекеттик сатып алуулар келишими түзүлгөн.

Бул келишимдин алкагында аткаруучу “Акылдуу шаар” долбоорунун “Коопсуз шаар” компонентин ишке ашыруунун алкагында фото жана видео жазуулардын Сертификатталган адистештирилген аппараттык-программалык комплекстерди колдонуу менен белгиленген жол кыймылынын эрежелерин бузуулар, транспорт агымы жана видеобайкоо жөнүндө комплекстүү маалыматты күнү-түнү автоматтык түрдө берүү боюнча кызматтарды көрсөтүүгө милдеттенген. Компоненттин ишке ашыруу мөөнөтү 5 жыл деп белгиленген.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган бардык салыктарды жана милдеттүү төлөмдөрдү эске алуу менен, Сертификатталган атайын техникалык каражаттарды колдонуу менен белгиленген Жол кыймылынын эрежелерин бузгандыгы үчүн өндүрүлгөн жана төлөнгөн 24 132 354 айып үчүн кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы 2 654 558,9 миң сомду түзөт;

Долбоордун экинчи этабын ишке ашыруунун алкагында аппараттык-программалык комплекстер (АПК) менен төмөнкү участоктордо 306 түйүндү (266 стационардык жана 40 көчмө) камтуу пландаштырылган:

а) Бишкек – Балыкчы - Чолпон-Ата - Каракол (жайгаштыруунун саны: 43 ылдамдыкты өлчөөчү комплекс, 5 көчмө АПК);

б) Бишкек – Нарын - Торугарт (жайгаштыруунун саны: 33 (*анын ичинен* Токмок шаарындагы 6 кесилиште жана Кант шаарындагы 3 кесилишке, *24 ылдамдыкты өлчөөчү комплекс*), 10 көчмө АПК)

в) Кара-Балта - Жалал-Абад; (жайгаштыруунун саны: 57 (*анын ичинен* Жалал-Абад шаарындагы 12 кесилишке жана Кара-Балта шаарындагы 5 кесилишке *40 ылдамдыкты өлчөөчү комплекс*), 5 көчмө АПК);

г) Жалал-Абад – Өзгөн - Ош (жайгаштыруунун саны: 19 ылдамдыкты өлчөөчү комплекс жана 5 көчмө АПК);

д) Ош – Сарыташ - Иркештам (Ош шаарын кошкондо) (жайгаштыруунун саны: 47 (*анын ичинен 35и Ош шаарында*, 12 ылдамдыкты өлчөөчү комплекс), 10 көчмө АПК);

е) Суусамыр – Талас - Тараз (жайгаштыруунун саны: 9 ылдамдыкты өлчөөчү комплекс);

ж) Ош – Баткен - Исфана (жайгаштыруунун саны: 14 ыдамдыкты өлчөөчү комплекс, 5 көчмө АПК);

з) Бишкек шаарында, жайгаштыруунун саны: 44 АПК.

КР СӨМгө берилген маалыматка ылайык бүгүнкү күнгө карата 266 стационардык АПКнын ичинен 194 АПК орнотулган.

- Бишкек шаары боюнча шаардын 19 көчө-кесилишинде таянычтар жана аппараттык-программалык комплекстер орнотулуп, пайдубалдын жана кудуктардын курулушу аяктады, ошондой эле 4 кесилишке өткөрмө түтүктөр төшөлдү, 6 кесилиште бургулоо иштери менен өткөрмө түтүктөрдү төшөө иштери аяктады, 2 кесилиште жабдууларды жөнгө салуу аяктады.

- Чүй облусу боюнча пайдубалдардын жана кудуктардын курулушу аяктады, ошондой эле 15 участокто өткөрмө түтүктөр төшөлдү, 11 участокто тирөөчтөрдү жана АПКларды орнотуу иштери аяктады.

- Нарын облусу боюнча пайдубалдардын жана кудуктардын курулушу аяктады, ошондой эле төмөнкү 11 участокко өткөрмө түтүктөр төшөлдү, 11 участокто таянычтарды жана аппараттык-программалык комплекстерди орнотуу аяктады.

- Ысык-Көл облусу боюнча пайдубалдын жана кудуктардын курулушу аяктады, ошондой эле 34 участокко өткөрмө түтүк төшөлдү, 34 участокто тирөөчтөрдү жана АПКны орнотуу иштери аяктады.

- Ош облусу боюнча пайдубалдын жана кудуктардын курулушу аяктады, ошондой эле 34 участокто өткөрмө түтүктөр төшөлүп, 34 участокто тирөөчтөрдү жана АПКны орнотуу иштери аяктады.

- Ош шаары боюнча пайдубалдын жана кудуктардын курулушу аяктады, ошондой эле 35 кесилишке өткөрмө түтүк төшөлдү, 30 участокко таянычтарды жана АПКны орнотуу аяктады.

- Жалал-Абад облусу боюнча пайдубалдын жана кудуктардын курулушу аяктады, ошондой эле 23 кесилишке өткөрмо түтүк төшөлдү, 23 участокто таянычтарды жана АПКны орнотуу аяктады.

- Жалал-Абад шаары боюнча 12 кесилишке таяныч менен АПК орнотулуп бүттү.

- Талас облусу боюнча 9 АПК орнотулду, бардык иштер аяктады.

- Баткен облусу боюнча пайдубалдын жана кудуктардын курулушу аяктады, ошондой эле 11 кесилишке өткөрмө түтүк төшөлдү, 11 участокко таянычтарды жана АПКны орнотуу аяктады.

"Коопсуз шаар" долбоорунун экинчи этабын андан ары ишке ашыруунун мөөнөттөрү тараптар тарабынан каралган жана 2020-жылдын 4-ноябрында № 1 кошумча келишими 2019-жылдын 8-октябрындагы № 43 мамлекеттик сатып алуулар келишимин аткарунун мөөнөттөрүн 2020-жылдын 27-октябрындагы № 01-2/602 түзүлгөн келишимдин шарттарын өз убагында аткаруу мүмкүн эместигине алып келген форс-мажордук жагдайларды күбөлөндүрүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Соода-өнөр жай палатасынын сертификатынын негизинде кол коюлган күндөн тартып 226 күнгө колдонулуучу "Акылдуу шаар" (2-этап) долбоорунун "Коопсуз шаар" компонентин ишке ашыруунун алкагында фото жана видео жазуулардын сертификатталган адистештирилген аппараттык-программалык комплекстерин колдонуу менен белгиленген жол кыймылынын эрежелерин бузуулар, транспорт агымы жана видеобайкоолор жөнүндө комплекстүү маалыматты күнү-түнү автоматтык түрдө берүү кызматтарын көрсөтүүнү узартуу бөлүгү боюнча түзүлгөн.

Негизги келишимге № 1 кошумча макулдашуусу боюнча "Коопсуз шаар" долбоорунун экинчи этабынын алкагында милдеттенмелерди аткаруунун мөөнөтү 2021-жылдын 18-июнунда аяктады. Бирок, № 1 кошумча макулдашууда көрсөтүлгөн мөөнөттө аткаруучу тарабынан АПКны жана видеобайкоо системаларын жеткирүү, монтаждоо, орнотуу жана өндүрүштүк эксплуатацияга киргизүү боюнча иштер аяктаган эмес.

Андан ары, Министрлик менен Shenzhen Sunwin Intelligent Co., Ltd компаниясынын ортосунда 2021-жылдын 16-июнундагы № 2 кошумча макулдашуусу түзүлгөн, ал келишимге 2021-жылдын 16-июнунан тартып 2022-жылдын 10-мартына чейин аппараттык-программалык комплекстерди жана видеобайкоо системаларын жеткирүү, монтаждоо, орнотуу жана өнөр жайлык пайдаланууга киргизүү мөөнөтүн 268 календардык күнгө узартуу бөлүгү боюнча кошумча түзүлдү.

2019-жылдын 18-октябрындагы № 43 мамлекеттик сатып алуулар келишимине 2021-жылдын 16-июнундагы № 2 кошумча макулдашуунун 2-пунктуна ылайык, аткаруучу 2021-жылдын 10-июлунан кечиктирбестен заказчыга келишимдин жалпы суммасынын 10% өлчөмүндө кепилдик камсыздоосун банктык кепилдик жана 1 978 853,0 миң сом суммасындагы антидемпинг чаралары боюнча банктык кепилдик түрүндө бериши керек

болчу. Бирок, банк кепилдиктери ар кандай шылтоолор менен аткаруучу тарабынан берилген эмес.

2022-жылдын 23-мартындагы № 43 доо арызы менен Министрлик Бишкек шаарынын Ленин райондук сотуна Shenzhen Sunwin Intelligent Co., Ltd компаниясын келишим боюнча, анын ичинде келишимди жана антидемпинг чараларын аткарууну кепилдик менен камсыз кылуу бөлүгүндө милдеттендирүү боюнча кайрылган.

2022-жылдын 29-сентябрында Бишкек шаарынын Ленин райондук сотунун чечими менен КР СӨМдүн доо арызын канааттандыруу боюнча чечим Shenzhen Sunwin Intelligent Co., Ltd. компаниясы тарабынан милдеттенмени аткарууга көндүрүү жөнүндө кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин Shenzhen Sunwin Intelligent Co., компаниясын 2019-жылдын 8-октябрындагы № 43 мамлекеттик сатып алуулар келишимине 2021-жылдын 16-июнундагы № 2 кошумча макулдашуусу боюнча милдеттенмелерин аткаруусу үчүн Ltd.Shenzhen Sunwin Intelligent Co., Ltd. (үчүнчү жак: «Шень Чжень Сайвей» жоопкерчилиги чектелген акционердик коомунун филиалынын (ЖЧАКФ)) компаниясын милдеттендирүү жөнүндө доо арызы боюнча, тактап айтканда Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине келишимдин жалпы суммасынан банк кепилдиги жана антидемпинг чаралары боюнча банк кепилдиктери түрүндө келишимди аткарууну жалпы суммасынан 10 % өлчөмүндө кепилдикте камсыздоону берүүсү белгиленген.

Бишкек шаарынын Ленин райондук сотунун 2022-жылдын 29-сентябрындагы чечими менен Министрликтин доо арызы канааттандырылган.

Бишкек шаардык сотунун 2023-жылдын 12-июнундагы аныктамасы менен Бишкек шаарынын Ленин райондук сотунун 2022-жылдын 29-сентябрындагы чечими өзгөртүүсүз калтырылган, ал эми аппеляциялык даттанууну канааттандыруудан баш тартылган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун токтому менен Бишкек шаарынын Ленин райондук сотунун 2022-жылдын 29-сентябрындагы чечими жана Бишкек шаардык сотунун 2023-жылдын 12-июнундагы аныктамасы күчүндө калтырылган.

Андан тышкары, ушул доо арыздын алкагында Бишкек шаарынын Ленин райондук сотунун 2022-жылдын 29-июлундагы аныктамасы менен аппараттык-программалык комплекстерди жана сервердик жабдууларды орнотууга камак салынган. Бүгүнкү күндө бул аныктама Бишкек шаарынын Биринчи Май районунун сот аткаруучулары тарабынан аткарылды жана мүлкү камакка алынды.

ФА ОсОО “Шень Чжень Сайвей” жоопкерчилиги чектелген акционердик коомунун филиалынын (ЖЧАКФ) Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине карата тосмо доо арызы боюнча кошумча макулдашуу түзүү жана төлөнгөн мамлекеттик алымды өндүрүү жолу менен келишимдин шарттарын өзгөртүү жөнүндө белгиленген.

2024-жылдын 13-мартында Бишкек шаарынын Биринчи Май районунун соту “Шень Чжень Сайвей” жоопкерчилиги чектелген акционердик коомунун филиалынын (ЖЧАКФ) тосмо доо арызын кароосуз калтырган. Ошол эле учурда аппеляциялык даттануу түшкөн эмес.

**Сунуштама**

“Акылдуу шаар” долбоорунун “Коопсуз шаар” компонентин (2-этап) ишке ашыруунун алкагында Shenzhen Sunwin Intelligent Co., Ltd компаниясы менен кызматташууну улантуунун келечегинин маселеси каралсын.

**2022-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 1-июлуна чейинки мезгил аралыгына карата “Альфа Телеком” ЖАКнын ишине шайкештик аудит боюнча**

**Аныкталды/Корутунду**

“Альфа Телеком” ЖАКында 31.12.2022-жылга карата отчет боюнча мурдатан сатылып алынган, бирок өндүрүш процессинде узак убакыт бою пайдаланылбаган жана эч жерде колдонулбаган жабдуулар жана ТМБ баардыгы **470 888,1 миң** сомго саналат, анын ичинде 2122 эсеп боюнча – 396 055,8 миң сомдук жабдуулар, 1623 эсеп боюнча – 74 832,3 миң сомдук товардык-материалдык баалуулуктар.

Новопокровка - 2 кампасында 396 055,8 миң сом суммасындагы жабдуулар 10 жылдан ашык убакыттан бери соттук териштирүү жүрүп жаткандыгына байланыштуу кампада турган, анын натыйжасында жабдуулардын баасы жылдан жылга түшүп, моралдык жактан эскирген, мындан тышкары, 74 832,3 миң сом суммасындагы ТМБ ушул кампада колдонулбай узак мөөнөттөн бери жатат, натыйжада, компания бул баалуулуктарды кампада кармаганы менен эч кандай пайдаланууга жарабай калган.

Мындан тышкары, бул керексиз жабдууларды жана ТМБны кампаларда сактоо үчүн компания ижара акысына 137 332,8 миң сом төлөгөн.

**Сунуштама**

Жабдууларды жана ТМБ техникалык - экономикалык негиздеменин негизинде Санариптик өнүктүрүү министрлиги менен макулдашып, бул жабдууларды жок кылуу наркын эсептеп, андан кийин эсептен чыгарылсын.

Каражаттарды сарамжалдуу жана натыйжалуу пайдалануу максатында, пайдасы жок жабдууларды жок кылып, Компаниянын кампаларга болгон чыгымдары азайтылсын.

**Аныкталды/Корутунду**

2022-жылдын 18-октябрында “Альфа-Телеком” ЖАКынын түзүмү жана штаттык бирдиги негизсиз өзгөртүлгөн жана 65 штаттык бирдикке көбөйтүлгөн, финансы боюнча 2 Дирекция жана Административдик дирекция түзүлгөн. Штаттык бирдиктердин көбөйгөндүгүнө байланыштуу эмгек акы боюнча чыгашалар 2022-жылдын октябрь айынан тартып аягына чейин киреше салыгынын суммасын жана Кыргыз Республикасынын Социалдык

фондуна төгүмдөрдү эсепке албастан 10 662,6 миң сомго көбөйгөн. Киреше салыгы жана социалдык фондго төлөмдөрү 2 026,2 мин сомго көбөйгөн.

2022-жылдын 18-октябрында "Альфа-Телеком" ЖАКынын түзүмүнүн жана штаттык бирдигинин өзгөрүүсүнө байланыштуу, эмгек акы фондусу 12 688,8 миң сомго көбөйгөн. Негизсиз штаттык бирдиктердин өсүшү, эмгек акы фондусунун өсүшүнө алып келет. Негизсиз чыгымдардын өсүшү таза пайданын аз түшүүсүнө жана дивидендддерди аз төлөөгө алып келет.

**Сунуштама**

Компаниянын негизсиз чыгымдарды көбөйткөн бардык иш аракеттери токтотулсун.

**Аныкталды/Корутунду**

30.12.2022-жылдагы бекитилген штаттык бирдик боюнча Коммерциялык дирекцияга караштуу 31 штаттык бирдиктен турган сатуу бөлүмү бар, бирок 2023-жылы апрель айында Коммерциялык дирекциянын орун басары Э.Т. Тамамбаеванын демилгеси менен сатуу бөлүмүнөн башка, Компаниянын продукциясын жана кызматын түз сатуу топтору түзүлгөн. Түз сатуу топтору башкы директордун буйругунун негизинде штатка март айында киргизилген. Бул түз сатуу топтору Коммерциялык директордун орун басарына түздөн-түз баш ийген. Бул топ 6-штаттык бирдиктен турат. Түз сатуу тобу сатуу бөлүмүнүн жумуштарын кайталайт. "Түз сатуулардын тобу" түрүндөгү кошумча түзүмдүн түзүлүшүнөн улам Компаниянын чыгымдары көбөйгөн: жаңы кызматкерлердин эмгек акысы, социалдык фондго чегерүүлөр, транспорттук чыгым.

Түз сатуу тобун түзүү зарылдыгы боюнча талдоонун жоктугу, топтун иштөөсү үчүн бекитилген жоболордун жоктугу Компаниянын чыгашаларын **788,4 миң сом** суммасына көбөйткөн (кызматкерлердин эмгек акысы-657,1 миң сом, Социалдык фонду - 113,3 миң сом жана транспорттук чыгым -18,0 миң сом) .

**Сунуштама**

Коомдун түзүмүн жана штаттын бирдигин негизсиз, талдоосуз өзгөртүү жүргүзүлбөсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

2023-жылдын апрель айына Компания көрсөткөн кызмат үчүн (774840-SMS билдирүүлөр), 2023-жылдын майында (308431- SMS билдирүүлөр) бухгалтердик эсеп бөлүмүнүн берген маалыматтары боюнча апрель май айларына көрсөтүлгөн кызмат үчүн "Риторика ЛТД"ге 500,0 миң АКШ долларына эсеп-фактура коюлган эмес деп, салыштыруу актысын көрсөтүшкөн.

"Альфа Телеком" ЖАКнын алдындагы "Риторика ЛТД"нын дебитордук карызы 500,0 миң АКШ долларын түзөт. "Альфа Телеком" ЖАКы тарабынан "Риторика ЛТД"нын дарегине 10.05.2023-жылы чыгуу №01-04/1250 кат жиберилген жана бул катта 2023-жылдын апрель жана май айлары үчүн кызмат көрсөтүлгөндүгү үчүн төлөмдү 2023-жылга чейин жүзөгө ашыруу зарылдыгы жөнүндө билдирүү жөнөтүлгөн. Бирок, 2023-жылдын 17-

майына чейин көрсөтүлгөн мезгилдер үчүн 2023-жылдын апрель айына жана 2023-жылдын май айына “Риторика ЛТД” тарабынан алдын ала төлөм жүргүзүлбөгөндүктөн, “Альфа Телеком” ЖАКы 17.05.2023-жылы чыгыш №01-04/1297 катынын негизинде, келишимде көрсөтүлгөн пункттардын бузулушуна байланыштуу кызмат көрсөтүүнү токтотууну билдирген. 2023-жылдын 28-майынан баштап “Альфа Телеком” ЖАКы 09.02.2023-жылдагы “Риторика ЛТД” компаниясы менен келишимди токтотуу жөнүндө билдирүү жөнөткөн.

Жогоруда жазылгандарга байланыштуу, “Альфа Телеком” ЖАКы 2023-жылдын 28-майынан тартып “Риторика Лтд” компаниясы менен кызмат көрсөтүүнү бир тараптуу токтоткон.

Аудит жүргүзүү учурунда “Альфа Телеком" ЖАКсынын 1с программасынан “Риторика ЛТД“ коюлган эсеп фактурасы жөнүндөгү салыштыруу актысы алынган. Салыштыруу актысынын негизинде, “Альфа Телеком" ЖАКы апрель жана май айлары үчүн “Риторика ЛТД” компаниясына эсеп фактурасын 30.05.2023-жылы коюлгандыгы аудитке маалым болду.

Эл аралык “A2P билдирүү” кызматы үчүн компаниянын кирешесинин жоготуусу 2 айдын ичинде 500,0 миң долларды түзөт. Мындан тышкары, 09.02.2023-жылдагы келишимдин 3,6-пунктуна ылайык, кечиктирилген төлөм учурунда Оператор ар бир кечиктирилген күн үчүн мөөнөтү өткөн сумманын 0,6% өлчөмүндө “Риторика ЛТД”га үстөк айып (туум) чегерет. Эсептешүү үстөгү боюнча компаниянын жоготуулары 120,0 миң долларды түзөт (апрель 250,0х0,6%=1500, 1500х30=45,0 миң АКШ доллары, май үчүн 500х0,6%= 3000х25=75,0 миң АКШ доллары).

Ошентип, “Альфа Телеком” ЖАКтын дебитордук карызын жашыруу 500,0 миң доллар, ал эми туум 120 миң доллар түзөт.

**Сунуштама**

1. Бухгалтердик эсеп боюнча “Риторика ЛТД” боюнча 500,0 миң АКШ доллары суммасындагы дебитордук карызын чагылдырылсын.

2. Негизги карыз - 500,0 миң долларын жана убагында төлөбөгөндүгү үчүн 120 миң доллары туум “Риторика ЛТД” тарабынан келишимге ылайык төлөтүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

“Альфа Телеком” ЖАК аудит жүргүзүү мезгилинде жарнама илүүгө такталарды ижарага алган. Аудит аныкталдай, “Альфа Телеком” ЖАКы жеке ишкер Б.Р. Беделовдун 2021-жылдын 31-декабрынан 2022-жылдын 31-декабрына чейин жарнама илүүчү тактасын ижарага алган. Жеке ишкердин жарнама илүүчү тактасынын өзгөчүлүгү - ал түндө күйүп, жарык берген жана ушул тактайда мобилдик телефондорду зарядкалоого мүмкүнчүлүк болгон. Жарнама берүүчү тактайдын ээси жеке ишкер Беделов Б.Р. келишимде көрсөтүлгөн кызмат көрсөтүүлөрдү толук бойдон аткарган эмес, ушул себептен келишимдин 2.2, 2.3, жана 2.4-пункттары бузулган. Жарнама илинүүчү конструкцияларды колдонгондугу үчүн, айына ар бирине 6,0 миң

сомдон төлөнүп турган, 25 конструкцияга 150,0 миң сом төлөнгөн. Компания келишимде көрсөтүлгөн кызматтарды толук ала алган эмес, ошондой болсо дагы 2023-жылдын февралына чейин ижара акысы төлөнгөн. Бул Компания тарабынан каражатты натыйжасыз, рационалдуу эмес колдонуу болгон. 2022-жылы натыйжасыз, рационалдуу эмес колдонуу - 1 800,0 миң сомду, 2023-жылы 100,0 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама**

“Альфа Телеком” ЖАКы келишим түзгөндөн кийин келишимде көрсөтүлгөн милдеттердин так аткарылышы көзөмөлдөнсүн. Компаниянын каражатын натыйжасыз колдонууга жол берген жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/Корутунду**

2022-жылы жалпы топтолгон таза пайда 1 596 447,2 миң сомду түзгөн, анын ичинде “Кыргыз мобайл компании” ААКнын акционерлеринин 2022-жылдын ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы боюнча жылдык чогулушунда 2022-жыл үчүн таза пайданын өлчөмү 22 493,6 миң сом өлчөмүндө бекитилген жана таза пайданын 25% дивиденди төлөөгө багытталган, бул сумма 5 623,4 миң сомду түзөт. “Альфа Телеком” ЖАКнын дивидендге төлөгөнгө 25% же 399 110,6 миң сомду түзгөн. Бирок, баардык дивиденддин суммасын “Альфа Телеком” ЖАКы өзүнүн эсебинен Мамлекеттик мүлк фондунун эсебине которуп берген.

**Сунуштама**

Дивиденд үчүн төлөнгөн 5 623,4 миң сом “Альфа Телеком” ЖАКнын эсебине “Кыргыз мобайл компани” ААК тарабынан төлөнүп берилсин.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы №366 буйругу менен бекитилген “Автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу майларды чыгымдоонун линиялык ченемдерин колдонуу жана аларды эсептөө ыкмасынын Эрежелерин” бузуу менен аудит мезгил аралыгында күйүүчү-майлоочу материалдарды эсептен чыгаруу боюнча 2022-жылы - 155,0 миң сомго 2 475 литр жана 2023-жылдын 1 жарым жылдыгында - 19,9 миң сомго 343 литр, жалпысынан 174,9 миң сомго 2 818 литр ченемден ашыкча чыгымдалган.

**Сунуштама**

2022-жылы - 155,0 миң сомго 2 475 литр жана 2023-жылдын 1 жарым жылдыгында - 19,9 миң сомго 343 литр, жалпысынан **174,9 миң сомго** 2 818 литр ченемден ашыкча чыгымдалган күйүүчү майлар жооптуу кызматкерлердин эсебинен калыбына келтирилсин.

**Аныкталды/Корутунду**

Сатып алуучу уюм, региондорго тизме боюнча жаңы базалык станцияларды курууну каражат бөлүү зарылчылыгы жөнүндө кызматтык каттардын негизинде, “Альфа Телеком” ЖАКнын башкы директорунун буйругу берилип, бирок курулуш иштери боюнча иш пландарды, долбоорлук-

сметалык документтерди, долбоордук-техникалык чечимдер боюнча мамлекеттик экспертизаларды, чиймелерди, эскиздерди жана болжолдуу алдын ала смета чыгымдарын иштеп чыгышпастан 319 182,7 миң сомго (Мыйзам боюнча (2015-жылдын 3-апрелиндеги № 72) - **272 737,5 миң** сом, ички эреже боюнча 46 445,2 миң сом) курулуш иштерине болжолдуу (эсеби жок) конкурс жарыялашып, каражаттарды пайдалануунун үнөмдүүлүгүн жана натыйжалуулугун камсыз кылуу принциптери максатына жеткен эмес.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу" токтомунун талаптары сакталсын.

**Аныкталды/Корутунду**

"Альфа телеком" ЖАКу менен "Лоджик" ААК ортосунда 2021-жылдын 26-апрелинде HPE 3PAR StoreServ 7200c диск массивине техникалык колдоо көрсөтүү боюнча 6 296,1 миң сомго №007-ит келишимин түзгөн, 2021-жылдын 31-майында HPE 3PAR StoreServ 7200 диск массивине техникалык колдоо көрсөтүү боюнча 6 624,9 миң сомго №012-ит келишимин түзгөн жана 2022-жылдын 1-сентябрында HPE 3PAR StoreServ 8450 диск массивине техникалык колдоо көрсөтүү боюнча 10 473,9 миң сомго №030-ит келишимин түзгөн.

Жогорудагы түзүлгөн келишимдердин 1.2 пунктунда ылайык 1-тиркемеде төмөндөгүлөр көрсөтүлгөн.

1. Келишимдин 1-тиркемесинде көрсөтүлгөн айрым аппараттык бөлүктөрүн да, бардык жабдууларды алмаштыруу.

2. программалык камсыздоодогу бузулууларды оңдоо.

3. программалык камсыздоону өндүрүүчүнүн веб-сайтындагы жаңыртууларга, патчтарга жана жаңы микропрограммалык жаңы версияларды жүктөөгө мүмкүнчүлүк берүү.

4. Кызмат 9/5-форматында көрсөтүлөт (дүйшөмбүдөн жумага чейин).

5. Арызды чечүү үчүн зарыл болгон учурда Подрядчынын адисинин кардардын обектисине баруу.

Аудит учурунда "Альфа Телеком" ЖАКнын бухгалтериясы келишим боюнча көрсөтүлгөн кызматтардын кабыл алуу актысына ылайык HPE 3PAR StoreServ 8450 диск массивдери үчүн 1 даана өлчөмүндө жана HPE 3PAR StoreServ 7200 жана 7200c массивдери үчүн техникалык колдоо кызматтары үчүн, ай сайын төлөмдөр жүргүзүлүп турган. Белгилей кетсек, учурда 7200 жана 7200c диск массивинин техникалык колдоо келишиминин мөөнөтү бүткөн. Ошондой эле аткарылган жумуштары тууралуу түзүлгөн актыда, жогоруда көрсөтүлгөн ушул келишимдин 1.2-пунктунун милдеттенмелеринин аткарылышы боюнча тастыктоочу иш кагаздарын көрсөтүп берилген эмес, тактап айтканда, жыл ичинде IT дирекциясынан тейлөө борборуна эч кандай

суроо-талаптар болгон эмес, жаңыртуулар жүргүзүлгөн эмес жана ЖЧК “Лоджик” компаниясынын адистери келип техникалык кароо жүргүзгөн эмес.

Жүргүзүлгөн анализдерге ылайык, “Альфателеком” ЖАК ишканасында учурда 20 даана диск массивдери эксплуатацияланып жатат, анын ичинен 3 даана диск массивдери поставщик тарабынан кепилдик мөөнөтү бүтө элек, калгандарына эч кандай техникалык колдоо келишими түзүлгөн эмес жана IT дирекциясынын адистери тарабынан өз күчтөрү менен техникалык оңдоо иштери жүргүзүлүп жатат.

Белгилей кетсек, 2014-жылдын 24-ноябрындагы № 024ИТ, 2016-жылдын 12-январындагы № 003-ит, 2017-жылдын 14-июлундагы № 027-ит түзүлгөн келишимдердин 8.1-пунктуна ылайык, “Жеткирип берүүчү Сатып алуучунун бир кызматкерин Диск массивдерин– администрациялоо жана башкаруу” адистиги боюнча окутууну, тапшырган күндөн тартып бир жылдын ичинде камсыз кылууга милдеттенет”, ошондой эле “Альфа Телеком” ААКнун №775/п буйругу менен “Компьютердик технологиялар бөлүмү” жөнүндө Нускама бекитилген. Бекитилген нускамага ылайык, бөлүмдүн милдеттери:

Маалымат техналогиялык инфрастурасын үзгүлтүксүз иштөөсүн камсыз кылат, ишкананын прогаммасын камсыздоосун жана сервердик жабдууларын иштетүүдөгү бузулууларды жана аварияларды тез арада оңдоо, компюютердик технакаларды өз убагында оңдоо иштерин жүргүзүү, серведик техникаларга профилактикалык тейлөө жүргүзүү.

Аудиттин жүрүшүндө “Альфа телеком” ЖАК, “Лоджик” ААКнун аткарган иштери боюнча тастыктоочу иш кагаздарын көрсөтө алган жок (диск массивдерин чыгарган заводго кайрылуулар сайтынан жүктөлгөн жаңылоолору жок).

Ошондо, аудит мезгил аралыгында “Альфа телеком” ЖАК жогорудагы көрсөтүлгөн келишимдердин негизинде **13587,3 миң** сомдук каражаттарды сарамжалсыз пайдаланышкан.

**Сунуштама**

Компаниянын каражаттарын сарамжалдуу пайдалануу үчүн техникалык колдоо көрсөтүү үчүн башка компанияларды тартуу зарылчылыгы жөнүндө талдоо жүргүзүүнү сунуштайбыз. Техникалык колдоо жөнүндө макулдашуулар түзүлгөн учурда, аткарылган кызматтарды кабыл алууда кабыл алуу-өткөрүп берүү актыларында түзүлгөн макулдашууларда көрсөтүлгөн талаптар чагылдырылсын.

**Аныкталды/Корутунду**

“Альфа Телеком” ЖАКы менен “Байланыш технологиясы” ЖЧКсы ортосунда 16.03.2021-жылдан тартып “байланышта” кызматын көрсөтүү жөнүндө №040-к келишими түзүлгөн жана Тараптардын бири токтотулган учурга чейин иштейт. Келишимге ылайык, сервистин наркы – кызматты пайдалангандыгы үчүн күнүмдүк абоненттик төлөм 1,22 сомду салык ичинде (КНС,СС) жана “Байланыш технологиясы” ЖЧК провайдердик кызматтарын көрсөткөндүгү үчүн сый акынын 30%ын түзөт, же көрсөтүлгөн кызмат үчүн күнүнө 0,31 сомго КНС жана СС сырткары.

2022-жылы контрагент тарапка бул кызмат боюнча 27 606,7 миң сом төлөнгөн, 2023-жылдын жарым жылдыгы үчүн 17 311,9 миң сом төлөнгөн.

Техникалык өзгөчөлүктүн кызматын толук изилдөөдө “Альфа Телеком” ЖАКынын бардык абоненттери үчүн акысыз көрсөтүлгөн ушундай кызматы бар экени аныкталган. Кызмат өзүнө таандык жана компаниянын өзүнүн техникалык ресурстары менен камсыз кылынат.

Баардыгы болуп **44 918,6 мин сом** суммасы “Альфа Телеком “ ЖАК тарабынан сарамжалсыз колдонулган каражаты болуп эсептелет.

**Сунуштама**

“Байланышта” кызматын көрсөтүү Компаниянын өздүк ресурстары тарабынан көрсөтүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

2021-жылдын 17-декабрында “Альфа телеком” ЖАК менен “Huawei international Co. limited” компаниясы ортосунда товардык-материалдык баалуулуктарды жеткирип берүүгө №FPA1421KGZ21122710158227 сандуу келишимин түзгөн. Келишимдин 1-тиркемесинде 76 123,1 миң сомго товардык – материалдык баалуулуктарды “Альфа телеком” ЖАКнын башкы директору А.Т. Базаркулов жана техникалык директору Б.Ш. Кайыков кол коюп, макулдашкан баада “Huawei international Co. limited” компаниясына сатышкан. Ошондой эле, “ZTE Corparation” компаниясына 75 922,0 миң сомдук товардык-материалдардык баалуулуктарды “Альфа телеком” ЖАКнын башкы директору А.Т. Базаркулов жана техникалык директору Б.Ш. Кайыков кол коюп, макулдашкан баада сатышкан.

Мисалы, “ZTE Corparation” компаниясына TKM 135Ah.12V аккумлятордук батареясынын бир даанасын 18,6 миң сомдон, 32 даанасын 666,5 миң сомго саткан, ошол эле учурда, “Huawei international Co. limited” компаниясына TKM 150Ah.12Vтык аккумлятордук батареясынын бир даанасын 6,3 миң сомдон, 7 150 даанасын 50 441,9 миң сомго саткан, ошондо “ZTE Corparation” компаниясына TKM 135Ah.12Vтык аккумлятордук батареясынын бир даанасын 18,6 миң сомдон сатса, эмне үчүн “Huawei international Co. limited” компаниясына TKM 150Ah.12V аккумлятордук батареясын 6,3 миң сомго, же 12,3 миң сомго арзан саткан.

Эгерде “Huawei international Co. limited” компаниясына TKM 150Ah.12V аккумлятордук батареясын 12,3 миң сомго кымбат сатканда, компанияга эсеп менен 87 945,0 миң сомдук пайда түшмөк.

**Сунуштама**

Товардык материалдарды баалоо жана сатуу боюнча келишимдерди түзүүдө компаниянын кызыкчылыгы сакталынсын.

**Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Калкты каттоо департаменти (мындан ары – Департамент)**

**Аныкталды**

Жашыруун мүнөздөгү иши үчүн кызматчылардын айлык акысына кошулган үстөк акыны иликтегенде, 2022-жылы бюджеттик каражаттардын

эсебинен 10 кызматчыга сарпталган чыгым болгону 128,5 миң сомду түзгөн, анын ичинен:

– Департаменттин директору Н.С.Сардарбековго июнь айына 3,8 миң сом чегерилген, бул 25% түзөт;

– Департаменттин директорунун орун басары Э.К.Эсеналиевага январь айынан тартып июль айына чейин 30,7 миң сом чегерилген, бул 25% түзөт;

– Департаменттин атайын бөлүгүнүн башкы адиси А.Кадыралиевага (ал түздөн-түз жашыруун мүнөздөгү маселелер менен иштеген) январь айынан тартып декабрь айына чейин 44,4 миң сом чегерилген, бул 25% түзөт;

– Департаменттин финансы экономикалык иштер бөлүмүнүн башчысы А.К.Каракеевага январь айынан тартып май айына чейин 8,1 миң сом чегерилген, бул 10% түзөт;

– Департаменттин директорунун финансы-экономикалык ишетри бөлүмүнүн башкы адиси Р.Р. Исаевага январь айынан тартып июль айына чейин 7,0 миң сом чегерилген, бул 10% түзөт;

– Департаменттин укуктук камсыз кылуу бөлүмүнүн башчысы Т.У. Жакеевге январь айынан тартып май айына чейин 8,1 миң сом чегерилген, бул 10% түзөт;

– Департаменттин жарандык жана миграция бөлүмүнүн башчысы Н.Б. Абаковага январь айынан тартып ноябрь айына чейин 14,4 миң сом чегерилген, бул 10% түзөт;

– Департаменттин маалыматтык-суроо бөлүмүнүн башчысы А. М. Акмашаевага январь айына 1,1 миң сом чегерилген, бул 10% түзөт;

– Департаменттин укуктук камсыз кылуу бөлүмүнүн жетектөөчү адиси С.Абрасуловага январь айына 1,7 миң сом чегерилген, бул 10% түзөт;

– Департаменттин архивдик иштер боюнча бөлүм башчысы А.Осмонкулго январь айынан тартып июнь айына чейин 9,2 миң сом чегерилген, бул 10% түзөт;

**Корутунду**

Жүргүзүлгөн аудит Департаменттин атайын бөлүгүнүн башкы адиси А.Кыдыралиевадан тышкары, жогорууда көрсөтүлгөн кызматчылардын бири дагы жашыруун мүнөздөгү документтер менен иштебегендигин, анын үстүнө жогору турган органдардан жашыруун мүнөздөгү бир дагы документ келип түшпөгөндүгү жана катталбагандыгы аныкталды. Жыйынтыгында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 2-майындагы №238 токтому менен бекитилген "Жумушу мамлекеттик сырларга байланышкан жарандардын кызмат маяналарына пайыздык үстөктү төлөө тартиби жана шарттары жөнүндө" Нускаманын 1 пунктун бузуу менен Департаменттин 9 кызматчысына **84,1 миң сом** суммасындагы каражат жашыруун мүнөздөгү иши үчүн үстөк акы катары негизсиз чегерилген.

**Сунуштама**

Жашыруун мүнөздөгү иши үчүн айлык акысына үстөк акы катары акча каражатын негизсиз чегерген кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын жана мындан ары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-

жылдын 2-майындагы №238 токтому менен бекитилген “Жумушу мамлекеттик сырларга байланышкан жарандардын кызмат маяналарына пайыздык үстөктү төлөө тартиби жана шарттары жөнүндө” Нускамасы жетекчиликке алынсын.

**Аныкталды**

Департаменттин тартип жазасына тартуу комиссиясынын 2021-жылдын 11-октябрындагы №41 протоколунун негезинде, Департаменттин директору Э.К.Эсеналиеванын 2021-жылдын 4-октябрындагы №287 о/к буйругу менен 2021-жылдын 15-октябрынан тартып, Департаменттин Алай райондук жарандык актыларды жазуу, паспорттоштуруу жана калкты каттоо бөлүмүнүн башкы адиси Н.Н. Эркинбаева ээлеген кызматынан бошотулган.

Өз кезегинде, Н.Н.Эркинбаева Департаментке карата, Департаменттин буйругун жараксыз деп таануу, кызмат абалын калыбына келтирүү, ишке чыкпаган мезгили үчүн эмгек акысын өндүрүү доо арызы менен Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотуна кайрылган.

Н.Н.Эркинбаеванын доо арызын карап чыгып, Бишкек шаарынын Свердлов райондук соту тарабынан 2021-жылдын 22-декабрында Н.Н.Эркинбаеванын Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Калкты каттоо департаментине карата аталган департаменттин буйругун жараксыз деп таануу, кызмат абалын калыбына келтирүү, ишке чыкпаган мезгили үчүн эмгек акысын өндүрүү жөнүндө доо талабы канааттандырылсын деген чечим кабыл алган.

Андан тышкары, жогоруда аталган соттун чечими менен аргасыздан ишке чыкпаган мезгили үчүн Департаменттен Эркинбаева Нурзат Нурматовнанын пайдасына 88 134 сом өлчөмүндө айлык акы жана республикалык бюджеттин пайдасына 4 025 сом өлчөмүндө мамлекеттик алым өндүрүп алуу белгиленген.

Департамент Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун мындай чечими менен макул эместигин билдирип, 2022-жылдын 21-февралында Бишкек шаардык сотуна кайрылган.

Бишкек шаардык сотунун жарандык жана экономикалык иштер боюнча коллегиясы 2022-жылдын 2-мартында Департаменттин 2022-жылдын 21-февралындагы апелляциялык арызын карап чыгып, Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун 2021-жылдын 22-декабрындагы чечимин өзгөртүүсүз калтырылсын деп аныктаган.

Департаменттин директору Э. К.Эсеналиеванын апелляциялык даттануусу – канааттандыруусуз калтырылган.

Аныктамада Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна кассациялык тартипте даттанылышы мүмкүн экендиги белгиленген.

Бирок, Департаменттин жетекчилиги тарабынан Бишкек шаардык сотунун Жарандык жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегиясынын 2022-жылдын 2-мартындагы аныктамасы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна кассациялык тартипте даттанылган эмес.

**Корутунду**

Департаменттин мыйзамсыз аракеттеринен улам 2022-жылдын 30-майында Эркинбаева Нурзат Нурматовнанын пайдасына 88 134 сом өлчөмүндө айлык акы төлөнүп берилген жана республикалык бюджеттин пайдасына 4025 сом өлчөмүндө мамлекеттик алым которулган.

**Сунуштама**

1. Кызматчыларды ээлеген кызматынан бошотууда Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине жана Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызматы жөнүндө" Мыйзамынын талаптары жана тартиптери кылдат жетекчиликке алынсын.
2. Кызматчыларды кызмат орундарынан бошотуунун мыйзамдуулугун жана мыйзамсыздыгын аныктоо боюнча сот органдары аркылуу териштирүүдө, ал териштирүүдө оң чечим чыгарылбаган учурда, төмөнкү инстанциядагы сот органдарынын чечимдерине карата апелляциялык тартипте жогору турган инстанциядагы сот органдарына чейин милдеттүү түрдө даттанылсын.

**Аныкталды**

Департамент тарабынан "Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү департаменти тарабынан көрсөтүлүүчү акы төлөнүүчү кызматтардын тарифи (наркы)" иштелип чыккан жана 2022-жылдын 13-майындагы №141 буйрук менен бекитилип, ал Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы менен 2022-жылдын 15-апрелиндеги № 15 буйруктун негизинде макулдашылган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-февралындагы №83 "Мамлекет жөнгө салуучу чарбакер субъекттердин товарларына (жумуштарына, кызмат көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоонун тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтому менен бекитилген Жобонун 19-21-пункттарына ылайык мамлекет тарабынан жөнгө салынуучу чарбакер субъекттердин товарларына (кызмат көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоо тартиби жөнүндө товарлардын (жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн) наркын түзүүдө, чыгымдар беренелерин экономикалык жактан негизсиз жогорулатуу, бааларды (тарифтерди) аныктоо жана колдонуу тартибин бузууларга кирет.

Ушул Жобонун талаптарын бузуунун натыйжасында, Кыргыз Республикасынын монополияга каршы мамлекеттик органы тарабынан белгиленген жөнгө салуучу талаптардан четтөөнүн айынан алынган кирешеден акчалай өндүрүп алуу Кыргыз Республикасынын монополияга каршы мамлекеттик органынын, анын аймактык органдарынын алып коюу жөнүндө чечими тапшырылган күндөн тартып 30 күндүк мөөнөттө же Кыргыз Республикасынын монополияга каршы мамлекеттик органы белгилеген мөөнөттө республикалык бюджетке которулууга тийиш.

Бул Жобонун бузулгандыгы жөнүндө башка контролдоочу органдар тарабынан аныкталган фактылар жана ал фактылар боюнча материалдар, чечим чыгаруу үчүн монополияга каршы мамлекеттик органга жиберилет.

Департамент тарабынан көрсөтүлгөн айрым кызматтын түрлөрү боюнча, чыныгы чыгымдарды салыштырмалуу талдоодо, калькуляцияны түзүүдө ал чыгымдардын өлчөмүнүн жогорулатылгандыгын көрсөттү, анын жыйынтыгында Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Калкты каттоо департаменти тарабынан **13 188,4 миң сом суммасында** кошумча киреше алынган.

**Корутунду**

Калькуляцияны түзүүдө чыгымдардын жогорулатылгандыгына байланыштуу, айрым кызмат көрсөтүүлөрдүн түрлөрү боюнча **13 188,4 миң сом** суммасында кошумча киреше алынган.

**Сунуштама** *Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматына*

Чыныгы жүргүзүлгөн чыгымдарга карата калькуляция түзүүдө каралган чыгымдарды жогорулатуунун жыйынтыгында Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Калкты каттоо департаменти тарабынан алынган **13 188,4 миң сом суммасындагы** кошумча кирешени өндүрүүгө байланыштуу жана аны республикалык бюджетке чегерүү боюнча, КРнын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-февралындагы № 83 "Мамлекет жөнгө салуучу чарбакер субьекттердин товарларына (жумуштарына, кызмат көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоонун тартиби жөнүндө" токтому менен бекитилген жобого ылайык чечим кабыл алуу үчүн, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматына маалымат берилсин.

**Аныкталды**

Департаменттин кызматкерлеринин эмгек акысы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-мартындагы №131 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын ишин баалоо жана эмгек акы шарттары жөнүндө» токтомунун негизинде 2022-жылдын 1-августуна чейин жүргүзүлүүгө тийиш болгон.

Ал эми 2022-жылдын 1-августунан тартып Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Калкты каттоо департаментинде эмгек акыларды чегерүү жана төлөө "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын эмгек акы шарттары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 Жарлыгынын жана "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №433 токтомунун негизинде жөнгө салынууга тийиш.

Жогоруда көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун талаптарына жана шарттарына ылайык

Департаменттин кызматчыларына ай сайын материалдык сый акы төлөө каралган эмес.

Бирок ага карабастан КРнын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Калкты каттоо департаменти, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу МККнын атайын эсебинин каражаттарынан пайдалануу жөнүндө" 2011-жылдын 9-мартындагы №102 Жобону, "Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Калкты каттоо департаменти жөнүндө жобону" жана 2022-жылдын 11-февралындагы №20 "Департаменттин кызматкерлерине сый акы (материалдык дем берүү) берүү жөнүндө" Жобону, Жамааттык келишимди жетекчиликке алып, "Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Калкты каттоо департаментинин жетекчилиги тарабынан кызматчыларына сый акы (материалдык сыйлоо) жөнүндө" буйруктар чыгарылган.

Анын жыйынтыгында, Департаменттин бардык кызматчыларына материалдык сый акы түрүндө ай сайын бир айлык эмгек акы өлчөмүндө чегерилип турган.

Ошентип, КРнын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Калкты каттоо департаментинин кызматчыларынын эмгек акысына материалдык сый акы түрүндөгү үстөк акы катары төлөнгөн каражаттын суммасы **166 326,0 миң сомду** түзгөн.

Талдоо көрсөткөндөй, ай сайын бир кызматчыга чегерилген материалдык сый акынын өлчөмү орточо 18,9 миң сомду түзгөн (166326,0 миң сом түзгөн : 732 кызматчы = жылына 227,2 миң сом: 12 ай =18,9 миң сом).

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Калкты каттоо департаментинин кызматчыларына материалдык сый акы түрүндөгү төлөмдөр, «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун талаптары жана тартиптери сакталбай жүргүзүлөт. Андан тышкары, Калкты каттоо департаментинин жетекчилигинин мындай аракеттери, өзүлөрүнүн кызматкерлеринин эмгек акысын көтөрүү жана аларга дем берүү ыкмаларынын бири деп эсептесе болот.

**Сунуштама**

Кызматкерлерге эмгек акы түзүү жана чегерүү "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №433 токтомунда, белгиленген шарттарга жана тартиптерге ылайык жүргүзүлсүн.

**Аныкталды**

Аудит жүргүзүлгөн мезгилге карата Архивдик китептерди мукабалоо кызматын алууга үч жолу сынактык тоорук жүргүзүлгөн, мында жалпы

пландалган сумма 3 495,2 миң сомду түзгөн, ошол эле учурда сынактык тооруктун жеңүүчүлөрү сунуштаган сумма 2 069,6 миң сомду түзгөн, пландалган сумма менен сунушталган сумманын ортосундагы айырма 1 425,6 миң сомду түзгөн же пландалган суммадан төмөндөтүү 40,8% түзгөн.

**Корутунду**

Сынактык тоорук өткөрүүдө айрым учурларда талдоо жана мониторинг начар жүргүзүлгөндүгүнөн улам пландалган сумма сынактын катышуучулары сунуштаган суммадан бир топ жогору экендиги аныкталды.

2022-жылдын 6-июлундагы №220606333650692 "Архивдик китептерди мукабалоо кызматын алуу" сынагы боюнча: Чүй облусу боюнча сынакка пландалган сумма **257,0 миң сомду түзсө, 155,3 миң сом** суммасын сунуштаган "Арип Принт" ЖЧК жеңүүчү болуп аныкталган, мында кызмат көрсөтүүнүн жалпы наркын **60,4 пайызга же 101,7миң** сомго төмөндөтүү менен, - Талас облусу боюнча сынакка пландалган сумма **114,2 миң сомду түзсө, 90,4 миң сом** суммасын сунуштаган "Э.Д. Талипова" ЖИ жеңүүчү болуп аныкталган, мында кызмат көрсөтүүнүн жалпы наркын **20,8 пайызга же 23,8 миң** сомго төмөндөтүү менен**,**

– Бишкек ш. боюнча сынакка пландалган сумма **160,3 миң сомду түзсө, 113,2 миң сом** суммасын сунуштаган "Арип Принт" ЖЧК жеңүүчү болуп аныкталган, мында кызмат көрсөтүүнүн жалпы наркын **29,4 пайызга же 47,1 миң** сомго төмөндөтүү менен,

– Жалал-Абад облусу боюнча сынакка пландалган сумма **794,2 миң сомду түзсө, 612,2 миң сом** суммасын сунуштаган "Э.Д. Талипова" ЖИ жеңүүчү болуп аныкталган, мында кызмат көрсөтүүнүн жалпы наркын **22,9 пайызга же 182,0 миң** сомго төмөндөтүү менен өткөрүлгөн**.**

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын "Сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 9-беренесинин талаптарын сактоо максатында сынактык тооруктарды өткөрүүдө жумуштун жана кызмат көрсөтүүнүн баасына (наркына) талдоо жана мониторинг жүргүзүү боюнча иш күчөтүлсүн.

**Атайын байланыш мамлекеттик ишканасы (мындын ары –** "Атайынбайланыш" МИ**)**

**Аныкталды / Корутунду**

2022-жылы Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин чечими менен "Атайынбайланыш" МИ жаңы имаратка көчүрүлгөн. Жыйынтыгында "Атайынбайланыш" МИнин эски имараты бош калган жана аны ижарага берүү чечими кабыл алынган. 29.09.2022 -ж. № 650 "Мамлекеттик кыймылсыз мүлктү ижарага берүү" келишими мамлекеттик мүлктү башкаруу жаатында ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган болуп саналган Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонду тарабынан 2022-жылдын 21-октябрында каттоого алынган.

2022-жылдын 29-сентябрындагы № 650 "Мамлекеттик кыймылсыз мүлктү ижарага берүү" келишими "Атайынбайланыш" МИнин атынан башкы директор Ш.С.Бакибеков (ижара берүүчү) менен жеке жак Э.К. Темиралиевдин (ижарачы) ортосунда түзүлгөн.

Ижара берүүчүнүн Бишкек шаары, Раззаков к., № 55 дарегиндеги үйдүн биринчи кабатында жайгашкан, жалпы аянты 637,9 $м^2$ мамлекеттик курулманы, имаратты (жайды) ижара мөөнөтүн 2022-жылдын 29-сентябрынан тартып, 2025-жылдын 29-сентябрына чейин 3 жылдык мөөнөт белгилеп ижарага берүүсү жана Ижарачынын аталган имаратты (жайды) ижарага кабыл алуусу Келишимдин предмети болуп саналат.

Мамлекеттик курулмага, имаратка (жайга) белгиленген ижара акысы айына 1 чарчы метр аянтка 161 сом 48 тыйын өлчөмүндө белгиленген. Аянты 637,9 $м^2$ түзгөн мамлекеттик курулма, имарат (жай) үчүн ижара акысы айына 103011 сом 23 тыйынды түзгөн.

Андан сырткары, келишимдин шарттары боюнча ижарачы (Темиралиев Э.К.) ар айдын 5-күнүнө чейин ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын алыш-бериш эсебине ижара акысын которууга, ошондой эле башка келишим менен Ижарачыга коммуналдык кызматтар, эксплуатациялык чыгымдар үчүн төлөөгө милдеттүү.

Аудиттин жүрүшүндө, ижарачы Темиралиев Э.К., келишимде белгиленген мөөнөттө ижара акысын өз убагында төлөбөй келгендиги аныкталды.

2022-жылдын 31-декабрына карата ижарачы Э.К.Темиралиевдин ижара төлөмү катары ижара берүүчүнүн алдындагы которулбаган карыздары 246,1 миң сомду түздү.

Ошондой эле, келишимдин шарттары боюнча ижара акысы өз убагында төлөнбөгөн учурда Ижарачы жалпы карызынын суммасынан ар бир мөөнөтү өткөн карызы үчүн 0,09 пайыз өлчөмүндө туум төлөйт.

Келишимдин мындай шарттарына карабай Ижарачы Э.К.Темиралиев Ижара берүүчүнүн алдындагы ижара төлөмдөрүн өз убагында которбогондугуна байланыштуу, жүргүзүлгөн аудиттин алкагында аныкталгандай Ижарачы Э.К. Темиралиевдин 2022-жыл үчүн төлөнбөгөн жалпы карызы 256,3 миң сомду , анын ичинде карызга чегерилген тууму 10,2 миң сомду түзгөн.

2023-жылдын 20-апрелине карата Ижарачы Э.К.Темиралиевдин төлөнбөгөн карызы **392,7 миң сомду** түзгөн, анын ичинде ижара акысын өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн 15,8 миң сом туум чегерилген.

**Сунуштама**

Эгерде ижарачы (Темиралиев Э.К.) тарабынан ижара акысын өз убагында төлөбөй коюу улантылып жатса, ижара акысын өз убагында азайтуу үчүн зарыл чаралар көрүлсүн, ижарачы катары анын максатка ылайыктуулугу жөнүндө маселеси каралсын.

**Аныкталды/ Корутунду**

Кыргыз Республикасынын “Аскер кызматчыларынын статусу жөнүндө” Мыйзамынын 2-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Куралдуу күчтөрүнүн, мыйзамдарда аскер кызматы катары каралган башка аскер түзүмдөрүнүн жана мамлекеттик органдарынын аскер кызматында турган, ошондой эле аскердик жыйындардын катарында турган аскерге милдеттүүлөр аскер кызматчылары статусуна ээ.

Кыргыз Республикасынын “Аскер кызматкерлерин пенсия менен камсыз кылуу жөнүндө” Мыйзамынын 45-статьясына ылайык, офицердик курамдагы адамдарга, пропорщиктерге, мичмандарга жана мөөнөттөн тышкаркы кызматтын аскер кызматкерлерине, ички иштер органдарынын, жазык-аткаруу тутумунун мекемелери менен органдарынын кызматкерлерине, Кыргыз Республикасынын Банги заттарды контролдоо боюнча агенттигинин, салык полициясынын, атайын байланыш кызматынын жана катардагы курамындагы адамдарга жана алардын үй-бүлөлөрүнө пенсиялар бул аскер кызматкерлеринин башкаруучу жана катардагы курамдарындагы адамдардын акчалай каражаттарынан эсептелип чыгат.

Мында аларга пенсияларды эсептөө үчүн тиешелүү кызматы боюнча, аскердик же атайын наамы боюнча берилүүчү маяналар, пайлык акчалар жана көп жыл иштегендиги үчүн – (үзгүлтүксүз иштегени үчүн) проценттик кошумча төлөөлөр эске алынган тиешелүү маяналар Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталуучу тартипте жана өлчөмдөрдө эске алынат.

Кыргыз Республикасынын “Аскер кызматкерлерин пенсия менен камсыз кылуу жөнүндө” Мыйзамынын 1-статьясына ылайык, офицердик курамдагы адамдар, пропорщиктер, мичмандар жана мөөнөттөн тышкаркы кызматтын аскер кызматкерлери, ички иштер органдарынын, жазык-аткаруу тутумунун мекемелери менен органдарынын кызматкерлери, каржы полициясынын, атайын байланыш кызматынын, мамлекеттик социалдык камсыздандырууга алынбоочу жетекчи жана катардагы курамдагы адамдары ушул Мыйзам менен белгиленген аскердик кызматта, ички иштер органдарында, жазык-аткаруу тутумунун мекемелери менен органдарында, каржы полициясында жана атайын байланыш кызматынын органдарында иштеген жылдары болгон учурда иштеген жылдары үчүн өмүр бою пенсия алууга укуктуу.

Мында, “Атайынбайланыш” МИнин кызматкерлери төмөнкү себептерден улам аскер кызматчылары катары пенсия тариздөө жана чегерүү үчүн жогоруда аталган Мыйзамдарынын талаптарына жана тартиптерине туура келбейт: биринчиден, алар аскер кызматчылары статусуна ээ эмес, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен бекитилген пайлык акча каражаттарын эске алуу менен аскердик жана атайын наамдарга ээ эмес.

Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарынын мындай ченемдерине карабастан, 2008-жылдан “Атайынбайланыш” МИнин кызматкерлерине, Кыргыз Республикасынын башка аскер кызматкерлери сыяктуу эле, алардын иштеген жылдары үчүн өмүр бою пенсия чегерилип келген.

2023-жылдын 1-январына карата аскер кызматчы катары пенсия алуучу 56 кызматкер каттоодо турат. Ал ортодо, орточо пенсиянын өлчөмү 13,8 миң сомду түзөт, ал эми эң жогорку пенсиянын өлчөмү 40,1 сомду түзөт.

Ошентип, жүргүзүлгөн талдоодо 2022-жыл үчүн эле алганда, “Атайынбайланыш” МИнин кызматкерлерине пенсия катары республикалык бюджеттен **9 366,3 миң сом** которулуп төлөнүп берилген.

“Атайынбайланыш” МИнин кызматкерлеринин статусуна байланышкан кырдаал тууралуу, Кыргыз Республикасынын аскер кызматчыларын пенсиялык камсыздоо тууралуу мыйзамдарынын контекстинде каралган тартиптерге ылайык.

Пенсия менен камсыз кылуу аскер кызматчылары жана укук коргоо органдарынын кызматчылары үчүн өзгөчө мааниге ээ. Жашоо жана ден-соолук үчүн жогорку тобокелдик менен айырмалануучу аскер же укук коргоо кызматын тандап алуу менен, алар кызмат ордунан бошотулганда же запастагы аскер статусун алганда аларды камсыздалган карылык күтүп тураарына ынануулары кажет.

Татыктуу пенисялык камсыздоо – коомдун жана мамлекеттин урмушунда тиешелүү күч түзүмдөрүнүн кадрдык курамын комплекттөөдө аскердик жана укук коргоо кызматынын маанилүү аспектилеринин бири болуп саналат. Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугу алардан көз каранды. Ошондуктан аскер кызматчыларын пенсиялык камсыздоонун натыйжалуулугу коопсуздукту камсыздоо жана коомдук турмуш маселелерин чечүүдөн көз каранды.

Белгилей кетчү нерсе, аскер жана укук коргоо кызматы башка эмгек ишмердигинен өлүм, ден-соолугуна олуттуу зыян келтирүү сыяктуу жогорку тобокелдиги менен айырмаланат, бул аскер кызматкерин дагы, анын үй-бүлө мүчөлөрүн дагы материалдык жана же социалдык жактан негативдүү өзгөрүүгө алып келет.

“Аскер кызматчыларын пенсия менен камсыз кылуу жөнүндө” Мыйзам Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин, Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин, Кыргыз Республикасынын УКМКсынын Чек ара кызматынын, Кыргыз Республикасынын ИИМдин ички аскерлер кызматынын Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын прокурорлорунун жана тергөөчүлөрүнүн, ички иштер органдарынын башкаруучу жана катардагы курамдагы адамдарынын, Өрт коопсуздугуна каршы мамлекеттик кызматтын, Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу тутумунун мекемелери жана органдарынын, баңги затына контроль жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу каржы полициясынын жана **эмнегедир Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар Министрлигинин атайын байланыш кызматынын** (азыркы КРнын СӨМнө караштуу «Атайын байланыш» МИнин) аскер кызматчыларын жана алардын үй-бүлөлөрүн пенсиялык камсыздоо шарттарын жана тартиптерин аныктайт.

Азыркы учурда, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында Атайын байланыш кызматынын кызматкерлеринин укуктук жоболору жана статустары аныкталган эмес, б.а. алар күч структураларынын аскер кызматчылары, укук коргоочулары же башка өкүлдөрү (жок дегенде аларга теңдештирилген) болуп саналабы? Ошого байланыштуу, бир катар коштомо суроолор туулат.

Ошентип, укук коргоо кызматы жана аскер кызматы тууралуу мыйзамдарда аскер кызматчылары же укук коргоо кызматчылары отставкага же запаска бошотулат (кызматынан запаска же отставкага бошотуунун өзү аларга пенсия төлөөгө негиз болуп саналат – ст. 2 Закона “Аскер кызматчыларын пенсия менен камсыз кылуу жөнүндө” Мыйзамдын 2-ст.). Ошону менен бирге, Атайын байланыш кызматынын кызматчыларын, эгерде Атайын байланыш кызматынын уюштуруу-укуктук түзүмү чарбалык ишти жүзөгө ашыруучу мамлекеттик ишкана болуп саналса, анда аларды пенсиялык каттоого алуу менен (бул процесс мамлекеттик органдарга тиешелүү) аларды ээлеген кызмат орундарынан запаска же отставкага бошотулары белгисиз.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, аскер кызматчылары жана укук коргоо органдарынын кызматкерлери, аскер жана укук коргоо кызматтары каралган тиешелүү мамлекеттик органдарда кызмат өтөшөт. Тактап айтканда мамлекет мындай мамлекеттик органдарды аныктоо менен кимге мамлекеттик пенсия төлөө керектигин да аныктайт (б.а. маңызы жана табияты чарбакер субектилерден айырмалануучу мамлекеттик органдарга каралган социалдык төлөмдөр).

Иштеген жылдары үчүн төлөө тартиби жөнүндө жобонун талаптарына ылайык, аскер кызматындагы прокурорлорго жана прокуратура органдарынын тергөөчүлөрүнө, ички иштер маселелери менен иш алып барган ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын, өрт өчүрүү жана өрттүн алдын алуу, каржы полициясынын органдарынын, атайын байланыш кызматы, жазык-аткаруу тутуму кызматы, банги затын контролдоо органдары жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын катардагы адамдарына жана башкаруучу курамына жана алардын үй-бүлөлөрүнө пенсия жана жөлөк пул дайындоо жана төлөө, иштеген жылдары үчүн чегерүү аларга пенсия чегерүүдө эске алынуучу акча каражаттарына акыркы штаттык кызмат орду боюнча маянасы, ээлеген кызматтан бошотууда ыйгарылган аскердик (же атайын) наамы үчүн алган маянасы, жана ушул маяналарынан (негизинен) эсептелүүчү иштеген жылдары үчүн үстөк пайыз кирет.

Мында акыркы штаттык кызмат орду боюнча, аскердик (же атайын) наамы маяна чегерүүдө маселе жаралат. Кыргыз Республикасынын “Аскердик наам, класстык чин, атайын класстык чин жана атайын наам белгилөө жөнүндө” Мыйзамы менен Атайын байланыш кызматынын кызматкерлерние наам берүү каралган эмес.

Андан тышкары, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 11-майындагы ПЖ №148 “Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн, башка аскердик түзүлүштөрүнүн жана мыйзам менен аскердик

кызмат каралган мамлекеттик органдарынын аскер кызматчыларынын аскердик кийим формасы жана айырмалоочу белгилери жөнүндө” Жарлыгы менен тизме аныкталган, көрсөтүлгөн тизмеде Кыргыз Республикасынын СӨМүнө караштуу “Атайын байланыш кызматтык” мамлекеттик ишканасынынын кызматкерлери үчүн кийүүчү кийим формалары жана айырмалоочу белгилер жок.

Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 3-декабрындагы № 829 “Атайын жана ведомстволук форма кийимин кийүүнү тартипке келтирүү жөнүндө” токтому бар, ал жерде бекитилген тизме боюнча Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын ведомстволук кийим формалары бөлүгүндө “Атайын байланыш кызматтык” мамлекеттик ишканасы кошулгандыгы белгиленген.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин (К.Жумалиевдин) 2001-жылдын 23-октябрындагы №20 “Кыргыз Республикасынын Атайын байланыш кыызматына кийим формасын жана айырмалоочу белги киргизүү жөнүндө” буйругу менен “Атайын байланыш кызматы” МИнин ведомстволук кийим формасы бекитилген.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарынын тартиптерине ылайык “Атайын байланыш кызматы” МИнын кызматкерлерине тиешелүү болгон айрым ченемдердин, дал келбестиктерди эске алып, “Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актылары жөнүндө” Мыйзамына ылайык, мыйзам алдындагы актыларын расмий талдоо аларды кабыл алган (иштеп чыккан) органдар же кызмат адамдары тарабынан жүргүзүлгөндүгүнө байланыштуу, башкача айтканда, мындай учурда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын кабыл алган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши болуп саналат. Ошондуктан “Атайын байланыш кызматы” МИнын кызматкерлерине байланыштуу болгон Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарында кездешкен карама-каршылыктарды ирет келтирүү боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине кайрылуу зарыл.

**Кыргыз Республикасынын СӨМүнө караштуу Байланыш тармагында көзөмөлдү жөнгө салуу боюнча кызматы (мындан ары БТКЖСК)**

**Аныкталды**

Аудит жүргүзүлгөн мезгилге карата БТКЖСКнын кызматкерлерине компьютердик техникаларда иштөөдө зыяндуулугу үчүн жалпы 1658,1 миң сом төлөө жүргүзүлгөн.

Бирок жүргүзүлгөн аудит, зыяндуу эмгек шарттары үчүн төлөмдөр кээ бир мыйзамдардын талабына туура келбегендигин белгилейт.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2002-жылдын 25-мартындагы №161 “Өзгөчө шарттарда кабыл алынган эмгек акылар жөнүндө” токтомуна ылайык, өзгөчө шарттарда иштегендердин кызматтык

маяналарына үстөк акы белгилениши мүмкүн болгон жумуштардын типтүү тизмеги “Бардык тармактар үчүн жалпы эмгек шарттары зыяндуу жана оор жумуштар” - ЭВМнин дисплейинде иштөө каралган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 “Оор жумуштар жана зыяндуу же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө” жобону жана “Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө” токтомуна ылайык, өзгөчө шарттарда иштегендердин кызматтык маяналарына үстөк акы белгилөө тартиби аныкталат.

Жогоруда аталган ченемдик укуктук актылардын талаптарына ылайык, жумуш берүүчүлөр тарабынан аттестациялык комиссия түзүү жолу менен жумушчуларды аттестациялоону уюштуруусу жана өткөрүүлүсү керек.

Мында аттестациялык комиссиянын жумушчу жана сандык курамы, ошондой эле, аттестация өткөрүү тартиби жана графиги жумуш берүүчү тарабынан бекитилет.

Аттестациялык комиссиянын курамына жумуш берүүчүнүн өкүлдөрү, эмгекти коргоо адиси, баштапкы профсоюздук уюмдун шайлоо органдарынын же жумушчулардын өкүлчүлүктүү органдарынын өкүлдөрү, санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын өкүлдөрү кирет.

Өткөрүлгөн иштердин жыйынтыгы боюнча комиссиялык Акт түзүлөт жана ПВЭМден электрондук магниттик талаанын деңгээлдерин өлчөө протоколу түзүлөт. Ушул жумуштар жүргүзүлгөндөн кийин гана, компьютердик техникалардын зыяндуулугу үчүн кызматчылардын эмгек акыларына үстөк акы төлөөнү жүргүзүү үчүн ченемдерге жана талаптарга туура келүүсү жөнүндө комиссиянын корутундусу түзүлөт.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жогоруда көрсөтүлгөн талаптарына жана тартиптерине карабай, БТКЖСКнын жетекчилиги тарабынан БТКЖСКнын 124 штаттык бирдигинин ичинен 103 кызматчынын кызматтык маяналарына зыяндуу эмгек шарты үчүн кызматтык маяналарынын 25% өлчөмүндө 2022-жылдын 1-августуна чейин үстөк акы белгилеген, мында зыяндуу эмгек шарттары үчүн үстөк акы Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Ооруулардын алдын алуу жана экспертизалоо департаментинин протоколу жана Зыяндуу эмгек шарттары үчүн үстөк акы белгилөө боюнча комиссия тарабынан белгилениши керек эле, аталган документтер аудиттин жүрүшүндө көрсөтүлгөн эмес.

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Бишкек шаардык мамлекеттик санитардык эпидемиологиялык көзөмөл борборунун электр магниттик нурдануунун деңгээлин өлчөгөн алты протоколу бар: 2022-жылдын 13-апрелиндеги № 160/110Р, 2022-жылдын 10-майындагы №211/110Р, 2022-жылдын 10-майындагы №199/110Р, 2022-жылдын 10-майындагы № 211/110Р, 2022-жылдын 12-майындагы № 223/110Р

жана 2022-жылдын 12-майындагы № 210/110Р – бул протоколдорго санитардык врач Б.Т.Джусурованын өлчөө жыйынтыктары боюнча корутунду чыгарылган. Аспаптык өлчөөнүн жыйынтыгы боюнча электромагниттик нурдануунун деңгээли электрдик курамы боюнча бардык персоналдык компьютерлерден 1-3,5 эсеге, магниттик курамы боюнча 2,5-2,7 эсеге көп. Андан сырткары, үндү аспаптык өлчөө, мезгилдик мүнөздөмө боюнча туруктуу спектери боюнча кең тилкелүү, жумуш орундарындагы үндүн деңгээлин өлчөгөн учурда санитардык ченемдерден 4дБА - 6дБАга жогору экендиги белгиленген. Бирок, санитардык врач Б.Т. Джусурова тарабынан БТКЖСКнын кызматкерлеринин ден соолугун сактоо үчүн бул, кемчиликтерди жоюу боюнча эч кандай сунуштама берилген эмес.

Мындан тышкары, БТКЖСКнын эмгек шартында зыяндуу эмгек шарттары үчүн кошумча акы алууну казустук деп эсептесе болот, б.а. аталган үстөк акыларды төлөө менен БТКЖСКнын жетекчилиги эмгек шарты зыяндуу экендигин тастыктайт, бирок ошол эле учурда, жетекчилик тарабынан андай зыяндуу учурларды жоюу чаралары көрүлгөн эмес.

Өзгөчө БТКЖСКнын кызматкерлерине зыяндуу эмгек шарттары үчүн так регламенттештирилген төлөө тартибинин жоктугу, КРнын Өкмөтүнүн ***өзгөчө шарттардагы*** эмгек акылар тууралуу токтомдорунун жоболорун субъективдүү кабыл алуу жана талдоо, БТКЖСКнын жетекчилигинин кызмат орундарынын тизмесин аныктоого жана үстөк акылардын өлчөмүнүн 25% га чейин бергендиги, ал жетекчиликтин эмгек акыны көтөрүү чараларынын бирден бир гана жолун издегендигинен кабар берет.

**Корутунду**

Аудит жүргүзүлгөн мезгилде, БТКЖСКнын кызматкерлерине компьютердик техникалардын зыяндуулугу үчүн кызматтык маяналарынын 25% өлчөмүндө жалпысынан **1 658,1 миң сом** бөлүнгөн.

Белгилей кетчү нерсе, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-августундагы № 474 токтому менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 “Оор жумуштар жана зыяндуу же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө” жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөр киргизилген, ага ылайык Типтүү тизмектин 42-главасынын 17-пункту компьютер менен иштөө талабы алынып салынган. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин аталган токтомунун талаптарынын негизинде, БТКЖСКнын жетекчилиги тарабынан 2022-жылдын 1-августунан тартып, эмгек акыга компьютердик техникалар менен иштөөнүн зыяндуулугу үчүн үстөк акы төлөө алынып салынган, ошого байланыштуу, **аталган маселе боюнча сунуш берүү зарылдыгы жоктугун белгилейбиз.**

**Аныктама**

БТЖСККнын кызматкерлеринин эмгек акылары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 14-мартындагы №173 КПҮ «Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин (Кыргыз Республикаларынын чет жердеги мекемелеринен тышкары), Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин, Кыргыз Республикасынын маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик агенттигинин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агенттигинин мамлекеттик кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө» токтомунун негизинде ишке ашырылат.

2022-жылдын 1-августунан тартып БТКЖСКга эмгек акы чегерүү жана төлөө "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын эмгек акы шарттары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 Жарлыгынын жана "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы № 433 токтомунун негизинде жөнгө салынууга тийиш.

Белгилей кетүүчү жагдай, КРнын Өкмөтүнүн жогоруда көрсөтүлгөн укуктук ченемдик актыларынын шарттарына ылайык БТКЖСКнын кызматчыларына ай сайын материалдык сый акы төлөө каралган эмес.

Бирок ага карабастан, БТКЖСКнын жетекчилиги Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 26-июлундагы № 408 "Эмгек акыга тиешелүү сый акынын Тизмегин бекитүү жөнүндө" токтомун, Кыргыз Республикасынын маамлыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитетине караштуу Байланыш мамлекеттик агенттигинин (БТКЖСК) 2020-жылдын 1-июнундагы Жамааттык келишимин, БТКЖСКнын 2022-жылдын 1-майындагы Жамааттык келишимин, БТКЖСКнын 2022-жылдын 1-сентябрындагы Жамааттык келишимин жетекчиликке алып, "Атайын эсептин каражаттарынын эсебинен БТКЖСКнын кызматкерлерине сый акы (материалдык сыйлоо) берүү жөнүндө" буйруктарды чыгарышкан.

Жыйынтыгында ай сайын БТКЖСКнын тутумундагы бардык кызматчыларга бир айлык эмгек акы өлчөмүндөгү сумма сый акы катары которулуп турган.

Натыйжада, 2022-жылдын декабрь айында гана кызматчыларга которулган сый акынын суммасы эле **10 660,5 миң сомду түзгөн** же аталган мезгилге карата бир штаттык кызматчыга берилген сый акынын орточо өлчөмү **86,0 миң сомду түзгөн** (10 660,5:124 штаттык бирдик = 85,97 миң сом).

Негизинен, 2022-жылга карата жүргүзүлгөн талдоо көрсөткөндөй, ай сайын бир кызматчыга карата орточо сый акынын өлчөмү **29,5 миң сом** (43 934,3 миң сом:124 кызматчы = 29,5 миң сом) болгон.

Ошентип, аудит жүргүзүлгөн мезгилге карата БТКЖСКнын кызматкерлерине сый акы катары эмгек акыларына кошумча төлөнгөн каражаттын **суммасы 43 934,3 миң сомду** түзгөн, ал эми «Социалдык Фондго взнос» катары **7 459,4 миң сом** которулган.

**Корутунду**

БТКЖСКнын кызматкерлерине сый акы (материалдык сыйлоо) катары чегерүү жана которуу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтомунун талаптарын сакталбай жүргүзүлгөндүгү аныкталды.

**Сунуштама**

Кызматкерлерге эмгек акы түзүү жана чегерүү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы № 433 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтомунда белгиленген шарттарды жана талаптарды сактоо менен жүргүзүлсүн.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 23-беренесине ылайык, кызматчы мыйзамдарга ылайык тартиптик, материалдык, кылмыш-жаза жана башка жоопкерчиликке тартылат деп белгиленген, 24-берененин 10-бөлүгүнө ылайык, Тартиптик жаза салынган күндөн тартып бир жыл бою күчүндө турат жана 11-бөлүккө ылайык, мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси ушул берененин 10-бөлүгүндө көрсөтүлгөн мөөнөт аяктаганга чейин, бирок жаза салынган күндөн тартып 6 айдан эрте эмес тартиптик жазаны алып салууга укуктуу деп белгиленген.

Ошону менен бирге, аудит жүргүзүлгөн мезгилге карата КРнын СӨМүнө караштуу БТКЖСКнын Төрагасы тарабынан тартип жазасы катары:
- 4 сөгүш берилген:

– Элеманова Ф.Ш., радиоэлектрондук каражаттарды эсепке алуу башкармалыгынын начальниги, 2022-жылдын 13-апрелиндеги № 160-б;

– Асанов Э.А., радиоэлектрондук каражаттарды эсепке алуу башкармалыгынын башкы адиси, 2022-жылдын 13-апрелиндеги № 160-б;

– Акунов Н.И., Радио мониторинг башкармалыгынын башкы адиси, 2022-жылдын 15-августундагы № 326-б;

– Жунушова Р.К., Финансы жана бухгалтердик эсеп бөлүмүнүн жетектөөчү адиси, 2022-жылдын 7-сентябрынлагы № 353-б.

– 2 эскертүү берилген:

– Мелисова С.Э., Лицензия берүү бүлүмүнүн адиси, 2022-жылдын 10-июлундагы №326-б;

– Баймуратова А.К., Кадрлар жана иш кагаздарын жргүзүү бөлүмүнүн башчысы, 2022-жылдын 10-августундагы № 322-б.

Жогоруда аталган кызматкерлерге берилген тартип жазалары жылдын аягына чейин алынган эмес.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999 –жылдын 26-июлундагы № 408 токтомунун негизинде, сый акылар кызматкерлер үчүн төмөнкүдөй жетишкендиктерди көрсөткөндө гана бериле тургандыгы белгиленген, анын ичинде:

-өз милдеттерин өз убагында жана сапаттуу аткаргандыгы үчүн;

- иш-чараларды жана кызматтык милдеттерди жүзөгө ийгиликтүү ашыргандыгы үчүн;

-өзгөчө мааниге ээ болгон атайын тапшырмаларды ак ниеттүү аткаргандыгы жана татаалдыгы үчүн ;

- иштин негизги, акыркы жыйынтыктары үчүн;

- узак мөөнөттүү жана кынтыксыз эмгек ишмердиги үчүн;

- ишкананын, уюмдун, мекеменин ишинин жалпы жыйынтыктары үчүн отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча.

Бирок жогорудагы талаптар эске алынбастан жана кызматкерлердин тартиптик жазалары бардыгына карабай, жетекчилик тарабынан буйруктарга кол коюлуп **1 611,0 миң сом** суммасында материалдык сыйлоо иретинде төлөө чыгымдары жүргүзүлгөндүгүн аныкталды, анын ичинде: Ф.Ш Элемановага – 503,0 миң сом, Э.А Асановго – 385,8 миң сом, Н.И. Акуновго – 208,8 миң сом жана Р.К Жунушовага – 40,0 миң сом, А.К. Баймуратовага – 258,7 миң сом, С.Э.Мелисовага – 214,7 миң сом.

**Корутунду**

Айрым кызматчылардын тартиптик жазалары бар экендигин эске албастан, материалдык сыйлоо түрүндө төлөнгөн чыгымдын жалпы суммасы 1 611,0 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама**

БТКЖСКнын кызматкерлерин сыйлоодо Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызматы жана муниципалдык кызматы жөнүндө” Мыйзамынын талаптары сакталсын.

**Аныкталды**

“Электр жана почта байланышы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесине ылайык, байланыш боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органды күтүүгө чыгымдар электр байланыш жана почта байланыш кызмат көрсөтүүлөрүн жеткирип берүүчүлөрдүн түшкөн акчасынын 0,9 пайыз өлчөмүндө байланыш тармагын өнүктүрүүгө ар жылдык төлөмдөрүнүн эсебинен түзүлөт, алар толук көлөмдө республикалык бюджетке чегерилүүгө жатат, андан кийин анын 40 пайызы байланыш тармагын, мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү, ошондой эле гранттардын, донордук жана башка уюмдардын жардамдарына жумшалат.

Жогоруда аталган Мыйзамдын талаптарына ылайык электр байланыш жана почта байланыш кызматын көрсөтүүчүлөрдүн түшкөн акчасынан 0,9

пайыз өлчөмүндө БТКЖСКнын аккумуляциялык эсебине түшөт жана андан ары бөлүштүрүү Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан ишке ашырылат.

Форма №1 “Электр жана почта байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнөн түшкөн каражаттар жөнүндө отчет” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик байланыш агенттигинин 2014-жылдын 30-декабрындагы №243 буйругу менен бекитилген жана Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети менен 2014-жылдын 19-ноябрында макулдашылган.

Аудиттин жүрүшүндө БТКЖСКнын аккумуляциялык эсебине түшкөн пайдадан чегерүүнүн жана которуунун тууралыгына талдоо жүргүзүлдү.

Талдоо көрсөткөндөй, келип түшкөн каражаттардын өлчөмү салык салынуучу салык төлөмдөрүн, электр байланышы жана почта байланышы менен байланышпай алынган башка кирешелерди алып салгандан кийинки, жеткирүүчүлөрдүн түшкөн акчасынын жалпы суммасына жараша болот.

Түшкөн кирешеден ири көлөмдөгү төлөөчүлөр болуп төмөнкү байланыш операторлору саналат: “Нур Телеком” ЖЧКнын бир жылда түшкөн пайдасы 10 млрд 910,6 млн. сомду жана андан 0,9% өлчөмүндө чегерилген суммасы бир жылда 98,2 млн. сомду түзөт, “Альфа Телеком” ЖАКнын бир жылда түшкөн пайдасы 6 млрд 192,3 млн. сомду жана андан 0,9% өлчөмүндө чегерилген суммасы бир жылда 55,7 млн. сомду түзгөн, “Скай Мобайл” ЖЧКнын бир жылда түшкөн пайдасы 4 млрд 25,5 млн. сомду жана андан 0,9% өлчөмүндө чегерилген суммасы бир жылда 36,2 млн. сомду түзгөн, “Телеберүү, маалыматтарды берүү” ишмердиги менен алектенген “Акнет” ЖЧКнын бир жылда түшкөн пайдасы 1 млрд 342,7 млн. сомду жана андан 0,9% өлчөмүндө чегерилген суммасы бир жылда 16,2 млн. сомду түзгөн, “Жергиликтүү, шаарлар аралык, эл аралык, теле берүү, трафик жиберүү, маалыматтарды жана башка байланыш кызматтарын берүү” ишмердиги менен алектенген “Кыргызтелеком” ААКнын бир жылда түшкөн пайдасы 1 млрд 178,2 млн. сомду жана андан 0,9% өлчөмүндө чегерилген суммасы бир жылда 10,6 млн сомду түзгөн, “Теле-радио берүү, спутник байланышы” ишмердиги менен алектенген “РПО РМТР” ААКнын бир жылда түшкөн пайдасы 302,0 млн. сомду жана андан 0,9% өлчөмүндө чегерилген суммасы бир жылда 2,7 млн. сомду түзгөн, “Жергиликтүү, шаарлар аралык, эл аралык, теле берүү, трафик жиберүү, телематика маалыматтарын берүү” ишмердиги менен алектенген “Сайма Телеком” ЖАКнын бир жылда түшкөн пайдасы 631,3 млн. сомду жана андан 0,9% өлчөмүндө чегерилген суммасы бир жылда 5,7 млн. сомду түзгөн, “интернет маалыматтарын берүү” ишмердиги менен алектенген “Скайнет Телеком” ЖЧКнын бир жылда түшкөн пайдасы 160,5 млн. сомду жана андан 0,9% өлчөмүндө чегерилген суммасы бир жылда 1,4 млн. сомду түзгөн, “интернет маалыматтарын берүү” ишмердиги менен алектенген “ЭлКат” ЖЧКнын бир жылда түшкөн пайдасы 816,1 млн. сомду жана андан 0,9% өлчөмүндө чегерилген суммасы бир жылда 7,3 млн. сомду түзгөн, “интернет маалыматтарын берүү” ишмердиги менен алектенген “Экстра

Лайн” ЖЧКнын бир жылда түшкөн пайдасы 253,5 млн. сомду жана андан 0,9% өлчөмүндө чегерилген суммасы бир жылда 2,3 млн. сомду түзгөн, “Телематика” ишмердиги менен алектенген “Никита Онлайн” ЖЧКнын бир жылда түшкөн пайдасы 69,5 млн. сомду жана андан 0,9% өлчөмүндө чегерилген суммасы бир жылда 625,5 тыс. сомду түзгөн, “почта байланышы” ишмердиги менен алектенген “Кыргыз Почтасы” ААКнын бир жылда түшкөн пайдасы 93,1 млн. сомду жана андан 0,9% өлчөмүндө чегерилген суммасы бир жылда 837,9 миң сомду түзгөн, “Телематика” ишмердиги менен алектенген “Интек Кей Джи” ЖЧКнын бир жылда түшкөн пайдасы 36,2 млн. сомду жана андан 0,9% өлчөмүндө чегерилген суммасы бир жылда 325,8 тыс. соду түзгөн ж.б.

Берилген отчеттордун тактыгын изилдөөдө “Скай Мобайл” ЖЧКнын БТКЖСКсы үчүн берген Форма №1 отчету менен салык органдары үчүн берилген FORM STI-101 уюмдун Бирдиктүү салык декларациясынын ортосунда түшкөн каражаттардын айырмачылыгы бар экендиги аныкталды.

БТКЖСКга берилген отчетто түшкөн киреше 4 млрд 25 млн 500,0 миң сомду түзсө, салык органдарына берилген отчетто 4 млрд 114 млн 769,7 миң сом көрсөтүлгөн, ортодогу айырма **89,3 млн. сомду** түзгөн.

“Скай Мобайл” ЖЧКсына аудиттин жүрүшүндө 2023-жылдын 25-майындагы чыг. №02-2/1079 каты менен 89,3 млн. сом суммасында айырма пайда болгондугу боюнча расмий маалымат берилген, б.а. алардын маалыматы боюнча көрсөтүлгөн сумма Компаниянын негизги ишмердиги менен байланышпаган товарларды, жумуштарды жана кызматтарды сатуудан түшкөн пайданы өзүнө камтыйт жана аутстаффин кызматтарын, юридикалык компанияларга контакт-борбор кызматтарын, маалыматтык коопсуздук кызматтарын көрсөтүүдөн, тейлөө жабдыктарын жана жайларды убактылуу пайдаланууга берүү кызматтарын көрсөтүүдөн, девайстарды сатуудан жана электрбайланыш кызматтарына тиешеси жок товарларды, жумуштарды жана кызматтарды сатуудан түшкөн башка кирешелерден турарын белгилеген. Бирок, “Скай Мобайл” ЖЧКсы бул кызматтарды толук чечмелеп берген жок, ошого байланыштуу алар берген маалыматтардын тактыгы жана ынанымдуулугу күмөн жаратат. Мындан тышкары, “Салык төлөнүүчү кирешелер” 1-бөлүгүндөгү STI-101-001 үлгүсү боюнча салык төлөнүүчү башка кирешелер чагылдырылган 20чы-пункт бар, б.а. эгер жогоруда көрсөтүлгөн кызматтын түрлөрү боюнча салык төлөмдөрү чегерилген болсо, эмнеге бул пунктта көрсөтүлгөн эмес деген суроо пайда болот.

Ошол эле учурда, жылдык отчетторунда түшкөн пайданы минималдык өлчөмдө көрсөткөн электр байланыштары жана почта байланыштары жаатында лицензия алган юридикалык жактар жана жеке ишкерлер бар, алардын катарына “Телематика” ишмердиги менен алектенген “MDN Groupтун” түшкөн кирешеси болгону 4,8 тыс. сомду түзүп андан чегерилген сумма 43 сом 20 тыйынды гана түзгөн, “Телематика” ишмердиги менен алектенген “1С Като-Экономикстин” түшкөн кирешеси 50,0 миң сомду түзүп андан чегерилген сумма болгону 450 сом 45 тыйынды түзгөн, “Почта

байланышы” ишмердиги менен алектенген “Азия Пост Сервис” ЖЧКсынын түшкөн кирешеси баасы 35,1 миң сомду жана чегерилген сумма болгону 315 сом 90 тыйынды, “Теле-радио” ишмердиги менен алектенген “Алмаз” ЖЧКсынын түшкөн кирешеси 22,0 миң сомду жана чегерилген сумма болгону 200 сомду, “Интернет маалыматтарын берүү” ишмердиги менен алектенген Арыков М.Э. ЖИнин түшкөн кирешеси 134,7 миң сомду жана чегерилген сумма болгону 1 212 сом 30 тыйынды, “Почта байланышы” ишмердиги менен алектенген “Балташ Экспересс” ЖЧКсынын түшкөн кирешеси 123,5 миң сомду жана чегерилген сумма болгону 1 111 сом 50 тыйынды, “Интернет маалыматтарын берүү” ишмердиги менен алектенген Калыкова З.М. ЖИнин түшкөн кирешеси 93,0 миң сомду жана чегерилген сумма болгону 837 сомду, “Интернет маалыматтарын берүү” ишмердиги менен алектенген “Комп Сервис Плюс” ЖЧКсынын түшкөн кирешеси 90,1 миң сомду жана чегерилген сумма болгону 810 сом 90 тыйынды, “Теле-радио” ишмердиги менен алектенген “Крит” ЖЧКсынын түшкөн кирешеси 36,0 миң сомду чегерилген сумма болгону 324 сомду, “Телематика” ишмердиги менен алектенген “Маалыматтык технологиялар улуттук борбору” мекемесинин түшкөн кирешеси 1,4 миң сомду жана чегерилген сумма болгону 12 сом 60 тыйынды, “Интернет маалыматтарын берүү” ишмердиги менен алектенген “Новая Мечта” ЖЧКсынын түшкөн кирешеси 25,7 миң сомду жана чегерилген сумма болгону 231 сом 30 тыйынды, “Теле-радио” ишмердиги менен алектенген ”New Project” ЖЧКсынын түшкөн кирешеси 114,5 миң сомду жана чегерилген сумма болгону 1030 сом 95 тыйынды түзгөн ж.б.

**Корутунду**

Жүргүзүлгөн аудиттин көз карашы боюнча, келтирилген фактыларды жана күмөн туудурган цифраларды эске алганда, электр байланышы жана почта байланышы жаатындагы опреаторлор, юридикалык жактар жана жеке ишкерлер тарабынан берилген отчеттор толук түрдө ынанымдуу жана ишенимдүү эместигин билдирет.

**Сунуштама**

1. “Электр байланыштары жана почта байланышы кызматтарынан түшкөн киреше тууралуу отчет” №1 үлгүсү 9 жыл мурда бекитилгендигин, андан тышкары ошол мезгилден бери Кыргыз Республикасынын Салык кодексине киргизилген өзгөртүүлөрдү эске алганда, алардын тапкан кирешеси тууралуу так жана ынанымдуу маалымат алуу үчүн, “Электр байланыштары жана почта байланышы кызматтарынан түшкөн кирешеси тууралуу отчеттун” жаңы үлгүсүн салык органдары жана кызыкдар болгон башка мамлекеттик органдар менен биргеликте иштеп чыгуу керектиги максатка ылайыктуу болуп саналат.

2. Мындан тышкары, жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча, Операторлордун көрсөткөн кирешелеринин айрымачылыктары боюнча аныкталган фактыларды эске алып, алардын БТКЖСКга берген отчетторунда көрсөтүлгөн, кирешелеринин ынанымдуулугун жана тактыгын аныктоо үчүн Салык органдарына маалымат берүү сунушталат.

**Аныкталды**

БТКЖСКнын депозиттик эсебине радио жыштык спектри боюнча аукциондордун катышуучуларынын кепилдик төгүмдөрүнөн жана конкурстук табыштамалардын кепилдик камсыздоолорунан каражаттар келип түшөт. Атайын каражаттар боюнча сметаны аткаруунун сунушталган отчетуна ылайык (4 - форма) 31-жылдын 2022-декабрына карата акча каражаттарынын калдыгы 89 910,6 миң сомду түздү, анын ичинде 2022-жылга түшүүлөр 304,8 миң сомду түздү, башка чегерүүлөр-аукциондордун жана конкурстардын катышуучуларынын кепилдик төгүмдөрүн кайтаруу 90,7 миң сомду түздү.

БТКЖСКнын депозиттик эсебине, радио жыштык спектри, сынактык билдирмелерди кепилдик камсыздоо боюнча аукциондун катышуучуларынын кепилдик взносторунан каражаттар түшөт. Берилген отчетко ылайык, атайын каражаттар боюнча сметаны (№ 4 үлгү) аткарууда 2022-жылдын 31-декабрына карата акча каражаттарынын калдыгы 89 910,6 миң сомду түзгөн, анын ичинен 2022-жылы келип түшкөнү 304,8 миң сом болгон, башка чегерүүлөр-аукциондордун жана сынактардын катышуучуларынын кепилдик взносторун кайтаруу 90,7 тыс. миң сомду түзгөн.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 17-ноябрындагы №754 токтому менен бекитилген "Радио жыштык спектрин пайдалануу боюнча ишти лицензиялоо жөнүндө" Жобонун 18-главасынын 121 пункутна ылайык, тооруктан (конкурстан, аукциондон) алынган каражаттардын 5 (беш) пайызы тоорукту (конкурсту, аукционду) иштеп чыгууга жана аны уюштурууга кеткен чыгымдарды жабуу максатында Лицензия берүүчүнүн (БТКЖСКнын) атайын эсебине которулат, калган каражаттар түздөн-түз республикалык бюджеттин эсебине которулат.

Ага карабастан аукциондорду жана конкурстарды өткөрүүдөн түшкөн 89 763,7 миң сом суммасындагы каражаттар республикалык бюджеттин кирешесине чегерилген эмес. Ошону менен бирге, көрсөтүлгөн сумма 2017-жылдын декабрь айынан бери депозиттик эсебинде кыймылсыз турган, анын ичинен түшкөн каражаттар:

- 2017 жылы 21 551,5 миң сомду түзгөн;
- 2018 жылы 123,3 миң сомду түзгөн;
- 2019 жылы 323,2 миң сомду түзгөн;
- 2020 жылы 10 343,8 миң сомду түзгөн;
- 2021 жылы 57 325,5 миң сомду түзгөн;
- 2022 жылы 95,6 миң сомду түзгөн.

Республикалык бюджеттин кирешесине которулбаган мындай сумманын топтолушунун себеби, көрсөтүлгөн мезгилге карата чыгымдардын сметасынын бекитилбегендиги болуп саналат, б.а. тоорукту (конкурсту, аукционду) иштеп чыгуу жана уюштуруу менен байланышкан чыгымдарды жапкандан кийин, андан калган каражатты республикалык бюджетке которуу керек болчу.

Тооруктарды (конкурс, аукцион) иштеп чыгууга жана уюштурууга

байланышкан чыгымдар атайын каражаттардын эсебинен чыгышталган, ал болгону 298,2 миң сомду түзгөн.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 17-ноябрындагы №754 токтому менен бекитилген Радио жыштык спектрин пайдалануу боюнча ишти лицензиялоо жөнүндөгү Жобону бузуу менен, радио жыштык спектрин пайдалануу боюнча ишти лицензиялоо үчүн тоорук (конкурс, аукцион) өткөрүүдөн түшкөн каражаттар республикалык бюджеттин эсебине өз убагында которулган эмес.

Жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы менен аныкталган аукцион жана конкурс өткөрүүдөн түшкөн **89 763,7 миң сом** суммасындагы БТКЖСКнын депозиттик эсебинде кыймылсыз жаткан каражат, 2023-жылдын 21-июнундагы №378 төлөм тапшырмасы менен республикалык бюджеттин эсебине толук которулгандыгын маалымат катары белгилейбиз.

**Сунуштама**

Республикалык бюджеттин кирешесине өз убагында которуу максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 17-ноябрындагы №754 токтому менен бекитилген Радио жыштык спектрин пайдалануу боюнча ишти лицензиялоого жөнүндө жобонун талаптары жана тартиптери кылдат сакталсын.

**Аныкталды**

2022-жылдын ичинде кызматтык иш сапарлар боюнча атайын каражаттардын эсебинен чыгышталган 3 684,7 миң сом суммасындагы отчеттор берилген. Ошол эле убакта 2022-жылдын 31-декабрына карата иш сапары чыгымдары боюнча атайын каражаттар боюнча дебитордук карыз **37,8 миң сомду** түзгөн.

**Корутунду**

Аталган карыз 2021-жылдын октябрынан тартып БТКЖСКнын мурдагы төрагасы Т.С. Калыковго таандык, ал ээлеген кызматынан 2022-жылдын 1-июлунан бошотулган, бирок алынган иш сапар чыгымдарын ал ушул күнгө чейин калыбына келтире элек.

**Сунуштама**

БТКЖСКнын мурдагы Төрагасы Т.С. Калыковдун эсебинен 37,8 миң сом суммасындагы иш сапары чыгымдарды калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды**

Катталган маалыматтар боюнча БТКЖСКнын жүгүртүү-сальдолук ведомствосуна (ЖСВ) ылайык топтолгон эсеби боюнча БТКЖСКнын дебитордук карызы, радио жыштык спектрин (РЖС) колдонуучулардын дебитордук карызы, байланыш тармактарын өнүктүрүүгө (түшкөн пайданын 0,9%) төлөнгөн жана башка төлөмдөр, 2022-жылдын 1-январына карата 50 937,7 миң сомду, 2022-жылдын 31-декабрына карата **56 170,7 миң сомду** түзгөн же жылдын аягына карата карыз **5 032,8 миң сомго** жогорулаган.

Белгилей кетчү нерсе, 2013-жылдан тартып айрым юридикалык жактардын БТКЖСКнын алдында карыздары бар, болгондо да ири суммадагы карыздар:

– “NCI” ЖЧКсы 2013 -жылдан тартып 111,5 миң сом;
– “Ала ТВ” ЖЧКсы 2014 -жылдан 2017-жылга чейин 926,2 миң сом;
– “Винлайн” ЖЧКсы 2014 – жылдан 2017-жылга чейин 1 782,8 миң сом;
– “Кател” ЖЧКсы 2014 -жылдан 2016-жылга чейин 622,8 миң сом;
– “Сотел” ЖЧКсы 2014 -жылдан 2016-жылга чейин 845,7 миң сом;
– “Минимум” ЖЧКсы 2014 -жылдан 2017-жылга чейин 25,1 миң сом;
– “Алтез” ЖЧКсы 2016-жылдан тартып 22,7 миң сом;
– “Азия Нет кж” ЖЧКсы 2016-жылдан тартып 2017-жылга чейин 34,9 миң сом;
– “Foris Telecom” ЖЧКсы 2018-жылдан 2019-жылга чейин 3515,3 миң сом;
– “Кыргызтелеком” АК 2018-жылдан тартып **42 423,7 миң сом**;
– башка юридикалык жактар 2020-жылдан 2021-жылга чейин 1 155,3 миң сом;
– күнүмдүк карыздар 4 704,5 миң сомду түзөт.

**Корутунду**

Контролдоонун жетишсиздигинен улам **50 310,7 миң сом** суммасындагы мөөнөтү өткөн дебитордук карыз түзүлгөн, муну менен катар колдонулган чаралар жетишсиздик болгондуктан, жыйынтыгында айрым юридикалык жактар азыркы мезгилге чейин БТКЖСКнын алдындагы өзүнүн карыздарын төлөгөн эмес жана көрсөтүлгөн сумма республикалык бюджеттин кирешесине өз убагында түшкөн эмес.

**Сунуштама**

Мөөнөтү өткөн дебитордук карыздар боюнча зарыл чаралар көрүлсүн жана төлөө графиги иштелип чыксын, төлөө графигин түзүү тууралуу карызкорлор баш тарткан учурда, ал көрсөтүлгөн юридикалык жактардын эсебинен карыздарды мажбурлап өндүрүү боюнча укук коргоо органдарына кайрылуу чаралары көрүлсүн.

**Архив кызматынын борбордук аппараты**

**Аныкталды**

Аудит жүргүзүлгөн мезгилге карата Архив кызматынын борбордук аппаратынын кызматкерлерине зыяндуу эмгек шарттары үчүн жалпы суммасы 7 250,2 миң сомду түзгөн төлөм жүргүзүлгөн, анын ичинде компьютердик техника менен иштөө үчүн 1 452,8 миң сом жана оор, зыяндуу жана кооптуу эмгек шартындагы жумуш орундарынын зыяндуулугу үчүн 5 797,4 миң сом.

Жүргүзүлгөн төлөмдөр Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек

шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө" токтомунун талаптарын бузуу менен чегерилген.

Жогоруда аталган укуктук ченемдик актынын талаптарына ылайык, жумуш орундарын аттестациялоо иш берүүчү тарабынан аттестациялык комиссияны түзүү аркылуу уюштурулат жана жүргүзүлөт.

Аттестациялык комиссиянын сандык жана персоналдык курамы, ошондой эле аттестациялоонун графиги жана тартиби иш берүүчү тарабынан аныкталат жана бекитилет.

Аттестациялык комиссиянын курамына иш берүүчүнүн өкүлдөрү, эмгекти коргоо боюнча адис, баштапкы кесиптик бирлик уюмдарынын шайланма органдарынын же кызматкерлердин башка өкүлдүк органынын өкүлдөрү, санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын адистери киргизилет.

Өткөрүлгөн иштердин жыйынтыгы боюнча төмөнкү документтер түзүлөт: комиссиялык Акт, жеке компьютердин электромагниттик талаанын деңгээлин өлчөө протоколу, жумушчу зонадагы абаны сыноо протоколу.

Ушул жумуштар жүргүзүлгөндөн кийин гана компьютердик техникалардын зыяндуулугу үчүн кызматчылардын эмгек акыларына үстөк акы төлөөнү жүргүзүү үчүн ченемдерге жана талаптарга туура келүүсү жөнүндө комиссиянын корутундусу түзүлөт.

Андан тышкары, кызматтык маянанын өлчөмү эмгек шарттарынын зыяндуулук деңгээлине жараша кызматтык маянанын пайыздык катышында, бирок эмгек шарттары оор жана зыяндуу болгон жумуштарга 15 пайыздан жана эмгек шарттары өзгөчө оор жана өзгөчө зыяндуу болгон жумуштарга 30 пайыздан кем эмес белгиленет.

Кыргыз Республикасынын жогоруда көрсөтүлгөн укуктук ченемдик актыларынын талаптарына жана тартиптерине карабай, Архив кызматынын борбордук аппаратынын  жетекчилиги тарабынан 202 штаттык бирдигинин 170 кызматчысынын кызматтык маяналарына зыяндуу эмгек шарттары үчүн, 20% өлчөмүндөгү үстөк акы компьютердик техникалар менен иштөөнүн зыяндуулугу үчүн 2022-жылдын 1-августуна чейин белгиленген, ал эми 30% өлчөмүндөгү үстөк акы архивдик документтер менен иштөөнүн зыяндуулугу үчүн азыркы убакытка чейин төлөнүп келген.

Зыяндуу эмгек шарттары үчүн үстөк акы белгилөө боюнча комиссия тарабынан түзүлгөн тийиштүү документтер болуш керек болчу, бирок андай документтер аудиттин жүрүшүндө көрсөтүлгөн жок.

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Бишкек шаардык санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл борборунун врачтары жана лаборанттары тарабынан Токтогул к. № 105, Фрунзе к. № 477,  Краснодонцев к. №1а жана Месароша к. №3 дарегинде жайгашкан, Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивинин иш бөлмөлөрүндө жана имараттарынын жумушчу орундарында өткөрүлгөн 2022-жылдын 26-сентябрындагы №176  "Лабораториялык өлчөөлөр (жумушчу зонадагы абаны сыноо) жөнүндө" протоколу,  бардыгы болуп 22 протоколу бар.

Имараттардагы жумушчу орундардагы жана иш бөлмөлөрдөгү лабораториялык өлчөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча чаңдын жана концентрациянын деңгээли аныкталган.

Архивдин 77 иш бөлмөлөрүнүн жана 30 сактоо жайларынын ичинен, 8 сактоочу жайдагы жана ага жакын жайгашкан 52 өзүнчө иш бөлмөлөрдөгү абадагы чаңдын жеткен чегинин концентрациясы белгиленген чегинен ашканы аныкталган.

Бирок, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Бишкек шаардык сантардык-эпидемиологиялык көзөмөл борборунун санитардык врачтары жана лаборанттары тарабынан, концентрациянын жана чаңдын деңгээлин аныктоо үчүн протоколдорду түзүүдө, аныкталган иш бөлмөлөрдөгү концентрацияны жана чаңды жоюу, же болбосо алардын деңгээлин төмөндөтүү боюнча сунуштары берилген эмес.

Мындан тышкары, Архив кызматынын иштөө шарттарында зыяндуу эмгек шарттары үчүн үстөк алуу казустук болуп саналат, б.а. аталган сумманы төлөө менен бирге Архив кызматынын жетекчилиги зыяндуу эмгек шарттары бар экендигин тастыктайт, бирок аларды жоюу боюнча эч кандай чараларды көргөн эмес.

Эмгектин зыяндуу шарттары үчүн, атап айтканда Архив кызматынын кызматкерлери үчүн акы төлөөнүн так регламенттелген тартибинин жоктугу, өзгөчө шарттарда эмгек акы төлөө жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдорунун жоболорун субъективдүү колдонуу жана чечмелөө, Архивдик кызматтын жетекчилигине кызмат орундарынын тизмесин аныктоодо, жана үстөктүн өлчөмүн 30% чегине чейин белгилөөдө, субъективдүү чечим кабыл алууга мүмкүндүк болгондугун билдирет. Мындай чечимдер эмгек акынын өлчөмүн жогорулатуу үчүн көрүлгөн бирден бир гана чаралардын бири  болуп саналат.

**Корутунду**

Архив кызматынын борбордук аппаратынын кызматкерлерине жүргүзүлгөн аудиттин мезгилинде жалпы суммасы 7 250,2 миң сом, анын ичинде компьютердик техника менен иштегендиги үчүн 1 452,8 миң сом жана эмгек шарттары оор, зыяндуу жана кооптуу жумуш орундарынын зыяндуулугу үчүн 5 797,4 миң сом төлөм жүргүзүлгөн.

Белгилей кетчү нерсе, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-августундагы № 474 токтому менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегине өзгөртүүлөр киргизилип, 42-главасынын компьютер менен иштөө 17-пункту алынып салынган. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин аталган токтомунун талаптарынын негизинде, Архив кызматынын жетекчилиги тарабынан 2022-жылдын 1-августунан тартып, эмгек акыга компьютердик техникалар менен иштөөнүн зыяндуулугу үчүн үстөк акы төлөө алынып салынган.

Муну менен бирге, белгилей кетчү нерсе, Архив кызматынын кенже тейлөө кызматкерлеринен тышкары 26 штаттык бирдик боюнча бардык кызматкерлерине оор, зыяндуу жана өзгөчө кооптуу эмгек шарттарындагы жумуш орундарынын зыяндуулугу үчүн эмгек акыларын 30% өлчөмүндө төлөө улантылууда, мында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин бекитүү жөнүндө" токтомунун талаптары жана тартиптери толугу менен сакталган эмес.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө" токтомунун талаптарын так аткаруу менен, иш берүүчү тарабынан аттестациялык комиссия түзүү жолу менен жумушчуларды аттестациялоо уюштурулсун жана өткөрүлсүн. Аттестациялык комиссиянын курамы 6-пункта көрсөтүлгөн талаптар менен түзүлсүн .

Кооптуу жана башка зыяндуу эмгек шарттары менен чынында иштеген кызмат адамдарынын тизмеги, аттестациялык комиссиянын корутундусунан кийин аныкталсын, ошондой эле үстөк акынын өлчөмү, зыяндуу эмгек шарттарынын даражасына жараша кызматтык маянасына карата пайыздык катышта белгиленсин.

**Аныкталды**

2022-жылы айрым кызматчылар зыяндуу эмгек шарттарында иштегендигине байланыштуу, Архив кызматынын Борбордук аппаратынын кызматкерлерине сүт азыктарын алууга 772,6 миң сом (бюджеттик каражаттардын эсебинен - 558,4 миң сом, атайын каражаттан 214,2 миң сом) чыгышталган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 25-июнундагы №374 "Зыяндуу эмгек шарттарында иштеген жактарга акысыз сүт азыктарын жана башка ага тең тамак-аш азыктарын, самын, жуучу жана жууп-тазалоочу каражаттарды берүү жөнүндө" токтомуна ылайык, зыяндуу эмгек шарттарында иштеген жактарга акысыз сүт азыктарын жана башка ага тең тамак-аш азыктарын берүү эрежеси жана тизмеги бекитилген.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жогоруда аталган токтому менен бекитилген Эреженин 2-пунктуна ылайык, кызматкерлердин тизмегин бекитүүдө медициналык көрсөткүчтөрүнө ылайык профком менен макулдашууга тийиш, бирок мындай тартип сакталган эмес.

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жогоруда аталган токтому менен бекитилген Эреженин 10-пунктуна ылайык, сүт,

ашканалар, буфеттер же ишкананын сүттү таратуу пункттары, цехтер аркылуу берилиши керек. Сүт таратуучу пункттар мындай жайларга коюлуучу санитардык эрежелерге шайкеш келиши керек. Бирок сүт азыктары кагаз кутучаларында Архив кызматынын иш-бөлмөлөрүндөгү муздаткычтарда сакталат жана кызматкерлерге сүт азыктарын сактоо үчүн атайын өзүнчө жай жок.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 25-июнундагы №374 "Зыяндуу эмгек шарттарында иштеген жактарга акысыз сүт азыктарын жана башка ага тең тамак-аш азыктарын, самын, жуучу жана жууп-тазалоочу каражаттарды берүү жөнүндө" токтому менен бекитилген Эреженин талаптарын бузуу менен сүт азыктарын алууга кызматчылардын тизмесин түзүүдө, медициналык көрсөткүчтөргө ылайык, жумуш берүүчүнүн профкому менен макулдашылган эмес. Мындан тышкары, санитардык эрежелерге шайкеш келген сүт азыктарын сактоо үчүн өзүнчө атайын ылайыкташкан жайы жок.

**Сунуштама**

Сүт азыктарын алууга укук берген, медициналык көрсөткүчтөргө ылайык, профсоюздук комитет менен макулдашылган жумуштардын жана кесиптердин тизмесин түзүү маселеси каралсын

Санитардык нормаларга ылайык келген, муздатуучу жабдуулары менен камсыздалган жайды уюштуруу жана Архив кызматынын кызматчыларына сүт азыктарын өз убагында берүүгө жана аларды сактоого жооп берүүчү жоопту кызмат адамын аныктоо маселеси каралсын.

**Аныкталды**

2022-жылдын 31-декабрына карата Архив кызматынын тутуму боюнча берилген жыйынтыктоочу отчетунда дебитордук карызы 28 510,6 миң сомду түзгөн, анын ичинде бюджеттик каражаттын эсебинен 27 990,8 миң сом, атайын каражаттын эсебинен 519,8 миң сом.

Бюджеттик каражаттар боюнча дебитордук карыздар:

– Ысык-Көл аймактык башкармалыгы боюнча 19 260,5 миң сомду (капиталдык курулуш - 19 099,2 миң сом, электроэнергия - 78,4 миң сом, социалдык фонд - 33,4 миң сом);

– Жалал-Абад аймактык башкармалыгы боюнча 4 726,4 миң сом (капиталдык курулуш - 4 699,6 миң сом, соцфонд - 26,8 миң сом;

– Нарын аймактык башкармалыгы боюнча 2 380,1 миң сомду (капиталдык курулуш);

– Ош аймактык башкармалыгы боюнча 1 251,3 миң сом (капиталдык курулуш - 1 200,0 миң сом, коммуналдык кызматтар - 51,3 миң сом);

– Талас аймактык башкармалыгы боюнча - 246,4 миң сом (электроэнергия - 233,4 миң сом, байланыш кызматы - 12,9 миң сом);

– Чүй аймактык башкармалыгы боюнча 84,3 миң сом (электроэнергиясы - 38,2 миң сом, байланыш кызматы - 16,8 миң сом,

кароолчунун кызматы - 9,3 миң сом, суу пайдалангандыгы үчүн - 20,0 миң сом);

– Баткен аймактык башкармалыгы - 41,8 миң сом (байланыш кызматтары - 19,5 миң сом, электроэнергиясы - 22,3 миң сом).

Жогоруда көрсөтүлгөн суммалардын ичинен дебитордук карыздын негизги суммасы капиталдык курулуш боюнча 27 378,9 миң сомду түзгөн, ал карыз Финансы министрлиги тарабынан каржылоо жылдын аягында ачылгандыгына байланыштуу түзүлгөн, ошондуктан Архив кызматынын региондук башкармалыктары тарабынан Подрядчыларга акча каражаттарын которуу жылдын аягында ишке ашырылган.

Атайын каражаттар боюнча дебитордук карыздар:

– Чүй аймактык башкармалыгы боюнча - 70,8 миң сом (КММ 56,9 миң сом, байланыш 13,9 миң сом);

– Нарын аймактык башкармалыгы боюнча 21,9 миң сом (КММ);

– Ош аймактык башкармалыгы боюнча 338,9 миң сом (камсыздоо төгүмдөрү - 168,2 миң сом, электроэнергия - 118,4 миң сом, байланыш - 40,1 миң сом, интернет - 11,4 миң сом);

– Жалал-Абад аймактык башкармалыгы боюнча 9,1 миң сом (Соцфондго чегерүү);

– Талас аймактык башкармалыгы боюнча 79,0 миң сом (оңдоп-түзөө иштери);

2022-жылдын 31-декабрына карата бюджеттик каражаттардын эсебинен кредитордук карыздар бардыгы 1 728,4 миң сомду түзгөн, көрсөтүлгөн карыздар учурдагы мүнөздөгү карыздар катары эсептелет, ал эми атайын каражаттар боюнча кредитордук карыздар 2 334,5 миң сомду түзгөн, анын ичинен негизги сумма 2 258,8 миң сом депозиттик суммалар болуп саналат, калган сумма учурдагы мүнөзгө ээ болуп 75,7 миң сомду түзгөн.

**Корутунду**

2022-жылдын 31-декабрына карата Архив кызматынын тутуму боюнча берилген жыйынтыктоочу отчетунда дебитордук карызы 28 510,6 миң сомду түзгөн, анын ичинде бюджеттик каражаттын эсебинен 27 990,8 миң сом, атайын каражаттын эсебинен 519,8 миң сом.

Бюджеттик каражаттарынын эсебинен түзүлгөн дебитордук карыздардын негизги суммасы капиталдык курулуш боюнча карыздар 27 378,9 миң сомду түзгөн, ал карыз Финансы министрлиги тарабынан каржылоо жылдын аягында ачылгандыгына байланыштуу түзүлгөн, ошондуктан Архив кызматынын региондук башкармалыктары тарабынан Подрядчыларга акча каражаттарын которуу жылдын аягында ишке ашырылган.

**Сунуштама**

Дебитордук карыздын суммасын азайтуу максатында тиешелүү чаралар көрүлсүн, ошондой эле капиталдык курулуштар боюнча аткарылган иштердин актысы Подрядчылардан өз убагында талап кылынсын.

**Архив кызматынын Талас аймактык башкармалыгы**

**Аныкталды жана корутунду**

2022-жылга бюджеттик каражаттардын эсебинен эмгек акы китеби боюнча 15 784,5 миң сом суммасында кызматкерлерге чегерилген. "Бюджеттик каражаттар боюнча чыгашалар сметасын аткаруу тууралуу" отчеттук №2 формасында чыныгы чыгымдар 16 407,7 миң сом суммасында көрсөтүлгөн. Эмгек акы китеби боюнча чегерилген чыгымдар менен чыныгы чыгымдардын (форма №2) айырмасы 623,2 миң сомду түзүп, эмгек акы статьясы боюнча ашыкча төлөнгөн. Анын ичинен: киреше салыгы (10%) – 307,9 миң сом, мамлекеттик пенсиялык топтолмо фонду (2%) - 92,8 миң сом, кызматкерлерге социалдык чегерүү (8% - 10%) – 222,5 миң сом.

**Сунуштама**

“Бюджеттик каражаттар боюнча чыгашалар сметасын аткаруу тууралуу” отчеттук №2 формасы менен эмгек акы китеби боюнча чегерүү маалыматтарынын ортосундагы айырмачылыктар такталып, тийиштүү оңдоп-түзөөлөр жүргүзүлсүн.

**Архив кызматынын Ысык-Көл аймактык башкармалыгы**

**Аныкталды жана корутунду**

2022-жылга бюджеттик каражаттардын эсебинен эмгек акы китеби боюнча 20 511,3 миң сом суммасында кызматкерлерге чегерилген. "Бюджеттик каражаттар боюнча чыгашалар сметасын аткаруу тууралуу" отчеттук №2 формасында чыныгы чыгымдар 21 124,9 миң сом суммасында көрсөтүлгөн. Эмгек акы китеби боюнча чегерилген чыгымдар менен чыныгы чыгымдардын (форма №2) айырмасы 613,5 миң сомду түзүп, эмгек акы статьясы боюнча ашыкча төлөнгөн. Анын ичинен: киреше салыгы (10%) – 438,3 миң сом, кызматкерлерге социалдык чегерүү (8% - 10%) – 175,2 миң сом.

**Сунуштама**

“Бюджеттик каражаттар боюнча чыгашалар сметасын аткаруу тууралуу” отчеттук №2 формасы менен эмгек акы китеби боюнча чегерүү маалыматтарынын ортосундагы айырмачылыктар такталып, тийиштүү оңдоп-түзөөлөр жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

2022-жылдын 31-декабрына түзүлгөн салыштырып текшерүү актысына ылайык электр энергиясы үчүн дебитордук карыз 104,2 миң сом суммасында белгиленген, жылдык баланста 78,4 миң сом суммасындагы дебитордук карыз чагылдырылган. 25,7 миң сом суммасындагы айырма, жашырылган дебитордук карыз катары аныкталып, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптары бузулган.

**Сунуштама**

“Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптарын так аткаруу менен электр энергиясына болгон 27,5 миң сом суммасындагы жашырылган

дебитордук карызды ордуна коюу жана бухгалтердик жазууларды оңдоо маселеси каралсын.

**Аныкталды жана корутунда**

Ысык-көл облусунун райондук мамлекеттик архивтерине кароол сигнализацияларын (Балыкчы ш., Кызыл-Туу а., Жылуу – Булак а., Корумду а.,) орнотуу үчүн, 300,4 миң сом суммасындагы мамлекеттик сатып алуулар "котировкаларды суратуу" методу менен өткөрүлгөн. 2022-жылдын 22-сентябрындагы №36\1822089 келишимге ылайык, авансты төлөмдөр каралган эмес жана жумушту кабыл алгандан кийин жүргүзүлмөк.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2022-жылдын 17-майындагы №85-Б буйругу менен бекитилген "Электрондук мамлекеттик сатып алууларды жүрүзүүнүн" Тартибинин (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-сентябрындагы №489 токтому менен жокко чыгарылган) Контрактты аткаруу бөлүмүнүн 259-пунктун бузуу менен, келишимдин талаптарын аткарбастан 10% өлчөмүндөгү авансты төлөм 300,4 миң сом суммасында жүргүзүлгөн: 2022-жылдын 22-сентябрында - 30,0 миң сом суммасында жана 2022-жылдын 26-сентябрында - 270,4 миң сом суммасында. Бирок аткарылган иштердин актысы 2022-жылдын 10-октябрында берилген.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-сентябрындагы №489 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзүү" Тартибинин талаптарын так аткаруу менен, аткарылган жумуштар үчүн акы төлөө, аткарылган жумуштардын актылары, ошондой эле эсеп-фактуралары берилгенден кийин жүргүзүлүшү камсыз кылынсын.

**Ысык-Көл облусунун Балыкчы шаардык мамлекеттик архивине архивдик сактоо жайын куруу боюнча**

**Аныкталды**

"Ысык-Көл облусунун Балыкчы шаардык мамлекеттик архивинин архив сактоочу жайын куруу" обьектиси боюнча жумуш, сатып алууга конкурс бир этаптуу ыкмада алдын ала пландалган 9 129,0 миң сом суммасына 2022-жылдын 28-апрелинде жарыяланган. Конкурска бир эле "Альянс Континенталь" ЖЧКнын талапкерлиги 8 803,0 миң сом суммасын көрсөтүү менен катышкан.

Конкурстук комиссия тарабынан конкурска квалификациялык талаптарды түзүүдө (8-пункт) жыйынтыктоочу сметалык эсепке сметалык эсепти киргизүүдө алдын ала аныктоо мүмкүн болбогон чыгымдар үчүн 2% өлчөмүндө каражат кароо талабы киргизилген. Кыргыз Республикасынын аймагында курулуш продукциясынын наркын аныктоо боюнча методикалык көрсөтмөлөрдүн 4.33-пунктунун акыркы абзацына ылайык, иштин иш жүзүндө аткарылган көлөмү үчүн буюртмачы менен подрядчынын ортосундагы эсептешүүлөрдө күтүлбөгөн чыгымдар үчүн резервдер подрядчыга берилбейт, бирок буюртмачынын карамагында калат.

Квалификациялык талаптарды түзүүдө конкурстук комиссия тарабынан аткарылган иштер сыяктуу эле маалымат берүү жөнүндө талап киргизилген эмес. Стандарттык конкурстук документациянын “конкурстун катышуучуларынын нускамасына” ылайык квалификациялык талаптарды иштеп чыгууда конкурстун каралган суммасынан кем эмес аткарылган беримдерге окшош тажрыйба жөнүндө маалыматты талап кылган пунктту караштыруу зарыл.

Сатып алуулар протоколуна ылайык, “Альянс Континенталь” ЖЧКнын конкурстук билдирмеси конкурстук талаптарга жооп берет. Аудиттин жүрүшүндө буйрутмачы тарабынан Буйрутмачынын атынан директор Б.О.Айткулиев менен “Альянс Континенталь” ЖЧКсынын (лицензия КРО-2 №09932 26.07.2021-ж.) атынан директор С.С.Суюнбаеванын ортосунда 2022-жылдын 28-июлунда №2 келишими 8 803,0 миң сом суммасына түзүлгөн, ал келишимдин негизинде 2022-жылы 1 004,0 миң сом суммасына аткарылган жумуштун актысы берилген. Түзүлгөн келишимдин 2.4-пунктунун шарттары боюнча, төлөм аткарылган иштер боюнча актыга кол коюлгандан кийин сатып алуучу уюм тарабынан жүргүзүлөт, конкурстун өзгөчө шарттарына ылайык, авансылык төлөм каралган эмес. Аудит убагында берилген төлөм тапшырмаларынын көчүрмөлөрүнүн негизинде, 2022-жылдын 13-сентябрынан тартып 29-декабрына чейин 8 800,3 миң сом суммасындагы акча каражаты “Альянс Континенталь” ЖЧКсынын эсебине которулган.

Аудиттин жүрүшүндө, “Альянс Континенталь” ЖЧКнын директору Азимжанов Н.Н., менен бирге курулуш объектисинин (Балыкчы ш.) турган жерине, чыгуу сапары жолу менен чыныгы маалыматтарга шайкеш келтирүү үчүн, аткарылган иштин көлөмүн иргеп контролдоо ченеми жүргүзүлдү. Иргеп контролдоо ченеминин жыйынтыгы менен иштин көлөмүн 88,4 миң сом суммасына негизсиз жогорулатуу болгон. Аудит жүргүзүү учурунда объекттин курулушу аяктоо стадиясында тургандыгы аныкталган. Курулуш-монтаждык иштерди өз убагында бүтүрбөгөндүгү үчүн келишимде көрсөтүлгөн суммадан 3% өлчөмүндө айып пул катары «Альянс Континенталь» ЖЧКдан 264,1 миң сом өндүрүлгөн эмес

**Тоң районунун Бөкөнбаев айылына райондук мамлекеттик архив куруу боюнча**

**Аныкталды**

Тоң районунун Бөкөнбаев айылына райондук мамлекеттик архив куруу обьектиси боюнча жумуш сатып алууга конкурс бир этаптуу ыкмада алдын ала пландалган 14 462,0 миң сом суммасына 2022-жылдын 19-апрелинде өткөрүлгөн. Конкурска бир эле “Сириус Строй” ЖЧКсынын талапкерлиги 11 898,9 миң сом суммасын көрсөтүү менен катышкан.

Конкурстук комиссия тарабынан конкурска квалификациялык талаптарды түзүүдө (7-пункт), жыйынтыктоочу сметалык эсепке сметалык эсепти киргизүүдө алдын ала аныктоо мүмкүн болбогон чыгымдар үчүн 2% өлчөмүндө каражат кароо талабы киргизилген. Кыргыз Республикасынын

аймагында курулуш продукциясынын наркын аныктоо боюнча методикалык көрсөтмөлөрдүн 4.33-пунктунун акыркы абзацына ылайык, иштин иш жүзүндө аткарылган көлөмү үчүн буюртмачы менен подрядчынын ортосундагы эсептешүүлөрдө күтүлбөгөн чыгымдар үчүн резервдер подрядчыга берилбейт, бирок буюртмачынын карамагында калат.

Сатып алуулар протоколуна ылайык, «Сириус Строй» ЖЧКнын конкурстук билдирмеси конкурстук талаптарга жооп берет. Аудиттин жүрүшүндө буйрутмачы тарабынан Буйрутмачынын атынан директор Б.О. Айткулиев менен «Сириус Строй» ЖЧКсынын (лицензия КРО-2 №06053 02.02.2015-ж.) атынан директор Абдиманап уулу Арапбайдын ортосунда 2022-жылдын 25-июлунда №1 подряд келишими 11 898,9 миң сом суммасына түзүлгөн, ал келишимдин негизинде 2022-жылы болгону 800,1 миң сом суммасына аткарылган жумуштун актысы берилген. Түзүлгөн келишимдин 2.4-пунктунун шарттары боюнча, төлөм аткарылган иштер боюнча актыга кол коюлгандан кийин сатып алуучу уюм тарабынан жүргүзүлөт, конкурстун өзгөчө шарттарына ылайык, авансты к төлөм каралган эмес. Аудит убагында берилген төлөм тапшырмаларынын көчүрмөлөрүнүн негизинде, 2022-жылдын 29-августунан тартып 29-декабрына чейин 11 898,9 миң сом суммасындагы акча каражаты “Сириус Строй” ЖЧКсынын эсебине которулган.

“Тоң районунун Бөкөнбаев айылындагы райондук мамлекеттик архивдин курулушу” объектиси боюнча курулуш-монтаждык иштерди өз убагында бүтүрбөгөндүгү үчүн келишимде көрсөтүлгөн суммадан 3% өлчөмүндө айып пул катары “Сириус Строй” ЖЧКдан 357,0 миң сом өндүрүлгөн эмес.

**Корутунду**

Конкурстун катышуучуларына квалификациялык талаптарды иштеп чыгууда, конкурстук комиссия тарабынан жыйынтыктоочу сметалык эсепке сметалык эсепти киргизүүдө, алдын ала аныктоого мүмкүн болбогон чыгымдар үчүн 2% каражат кароо талап кылынган.

“Ысык-Көл облусунун Балыкчы шаардык мамлекеттик архивине архивдик сактоо жайынын курулушу” объектиси боюнча квалификациялык талаптарды түзүүдө, конкурстук комиссия тарабынан башка мындай жумуштарды аткаргандыгы тууралуу маалымат берүү жөнүндө талап киргизилген эмес.

“Ысык-Көл облусунун Балыкчы шаардык мамлекеттик архивине, архивдик сактоо жайынын курулушу” объектиси боюнча түзүлгөн подряд келишиминин 2.4. пунктун бузуу менен аткарылган жумуштарды тастыктаган актысыз эле Буйрутмачы тарабынан 7 796,3 (8800,3-1004,0) миң сом өлчөмүндөгү акча каражаты которулган, андан тышкары “Ысык-Көл облусунун Балыкчы шаардык мамлекеттик архивине, архивдик сактоо жайынын курулушу” объектиси боюнча иштин көлөмүн 88,4 миң сомго негизсиз жогорулатылган.

“Тоң районунун Бөкөнбаев айылындагы райондук мамлекеттик

архивдин курулуш" объектиси боюнча түзүлгөн подряд келишиминин 2.4. пунктун бузуу менен аткарылган жумуштарды тастыктаган актысыз эле Буйрутмачы тарабынан 11 898,9 миң сом өлчөмүндөгү акча каражаты которулган.

"Ысык-Көл облусунун Балыкчы шаардык мамлекеттик архивине архивдик сактоо жайынын курулушу" жана "Тоң районунун Бөкөнбаев айылындагы райондук мамлекеттик архивдин курулушу" объектилери боюнча курулуш-монтаждык иштерди өз убагында бүтүрбөгөндүгү үчүн келишимде көрсөтүлгөн суммадан 3% өлчөмүндө айып пул катары «Альянс Континенталь» ЖЧКдан 264,1 миң сом жана "Сириус Строй" ЖЧКдан 357,0 миң сом өндүрүлгөн эмес.

**Сунуштама**

1.Кыргыз Республикасынын аймагында курулуштун продукциясынын наркын аныктоо боюнча методикалык көрсөтмөнүн 4.33-пунктунун акыркы абзацына ылайык (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин 2016-жылдагы 18-майындагы буйругу менен бекитилген №4-ЧУА), подряддык уюмдар менен эсептешүүдө алдын ала аныктоого мүмкүн болбогон чыгымдар үчүн 2% кармап калуу маселеси каралсын.

2.Стандарттык конкурстук документтердин "конкурстун катышуучуларынын нускамасына" ылайык квалификациялык талаптарды түзүүдө жана квалификациялык талаптарды иштеп чыгууда, конкурстун каралган суммасынан кем эмес аткарылган башка жумуштун көлөмдөрү боюнча, тажрыйбасын аныктаган маалыматты талап кылган пункт киргизүү маселеси каралсын.

3.Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-б "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдарытарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобону бекитүү жөнүндө буйругунун талаптарына ылайык, банктык кепилдик берилген учурда келишимде көрсөтүлгөн сумманын 10% өлчөмүндө авансык төлөм жүргүзүү маселеси каралсын.

4. Иштин көлөмүн негизсиз жогорулаткан Подрядчы "Альянс Континенталь" ЖЧКсынын каражаттарынын эсебинен 88,4 миң сом өндүрүлсүн.

5. "Ысык-Көл облусунун Балыкчы шаардык мамлекеттик архивине архивдик сактоо жайынын курулушу" жана "Тоң районунун Бөкөнбаев айылындагы райондук мамлекеттик архивдин курулушу" объектилери боюнча курулуш-монтаждык иштерди өз убагында бүтүрбөгөндүгү үчүн келишимде көрсөтүлгөн суммадан 3% өлчөмүндө айып пул катары «Альянс Континенталь» ЖЧКдан 264,1 миң сом жана "Сириус Строй" ЖЧКдан 357,0 миң сом өндүрүлсүн.

**Архив кызматынын Нарын аймактык башкармалыгы**

**Аныкталды**

2022-жылы атайын эсептен 2213 “ижара акысы” статьясы боюнча Архив кызматынын Нарын аймактык башкармалыгында 180,0 миң сом суммасында чыгаша жүргүзүлгөн, бул Жумгал райондук архивинин имараты авариялык абалда болгондугуна байланыштуу, ижара келишими түзүлгөн.

2021-жылдын 1-октябрындагы № 22/24 келишимине ылайык, Архив кызматынын Нарын аймактык башкармалыгынын атынан директор Т. Жамбоев тарабынан, өндүрүштүк зарылчылыкка байланыштуу Жумгал районунун Чаек айылынан жалпы аянты 84,0 кв.м имарат, 2021-жылдын 1-октябрынан 2023-жылдын 1-октябрына чейинки мөөнөткө ижарага алынган.

Бирок Архив кызматынын Нарын аймактык башкармалыгы, имаратты ижарага алууда, ага тендер жарыялабастан “Жумгал суу курулуш” ААКнын директору А.Н.Исагулов менен келишим түзгөн.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө Мыйзамын бузуу менен, Архив кызматынын Нарын аймактык башкармалыгы “Жумгал суу курулуш” ААКсы менен тендер жарыялабастан, эки жылдык мөөнөткө 180,0 миң сом суммасындагы ижара келишимин түзгөн.

**Сунуштама**

Мамлекеттик ресурстарды натыйжалуу жана үнөмдүү пайдалануу максатында сатып алуучу уюмдардын ишинин иштешин камсыз кылууга байланышкан мамилелерди жөнгө салууда Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө мыйзамдын талаптары так аткарылсын.

**Архив кызматынын Баткен аймактык башкармалыгы**

Аудиттин жүрүшүндө “социалдык камсыздоо боюнча төгүмдөр” беренеси боюнча 2,1 миң сом которулбаган суммасы аныкталган. Аудиттин жыйынтыгы менен *2023-жылдын 5-июлундагы №44 төлөө тапшырмасы* менен Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна которулду.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтому менен белгиленген талаптар сакталбай, айдоочу А. Калыковго 6,8 миң сом суммасындагы иш сапарына коротулган чыгым негизсиз төлөнүп берилген. Аудиттин жыйынтыгында *2023-жылдын 5-июлундагы №326600155 салым квитанциясы* менен накталай бюджеттин кирешесине которулду.

**“Инфоком” мамлекеттик ишканасы**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 1-июнундагы №17 “Кыргыз Республикасынын санариптик өнүктүрүү министрлигинин маселелери жөнүндө” токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитетинин алдындагы “Инфо-система” мамлекеттик ишканасы “Инфоком” мамлекеттик ишканасына кошулуу жолу менен кайра уюштуруу иш-чаралары өткөрүлдү.

2021-жылдын 24-сентябрындагы өткөрүп берүү актысынын алкагында “Инфоком” МИсына мамлекеттик электрондук төлөмдөр системасы, ошондой эле электрондук төлөмдөр системасынын техникалык операторунун укуктары жана функциялары өткөрүлүп берилген.

Системаны коштоо жана тейлөө кайра уюштурулган мезгилден тартып 2022-жылдын 09-октябрына чейин (кайра уюштурулганга чейин) созулган. 2022-жылдын 10-октябрынан баштап Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу “Инфосистемс” МИсы электрондук төлөмдөрдүн жаңы мамлекеттик системасын ишке киргизген.

Киреше администраторунун талабы боюнча, техникалык оператордун алдында банк мекемелери менен жүргүзүлгөн өз ара эсептешүүлөрдү салыштырып текшерүү жана бирдиктүү казыналык эсепти жабуу (4402011103031309) милдети коюлган.

“Инфоком” МИси жана “Инфосистемс” МИси тарабынан мамлекеттик электрондук төлөмдөр системасы аркылуу жүргүзүлгөн ар бир төлөмдү салыштыруу боюнча, төлөм системасынын оператору жана алар тарабынан бирдиктүү казыналык эсепке акча каражаттарын которуу боюнча жүргүзүлүлгөн иштеринин жыйынтыгы боюнча республикалык бюджеттин алдында алдын ала 6 703,1 миң сом суммасында “Кыргыз Почтасы” ААК ажырымы (же карызы) аныкталган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 28-октябрындагы №709 токтому менен бекитилген “Электрондук төлөмдөрдүн мамлекеттик системасы жөнүндө” Жобого ылайык, төлөм системасынын оператору катары “Кыргыз Почтасы” ААК төлөмдөрдү киреше администраторунун пайдасына өз убагында жүргүзүүнү камсыз кылуу боюнча милдеттенмелерди аткарган эмес, ошондой эле электрондук төлөмдөр системасынын “Инфоком” МИнин техникалык операторун жүргүзүлгөн төлөмдөр жөнүндө маалымат менен камсыз кылган эмес.

“Кыргыз Почтасы” ААКсы тарабынан төлөөчүлөрдөн кабыл алынган жогоруда көрсөтүлгөн акча каражаттарынын республикалык бюджетке түшпөй калуусуна байланыштуу (коопсуз шаар долбоору боюнча айыптар үчүн жарандардын төлөмдөрү, электрондук патент жана башкалар) казына системасында көрүнбөйт, бирок башка мамлекеттик маалыматтык системаларда чагылдырылат, бул жалпыланган маалыматтардын бурмаланышына алып келет. Бул бирдиктүү казыналык эсепти жабуу үчүн белгилүү бир кыйынчылыктарды жаратат.

“Кыргыз Почтасы” ААКсы аудиттин жүрүшүндө карыз жарым-жартылай таанылган жана 2023-жылдын 25-мартында 3 827,9 миң сом суммасында №00033814 төлөм тапшырмасы менен республикалык бюджетке которулган.

**Сунуштама**

“Инфоком” МИси төлөм системасын алуучунун пайдасына жүргүзүлгөн төлөмдөрдүн толуктугун аныктоо максатында, “Кыргыз Почтасы” ААКсы

менен, төлөм системасынын оператору менен салыштыруу актысын түзүү боюнча ишти аяктоо камсыз кылынсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фондунун 2021-жылдын 1-мартындагы №97-п буйругу менен "Инфоком" МИсине ыкчам башкарууга Бишкек ш. Жибек-Жолу проспектиси 381 - Ибраимов көчөсү 152 дарегинде жайгашкан турак эмес жай, тактап айтканда 1 (биринчи) жана жер төлө кабаты жанаша жайгашкан аймак менен бирге өткөрүлүп берилген.

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фондунун 2021-жылдын 1-декабрындагы №562-п буйругу менен "Инфоком" МИсине Бишкек ш., Жаш Гвардия бул. №4-дарегинде жайгашкан турак жай эмес жана кампа түрүндөгү турак жай эмес бөлмө ыкчам башкарууга өткөрүлүп берилген.

"Инфоком" МИси жогоруда аталган турак жай эмес жайларды пайдаланууда, бирок алардын баланстык наркы жоктугунан улам, бухгалтердик эсепке алуу боюнча киришелген эмес.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, Бишкек шаары Жибек-Жолу проспектиси 381 - Ибраимов көчөсү 152, ошондой эле Бишкек шаары, Жаш Гвардия бульвары №4 даректеринде жайгашкан турак жай эмес жайларды эсепке алуу үчүн, баалоо иштерин жүргүзүү боюнча маселе каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонддун 2021-жылдын 18-майындагы №222-буйругу менен Бишкек шаары, Ч. Айтматов проспектиси №1 дарегинде жайгашкан, жалпы аянты 2548,4 чарчы метр имараттагы турак эмес жайлар "Инфоком" МИге ыкчам башкаруу укугу менен берилген.

2021-жылдын 10-августундагы кабыл алуу-өткөрүп берүү актысына ылайык, аталган турак эмес жайлар эсепке алуу боюнча 1 365,5 миң сом баланстык наркы менен катталган.

Имаратта оңдоо иштерин жүргүзүү үчүн "Инфоком" МИси 2022-жылдын 18-февралында 59790,5 миң сомго пландаштырылган бир этаптуу ыкма менен сынак өткөргөн. Конкурстун жыйынтыгы боюнча 47913,1 миң сом суммасында "Дастан Строй Групп" ЖЧКсы жеңүүчү деп табылган, аны менен 2022-жылдын 30-мартындагы №108-2022 келишими түзүлгөн.

Объектте курулуш иштери 2022-жылдын мартында башталган. Бирок, 2022-жылдын июлунда Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фондунун 2022-жылдын 22-июнундагы №5-п (ДСП) буйругуна ылайык, имарат Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына

караштуу “Мамлекеттик имараттар департаменти” МИсинин ыкчам башкаруусуна өткөрүлүп берилгендигине байланыштуу иштер токтотулган.

“Инфоком” МИсинин бухгалтердик эсебинин маалыматтарына ылайык төмөнкүлөр көрсөтүлөт. “Инфоком” МИсинин подряд келишиминин шарттарына ылайык, “Дастан Строй Групп” ЖЧКнын подрядчысы 2022-жылдын апрель айында аткарылган иштердин актылары боюнча 16 576,2 миң сом суммасында төлөнгөн. Подрядчынын эсеп-фактурасы кабыл алынган жана 16 221,6 миң сом суммасында милдеттенме таанылган. 2022-жылдын 19-августунда күтүлүп жаткан капиталдык ремонтту кабыл алуу-өткөрүп берүү боюнча комиссиялык акт бар, кардардын жана подрядчынын өкүлдөрү тарабынан кол коюлган. 354,5 миң сом суммасындагы айырма 2022-жылдын августунда алыш-бериш эсебине кайтарылган.

Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонддун 2022-жылдын 22-июнундагы 5-п (ДСП), буйругун аткаруу үчүн “Мамлекеттик имараттар департаменти” МИси “Инфоком” МИден имаратты өткөрүп берүү-кабыл алуу жол-жоболорун жүзөгө ашырууда бардыгы 15 760,3 миң сом суммасында курулуш-монтаждоо иштеринин иш жүзүндө аткарылышы таанылган, бул “Инфоком” МИсинин жана “Мамлекеттик имараттар департаменти” МИсинин өкүлдөрү тарабынан кол коюлган, 2023-жылдын 7-февралындагы комиссиялык эки өткөрүп берүү актысы менен тастыкталат.

Демек, аткарылган курулуш-монтаждоо иштеринин көлөмү 461,2 миң сомго ашыкча көрсөтүлгөн. Бирок, “Инфоком” МИсинин бухгалтердик эсеби боюнча тиешелүү жазуулар чагылдырылган эмес. Натыйжада, 2023-жылдын 1-январына карата “Дастан Строй Групп” ЖЧКсы менен өз ара эсептешүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча карыз болгон эмес.

Аудиттин жүрүшүндө подрядчы “Дастан Строй Групп” ЖЧКсы 461,2 миң сом суммасын тааныган жана “Инфоком” МИсинин алыш-бериш эсебине 2023-жылдын 31-мартындагы төлөм тапшырмасы менен которгон.

Мындан тышкары, бухгалтердик эсеп боюнча көрсөтүлгөн суммага 2023-жылдын мартында алынган сумманы ишкананын кирешесине таануу жөнүндө оңдоо жазуулары 404,6 миң сом өлчөмүндө жүргүзүлгөн жана салыктар (КНС жана СС) боюнча милдеттенмелер 56,6 миң сом суммасында көбөйгөн.

“Инфоком” МИсинин эсеби боюнча курулуш-монтаждоо иштеринин наркы 15 760,3 миң сомго “Мамлекеттик имараттар департаменти” МИсинин дебитордук карызына таандык кылынган. Турак эмес жайлардын наркы 1 365,5 миң сомду эсепке алуу боюнча, негизги каражаттардын курамынан чыгарылган.

**Сунуштама**

“Инфоком” МИси Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармалыгынын алдындагы “Мамлекеттик имараттар департаменти” МИсинен 15 760,3 миң сом суммасындагы дебитордук карызды өндүрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

“Инфоком” МИсинде 2021-жылы өндүрүштүк жараксыздыктардын көлөмү (атайын бланкалык продукция жана чыгымдалуучу материалдар) 4 890,9 миң сомду түзгөн, алар 2022-жылы Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине кайтарылган. Мамлекеттик маанидеги жекелештирилген документтердин жалпы санында өндүрүштүк кемчиликтердин үлүшү 2,05%ды түздү.

*Эскертүү*: өндүрүштүк кемтик деп белгиленген талаптарга ылайык келбеген, өндүрүш баскычында тандалып алынган продукция түшүнүлөт. Кемчиликтердин болушуна байланыштуу мындай продукцияны керектөөчүгө берүүгө жол берилбейт.

Өндүрүштүк мүчүлүштүк болгон учурда “Инфоком” МИнин буйругу менен бекитилген атайын комиссия тарабынан өндүрүштүк кемтик жөнүндө акт түзүлөт, анда кемтикке жол берген кызматкердин аты-жөнү, ээлеген кызматы, кемтиктин түрү, бузулган чыгымдалуучу материалдардын саны ж.б. көрсөтүлөт.

Өндүрүштүк кемтиктин жалпы суммасынан ишкананын кызматкерлеринин эмгек акысынан 120,7 миң сом суммасында кармалган.

2022-жылы уруксат берилген атайын бланктык продукциялардын жана чыгымдалуучу материалдардын өндүрүштүк жараксыздыгынын жалпы суммасы 5 844,1,9 миң сомду түзгөн (Мамлекеттик маанидеги жекелештирилген документтердин жалпы санынан 1,4%), ал 2023-жылы Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине кайтарылып берилүүгө тийиш болчу.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын жаранынын паспортун жана Кыргыз Республикасынын жалпы жарандык паспортун берүү (алмаштыруу) боюнча калкка көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын жогорулатуу, арыздарды туура эмес же толук эмес толтуруудан улам кайтарып берүүнүн санын азайтуу, өндүрүштүк кемчиликтерди кыскартуу максатында мамлекеттик маанидеги документтерди жана башка документтерди жекелештирүүдө өндүрүштүк кемчиликтерди кыскартуу боюнча нускаманы иштеп чыгуу маселеси каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агенттигинин 2017-жылдын 13-февралындагы №7 буйругуна ылайык, “Инфоком” МИси Кыргыз Республикасынын жаранынын паспортторун жекелештирүү жана даярдоо, транспорт каражаттары үчүн мамлекеттик каттоочу номердик белгилерди даярдоо чөйрөсүндө үстөмдүк абалда чарба жүргүзүүчү субъекттердин мамлекеттик реестрине киргизилген.

Мамлекеттик ишканаларды иштетүүнүн, кайрадан уюштуруунун жана жоюунун бирдиктүү ченемин белгилөө максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан 2019-жылдын 11-сентябрындагы № 468 “Мамлекеттик ишканалардын ишин тартипке келтирүү тууралуу” токтому кабыл алынган.

Аталган токтомдун 21-пунктуна ылайык табигый монополиялардын субъекттери болуп саналган мамлекеттик ишканалар тарабынан өндүрүлүүчү (көрсөтүлүүчү) товарларга (жумуштарга, кызмат көрсөтүүлөргө) баалар (тарифтер) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-февралындагы № 83 токтому менен бекитилген Мамлекет жөнгө салуучу чарбакер субъекттердин товарларына (жумуштарына, кызмат көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоонун тартиби жөнүндө жобого ылайык белгиленет, калган товарларга (жумуштарга, кызмат көрсөтүүлөргө) баалар (тарифтер) Кыргыз Республикасынын бааларды мамлекеттик жөнгө салуу тартибин регламенттөөчү мыйзамдарында каралган тартипте же рыноктун конъюнктурасына ылайык белгиленет.

Мамлекет тарабынан жөнгө салынуучу чарба жүргүзүүчү субъекттердин товарларына (жумуштарына, кызмат көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоонун тартиби жөнүндө жобонун нормалары табигый монополиялардын субъекттерине ("Кыргыз Республикасындагы табигый монополиялар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-1-беренесине ылайык чөйрөлөрдө), ошондой эле товарларга (жумуштарга, кызмат көрсөтүүлөргө) бааларды (тарифтерди) жөнгө салуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечими боюнча ишке ашырылуучу башка чарбакер субъекттерге жайылтылат. Ошону менен бирге, "Инфоком" МИси табигый монополиянын субъектиси болуп саналбайт.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №257 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги жөнүндө жобонун 12-пунктунун 14-бөлүгүнө ылайык, министрликке ведомстволук уюмдар көрсөткөн кызматтар үчүн акы төлөөнүн өлчөмдөрүн макулдашуу укугу берилген. Бүгүнкү күндө "Инфоком" МИси тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтарга тарифтер жогору турган мамлекеттик орган Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги аркылуу макулдашуу жол-жобосунан гана өтөт.

Ошентип, "Инфоком" МИси тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтардын тарифин түзүү маселеси монополияга каршы жөнгө салуунун көзөмөлүнөн тышкары болуп калган.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы тарабынан "Инфоком" МИси тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтарга тарифтерди монополияга каршы жөнгө салуу маселеси каралсын жана тиешелүү чечим кабыл алынсын.

*Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматына маалымат жөнөтүлсүн.*

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын жаранынын жалпы жарандык паспортун жекелештирүүнүн иш жүзүндөгү наркын аныктоодо шашылыш тартипте 8 иш күндүн ичинде 2022-жылы пландаштырылган (бекитилген) тариф менен иш

жүзүндөгү чыгымдардын ортосунда айырма аныкталган. Шашылыш тартипте жасалган паспорттун иш жүзүндөгү наркы 667,55 сомду түзгөн, бекитилген тариф 813,37 сомду түзгөн же паспорттун 1 бирдигине 145,82 сомду, анын ичинде чыгымдардын төмөнкү беренелерине:

- түз чыгымдар 84,71 сомду түзгөн, пландаштырылган 137,66 сом же айырмачылык 52,95 сомду түздү;

- кыйыр чыгымдар 449,33 сомду түзгөн, план боюнча 513,04 сом же айырмачылык 63,71 сомду түздү.

Жыйынтыгында тариф боюнча иш жүзүндөгү рентабелдүүлүк 133,51 сомду түздү, план боюнча 162,67 сом же 29,16 сомго аз.

2022-жылы Кыргыз Республикасынын жаранынын жалпы жарандык паспорту шашылыш тартипте бардыгы 40 332 даана (айына эсеп боюнча 3 361 даана) жекелештирилген же жалпы суммалык айырма 5 881,2 миң сомду түздү.

Айырмачылыктын негизги себеби болуп, паспорттун мөөнөттүүлүк деңгээли боюнча пландуу наркын түзүүдө айына орточо 2 523 даана паспорттун саны негиз катары алынган, иш жүзүндө 3 361 даана даярдалган. Натыйжада пландалгандан 838 даанага көп паспорттор жекелештирилген, бул шашылыш даражасы боюнча паспорттун иш жүзүндөгү наркына таасирин тийгизди.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан 2013-жылдын 18-февралында бекитилген №83 “Мамлекет жөнгө салуучу чарбакер субъекттердин товарларына (жумуштарына, кызмат көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоонун тартиби жөнүндө жобонун” 20-пунктуна ылайык, ушул Жобону бузуунун натыйжасында алынган 5 881,2 миң сом суммасындагы киреше республикалык бюджеттин кирешесине которулууга тийиш.

**Сунуштама**

*Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматына*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан 2013-жылдын 18-февралында бекитилген №83 “Мамлекет жөнгө салуучу чарбакер субъекттердин товарларына (жумуштарына, кызмат көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоонун тартиби жөнүндө жобонун” 21-пунктуна ылайык, “Инфоком” МИси тарабынан Кыргыз Республикасынын жаранынын жалпы жарандык паспортун жекелештирүүдөн (8 жумушчу күндүн ичинде шашылыш тартипте) кошумча алынган 5 881,2 миң сом суммасындагы кирешени карап чыгуу жана тиешелүү чечим кабыл алуу маселеси каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Евразия экономикалык бирлигинин интеграцияланган маалыматтык системасына мүчө мамлекеттердин улуттук сегменттерин түзүүдө, иштешин жана өнүгүшүн камсыз кылууда колдонулуучу уюштуруу чечимдерин унификациялоону камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 16-июлундагы №332 токтому менен “Евразия

экономикалык биримдигинин интеграцияланган маалыматтык системасындагы Кыргыз Республикасынын улуттук сегментинин тапшырыкчысы жөнүндө” Жобо бекитилген.

Жогоруда аталган токтом менен Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги Евразия экономикалык бирлигинин интеграцияланган маалыматтык системасын Кыргыз Республикасынын улуттук сегментинин тапшырыкчысы, Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин алдындагы "Инфоком" мамлекеттик ишканасы Евразия экономикалык бирлигинин интеграцияланган маалыматтык системасынын Кыргыз Республикасынын улуттук сегментинин оператору болуп аныкталган.

Жогоруда аталган токтомду аткаруу максатында, Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги менен "Инфоком" МИнин ортосунда 2021-жылдын 15-ноябрында № 257 республикалык бюджеттен каржылоо булагын аныктоо менен долбоорду техникалык тейлөөгө жана коштоого келишим түзүлгөн. Келишим боюнча долбоорду техникалык тейлөөнү жана коштоону камсыздоо боюнча чыгымдардын суммасы 2022-жылга 24 783,7 миң сом өлчөмүндө белгиленген. Мында долбоор боюнча иш жүзүндөгү чыгымдар 2022-жылы бардыгы 23 113 миң сомду түзгөн же кошумча алынган киреше 1 670,7 миң сом, анын ичинде келишпестиктер төмөнкү статьялар боюнча аныкталды:

- коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр боюнча иш жүзүндөгү чыгымдар 2 939,9 миң сомду түзгөн, пландаштырылган 2 881,7 миң сом өлчөмүндө же айырма 58,2 миң сомду түздү;

- башка кызматтар боюнча иш жүзүндөгү чыгымдар (долбоордук топторду жайгаштыруу үчүн жайды эске алуу менен) 197,7 миң сомду түзгөн, план боюнча 375,0 миң сом же айырма 177,3 миң сомду түздү;

- долбоордук топтун кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатууга чыгымдардын курамына кызматкерлердин окутуу семинарларына баруусун, Евразия бирлигинин алкагында эл аралык конференцияларга катышуусун эске алуу менен 2 223,3 миң сом суммасында каражат пландаштырылган, иш жүзүндөгү чыгымдар болгону 823,6 миң сомду түзгөн же айырма 1 399,7 миң сом. Рентабелдүүлүктүн иш жүзүндөгү өлчөмү 2 101,2 миң сомду түзгөн, пландаштырылган өлчөмү 2 253,1 миң сом же айырма 151,9 миң сомду түздү.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан 2013-жылдын 18-февралында бекитилген №83 “Мамлекет жөнгө салуучу чарбакер субъекттердин товарларына (жумуштарына, кызмат көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоонун тартиби жөнүндө жобонун” 20-пунктуна ылайык, ушул Жобонун ченемдерин бузуунун натыйжасында алынган 1 670,7 миң сом суммасындагы киреше республикалык бюджеттин кирешесине которулууга тийиш.

**Сунуштама**

*Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматына*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан 2013-жылдын 18-февралында бекитилген №83 "Мамлекет жөнгө салуучу чарбакер субъекттердин товарларына (жумуштарына, кызмат көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоонун тартиби жөнүндө жобонун" 21-пунктуна ылайык, "Инфоком" МИси тарабынан Евразия экономикалык бирлигинин интеграцияланган маалыматтык системасынын Кыргыз Республикасынын улуттук сегментинин долбоорун техникалык тейлөөдөн жана коштоодон кошумча алынган 1 670,7 миң сом өлчөмүндөгү кирешени карап чыгуу жана тиешелүү чечим кабыл алуу маселеси каралсын

**"Кыргыз почтасы" ААКсы**

**Борбордук аппарат**

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүгүү министрлигинин жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн 01.01.2020-жылдан 31.12.2021-жылга чейинки мезгилдеги бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан Кыргыз почтасы ачык акционердик коомуна 2022-жылдын 2-ноябрында 01-23/220 жазма буйрук жана 2022-жылдын 2-ноябрында №01-23/219 сунуштама жөнөтүлгөн.

Жазма буйруктун 15 пункутунун ичинен 7 пункту (1,5,6,7,10,12,14) аткарылган, 3 пункту (2,3,9) жарым-жартылай аткарылган жана 5 пункту (4,8,11,13,15) аткарылган эмес. Жөнөтүлгөн жазма буйрук боюнча аткарылбай калган калдыгы 655,0 миң. сомду түзөт.

Сунуштаманын 39 пунктунун баары аткарылган эмес.

**Сунуштама**

Мурунку аудиттин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 02.11.2022-жылдагы №01-23/220 жазма буйругунун 2, 3, 4, 8, 9 жана 13 -пункуттары жана 02.11.2022-жылдагы №01-23/219 сунуштамасы толук аткарылсын.

**Аныкталды**

"Кыргыз почтасы" ачык акционердик коому 2022-жылы финансылык-чарбалык ишинин жыйынтыгы боюнча 4 750,0 миң сом чыгаша тарткан.

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик мүлктү менчиктештирүү жөнүндө" Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2020-жылдын 25-июнундагы №3966-VI "2020-2022-жылдарга Кыргыз Республикасында мамлекеттик менчикти менчиктештирүү программасын бекитүү жөнүндө жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2011-жылдын 8-июлундагы №941-V "Улутташтырылган объекттерди натыйжалуу башкаруу жана тескөө боюнча программаны бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтомуна ылайык, "Кыргыз почтасы" мамлекеттик ишканасы менчигиндеги 100%

акциясын (үлүшүн) сактоо менен чарбалык коомго кайра түзүлүүгө тийиш болгон мамлекеттик ишканалардын тизмесине киргизилген.

Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фондунун ортосундагы 2021-жылдын 30-декабрындагы №60 жана 2021-жылдын 14-майындагы №19-а келишимдерине ылайык, "Азия баалоо" жоопкерчилиги чектелген коомунун баалоочусу тарабынан өзгөртүп түзүү максатында "Кыргыз почтасы" мамлекеттик ишканасынын өздүк капиталынын 100% рыноктук наркын баалоо жүргүзүлгөн.

2022-жылдын 3-июлунда №2206-52/1 менен "Азия баалоо" жоопкерчилиги чектелген коомунун баалоочусу тарабынан "Кыргыз почтасы" мамлекеттик ишканасынын мүлктүк комплексинин (өздүк капиталынын) рыноктук наркын баалоо тууралуу отчет" берилген, анда "Кыргыз почтасы" мамлекеттик ишканасынын өздүк капиталынын 100% рыноктук наркын баалоо жүргүзүлгөн, ал 1 771 689,4 миң сом суммасында 2022-жылдын 31-мартына карата массалык баалоо ыкмаларын колдонуу менен аныкталган.

Өз кезегинде "Кыргыз почтасы" ачык акционердик коому Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 2022-жылдын 18-январындагы 226-беренесинин 8-пунктун бузууда 3 негизги каражаттардын кайра бааланган наркындагы 6 827,7 миң сом суммасындагы жаңы эсептелген амортизациянын чыгымдарына негизсиз киргизилген. Башкача айтканда, аталган берененин көрсөтүлгөн пунктуна ылайык "Кыргыз Республикасынын бухгалтердик эсепке алуу жөнүндө мыйзамдарына ылайык жүргүзүлгөн негизги каражаттарды кайра баалоо топтун салыктык наркын көбөйтпөйт жана азайтпайт".

Ушуга байланыштуу чыгымдардын негизги себептери Коомдун негизги каражаттарын кайра баалоонун эсебинен пайда болгон, анын эсебинен негизги каражаттардын амортизациясынын суммасы көбөйгөн.

Андан ары зыяндын пайда болушунун себептеринин бири болуп 133,7 миң сом суммасындагы амортизацияга эсептелген негизги каражаттарды эсептен чыгарууга негизсиз киргизүү саналат, ал байланыш бөлүмдөрү убактылуу жайгаштырылган, бирок "Кыргыз почтасы" мамлекеттик ишканасынын менчигинде болгон эмес.

Бул объекттердин менчик ээлери жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (айыл өкмөтү) болуп саналат, "Азия баалоо" жоопкерчилиги чектелген коомунун баалоочусу тарабынан бул объекттер тастыкталып, баалоо процессинде объекттердин ээлеринин балансына өткөрүлүп берилген.

Баалоочулар алынган документтерге юридикалык экспертиза жүргүзүшкөн эмес жана алардын мазмунун жана бааланып жаткан наркка тийгизген таасирин өз түшүнүгүнөн тыянак чыгарышкан. Мындай объектилер 64 бирдик болгон.

Ошентип аудиттин жыйынтыгы боюнча, чыгашаларды эсептен чыгарууга жатпаган негизсиз таандык кылуудан же өндүрүмдүн өздүк наркын жогорулатуудан улам "Кыргыз почтасы" ачык акционердик коомунун

финансы-чарбалык ишинин консолидацияланган отчету боюнча 2022-жыл үчүн 2 211,4 миң сом суммасында киреше алынган.

Натыйжада пайдага салыкты 221,1 миң сом суммасында жана дивиденддерди 497,6 миң сом суммасында кошумча эсептөө белгиленген.

Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 27-мартындагы №64 “Акционердик коомдор жөнүндө” Мыйзамынын 31-беренесине ылайык, “акционердик коом дивиденддерди төлөөгө акционердик коомдун карамагында калган жыл ичиндеги иштин жыйынтыгы боюнча таза пайданын кеминде 25 пайызын багыттоого тийиш”.

**Корутунду**

Эсептен чыгарууга жатпаган чыгымдарды негизсиз таандык кылуудан же өндүрүмдүн өздүк наркын жогорулатуудан улам “Кыргыз почтасы” ААКнын финансы-чарбалык ишинин консолидацияланган отчету боюнча 2022-жыл үчүн 2 211,4 миң сом суммасында пайда алынган. Натыйжада пайдага салыкты 221,1 миң сом суммасында жана дивиденддерди 497,6 миң сом суммасында кошумча эсептөө белгиленген.

**Сунуштама**

Мындан ары Кыргыз Республикасынын Салык кодексинде бузууларга жол берилбесин. Амортизацияны чегерүү “Кыргыз почтасы” ачык акционердик коомунун менчигиндеги мүлккө ылайык гана жүргүзүлсүн.

**Аныкталды**

“Азия-баалоо” ЖЧКнын баалоочусу тарабынан имараттардын жана курулмалардын негизги каражаттары боюнча мүлктүк комплекстин рыноктук наркын баалоодо нарктын төмөндөшүнүн жыйынтыгы менен бааланган, мында баланстык нарктын калдыгы олуттуу суммага ээ болгондо баалоочу тарабынан ырастоочу себептерсиз 35 объект 6 571,4 миң сом суммасына арзандатылган.

Андан ары өзгөчө белгилей кетүүчү нерсе, Кыргыз Республикасынын Эсеп палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустары боюнча аймактык бөлүмдөрү тарабынан берилген маалыматка ылайык, “Кыргыз почтасы” ААКнын филиалдарында жүргүзүлгөн аудиттин жүрүшүндө “Кыргыз почтасы” мамлекеттик ишканасынын мүлк комплексинин рыноктук наркын негизсиз кайра баалоо фактылары аныкталган. Алсак, Папан айыл аймагынын Кара-Суу районунун Кожо-Келең почта бөлүмү 2022-жылдын 1-январына карата бухгалтердик эсеп боюнча имараттын баланстык баасы 27,5 миң сом болгон. Иш жүзүндө имаратка карата укук белгилөөчү мыйзамдуу документтер болгон эмес. Бирок, “Азия баалоо” ЖЧКсынын баалоочусу мүлктү (имаратты) 1 670,5 миң сомго ашыкча баалаган.

Андан ары “Кыргыз почтасы” ААКнын Түштүк аймактык депратаментинин эсепке алуу маалыматы боюнча, 01.01.2022-жылга карата 38,6 миң сом суммада Навес, 42,4 миң сом суммада Тосмо, 24,3 миң сом суммада Тосмо, 150,2 миң сом суммада Павильон жана 24,3 миң сом суммада Аянтча баланстык нарктары менен почта бөлүмдөрү болуп, жалпысынан 279,7

миң сомду түзүп, анда амортизациялык чегерүүлөр толугу менен эсептелген. “Азия баалоо” ЖЧКсынын баалоочусу кайрадан 279,7 миң сом суммага кайра баалаган. Иш жүзүндө бул мүлктөргө карата укук белгилөөчү документтер болгон эмес, тактап айтканда, “Азия баалоо” ЖЧКсынын баалоочусу жок мүлктү ашыкча баалаган.

Өзгөн районунун Мырза-Аке почта бөлүмү, 01.01.2022-жылга карата эсепке алуу боюнча укук белгилөөчү документтери жок мүлк 2,4 миң сомдук наркы менен. Кайра баалоодо “Азия Баалоо” ЖЧКсынын баалоочусу имараттын наркын 1 435,5 миң сом суммага укук белгилөөчү документтерисиз жок мүлктү кайра баалаган.

**Корутунду**

Имараттардын жана курулмалардын негизги каражаттары боюнча мүлктүк комплекстин рыноктук наркын баалоодо “Азия-Баалоо” ЖЧКнын баалоочусу баланстык нарктын калдыгы олуттуу сумма болсо да, имараттардын жана курулмалардын наркын төмөндөтүү натыйжасы менен баалап, баалоочу эч кандай негизсиз 6 571,4 миң сом суммага 35 объектти баалаган. Баалоо учурунда мурда почта бөлүмдөрү жайгашкан, бирок “Кыргыз почтасы” мамлекеттик ишканасына таандык эмес жайлар жана имараттар аныкталган. Бул объектилердин ээлери жергиликтүү айыл өкмөттөр болуп саналат. Баалоочулар алынган документтерге юридикалык экспертиза жүргүзүшкөн эмес жана алардын мазмунун жана анын бааланган наркка тийгизген таасирин өз алдынча түшүнүүсүнө таянышкан. Андай 64 объект болгон. “Азия-Баалоо” ЖЧКсынын баалоочусу “Кыргыз почтасы” ачык акционердик коомунун жок мүлкүнө имараттын баасын укук белгилөөчү документтерисиз ашыкча баалаган учурлар аныкталган.

**Сунуштама** *Мамлекеттик мулктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиги*

Кыргыз Республикасынын Экономика жана соода министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонду Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу “Кыргыз почтасы” ачык акционердик коому менен бирдикте “Кыргыз почтасы” ачык акционердик коомунун мүлк комплексин толук ишенимдүү баалоо боюнча иштер жүргүзүлсүн.

**Аныкталды**

“Кыргыз почтасы” ачык акционердик коомунун 2026-жылга чейинки стратегиялык өнүгүү планы бекитилип, почта тармагын өнүктүрүүгө багытталган 16 милдет жана 22 иш-чара кабыл алынган.

2026-жылга чейин белгиленген 22 иш-чаранын ичинен 2022-жылы “Кыргыз почтасы” ачык акционердик коому 17 иш-чараны ишке ашырууга тийиш болсо, иш жүзүндө 3 гана иш-чара аткарылган, анын ичинен;

- Европа бирлигинде алмашуу жайын ачуу, аткаруу мөөнөтү 2022-жылдын 3-кварталы. Эстонияда алмашуу жайынын өкүлчүлүгү ачылды. Республиканын аймагында “Кыргыз почтасы” ачык акционердик коомунун өкүлчүлүгүн ачууга Латвиянын Байланыш министрлигинен макулдук алынды.

Каттоо коду Бүткүл дүйнөлүк почта уюмунан алынды. Чет өлкөдө алмашуу жайынын жайгашкан жери жана оператору аныкталган. Иш жүзүндө Келишимге кол коюлган жок;

- эл аралык почта жөнөтмөлөрү жана экспресс жүктөргө карата бажы операцияларын жүргүзүүнү автоматташтыруу, аткаруу мөөнөтү 2022-жылдын 4-кварталы, аткарылды. Өзүбүздүн күчүбүз менен иштелип чыккан система ийгиликтүү ишке киргизилди;

- маркетплейстер менен түздөн-түз интеграциялоо жолу менен ташып келинүүчү электрондук соода товарларын эсепке алуунун бирдиктүү системасын иштеп чыгуу, аткаруу мөөнөтү 2022-жылдын биринчи жарым жылдыгы. Маалыматтык система иштелип чыккан;

- Мамлекеттик ишкана формасынан Акционердик коом формасына өтүү, аткаруу мөөнөтү 2022-жылдын 1-карталы, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги №203 токтому менен "Кыргыз почтасы" мамлекеттик ишканасы акциялардын 100% үлүшүн мамлекеттик менчикте сактоо менен Ачык акционердик коомго өзгөрүп түзүлдү.

2022-жылдын ичинде аткарылышы керек болгон аткарылбаган чаралар:

- "Манас" эл аралык почта алмашуу жайын ишке киргизүү үчүн капиталдык оңдоо жана жабдууларды сатып алуу;

- "Ош" эл аралык почта алмашуу жайын ишке киргизүү үчүн капиталдык оңдоо жана жабдууларды сатып алуу;

- КЭРде, Түркияда, Бириккен Араб Эмираттарында, Европа Бирлигинде, АКШда алмашуу жайларын ачуу;

- бажылык тариздөөнүн бирдиктүү жайы;

- бул ишти жүзөгө ашыруу үчүн лицензия алуу. Программалык продуктуну иштеп чыгуу;

- каттарды электрондук түрдө жөнөтүүгө жана алууга мүмкүндүк берүүчү маалыматтык системаны иштеп чыгуу жана ишке киргизүү;

- эл аралык рынокко чыгуу;

- электр заряддоо станцияларын сатып алып, почта бөлүмдөрүнүн жана райондук филиалдардын жанында орнотуу;

- электр мобилдерин сатып алып, бардык почта унааларын электр мобилдерине өткөрүү;

- даркстор борборлорун (онлайн дүкөн-кампа) ачуу.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, 2022-жылдын 1-мартында Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министри тарабынан бекитилген почта тармагын өнүктүрүүгө жана кошумча киреше алууга стратегиялык өнүгүү планы "Кыргыз почтасы" ачык акционердик коомунун жетекчилиги тарабынан аткарылган жок.

**Корутунду**

"Кыргыз почтасы" ачык акционердик коомунун стратегиялык өнүгүү планы аткарылган жок.

2026-жылга чейин белгиленген 22 иш-чаранын ичинен 2022-жылы "Кыргыз почтасы" ачык акционердик коому 17 иш-чараны ишке ашырууга тийиш болсо, иш жүзүндө 3 гана иш-чара аткарылган.

**Сунуштама**

"Кыргыз почтасы" ачык акционердик коомунун стратегиялык өнүгүү планын аткаруу боюнча ишти көзөмөлдөөнү күчөтүү чаралары көрүлсүн.

**Аныкталды**

Текшерүүнүн жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 23-майындагы № 94 "Кыргыз Республикасынын стратегиялык объектилери жөнүндө" Мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 7-сентябрындагы №164 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан Кыргыз Республикасынын стратегиялык объекттерин сатып алуунун артыкчылыктуу укугун ишке ашыруунун тартиби жөнүндө" Жобосун бузуу менен "Кыргыз почтасы" ААКнын стратегиялык объектилери болуп саналган жер участокторун жана турак эмес жайларды ээликтен ажыратылгандыгы аныкталды.

Алсак: - Крупская көчөсү, 21, Сосновка айылындагы почта бөлүмүндө, Жерге жайгаштыруу жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо башкармалыгы тарабынан 2010-жылдын 6-апрелинде 7030810011601 инвентаризациялык коду менен берилген техникалык паспортко ылайык жалпы аянты 248,8 кв/м жер тилкеси бар, анын ичинде 113,1 кв/м курулган жана 135,7 кв/м курулган эмес. Инвентаризациялоонун жүрүшүндө жалпы жер аянты 135,1 чарчы метр жер тилкесинин жетишсиздиги аныкталган, анын ичинен 73,5 чарчы метр пайдалуу курулуш жана 61,2 чарчы метр пайдалуу аянт. Башкача айтканда, Жайыл райондук жерге жайгаштыруу жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо башкармалыгы тарабынан аныкталган жетишсиздик жеке адамга катталган.

- Школьная көчөсү, 1, Шопоков шаарындагы почта бөлүмү, Жерге жайгаштыруу жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо башкармалыгы тарабынан 2006-жылдын 30-мартында 7080100020080 коду менен берилген техникалык паспортко ылайык жалпы аянты 362,5 кв/м жер тилкеси бар, анын ичинде 80,6 кв/м курулган жана 281,9 кв/м курулган эмес. Инвентаризациялоонун жүрүшүндө жалпы аянты 81,95 чарчы метр жер тилкесинин жетишсиздиги аныкталган. Жетишсиз деп аныкталган жер тилкесине жеке адам тарабынан кыймылсыз мүлк курулган.

- Ленин көчөсү, 166, Ысык-Ата районунун Люксембург айылындагы почта бөлүмү, инвентаризациялоо иштеринин жүрүшүндө 26,88 чарчы метр "Сарай" жетишсиздиги аныкталып, ал уруксат документтери жок айыл өкмөт тарабынан киргизилип алынган.

- Фрунзе көчөсү, 141, Аламүдүн районунун Васильевка айылындагы почта бөлүмү, Жерге жайгаштыруу жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо боюнча башкармалыгы тарабынан 2006-жылдын 10-мартында 7-01-05-1002-0822 инвентаризациялык коду менен берилген техникалык

паспорт боюнча жалпы жер аянты 1647,0 кв/м жер тилкеси бар, анын ичинде 82,46 кв/м курулган жана 1564,54 кв/м курулган эмес. Инвентаризациялоонун жүрүшүндө жалпы аянты 1564,54 чарчы метр жер тилкесинин жетишсиздиги аныкталган.

Васильев айыл өкмөтүнүн жер куруучусу Н.Дөөткуловдун айтымында, жетишпеген 1564,54 чарчы метр жер тилкеси айыл өкмөттүн токтомуна ылайык жеке менчикке өткөрүлүп берилген..

- Фрунзе көчөсү, 198, Сокулук районунун Сокулук-1 почта бөлүмү, Жерге жайгаштыруу жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо башкармалыгы тарабынан 2006-жылдын 2-майындагы 7-08-12-1001-2123 инвентаризациялык коду менен берилген техникалык паспорт боюнча жалпы жер аянты 373,7 кв/м жер тилкеси бар, анын ичинде 82 ,8 кв/м курулган жана 61,7 кв/м курулган эмес. Инвентаризациялоонун жүрүшүндө жалпы аянты 63,9 чарчы метр жер тилкесинин жетишсиздиги аныкталган. Жерге жайгаштыруу жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо башкармалыгы тарабынан берилген тиешелүү документтери бар экендигин тастыктаган жеке адам тарабынан жетишсиз деп аныкталган жер тилкесине кыймылсыз мүлк курулган.

- Ленин көчөсү, 1А, Ысык-Ата районунун Гидрокуруучу айылындагы почта бөлүмү, Жерге жайгаштыруу жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо башкармалыгы тарабынан 2007-жылдын 6-апрелинде 7-04-29-1002-0076 инвентаризациялык коду менен берилген техникалык паспортуна ылайык, жалпы аянты 144,0 кв/м жер тилкеси бар, анын ичинде 73,55 кв/м курулган жана 53,55 кв/м курулган эмес.

Инвентаризациялоонун жүрүшүндө почта бөлүмүнүн имаратынын түндүк жана түштүк тарабы “Үмүт Ко” ЖЧКсынын тосмолору менен тургузулганы аныкталган. “Гидростроитель” почта бөлүмүнүн башчысынын айтымында, тосмолор мыйзамсыз курулган, анткени мурда бул аймактар почта бөлүмүнө тиешелүү болгон. Инвентаризациялоо менен почтанын аймагын аныктоо мүмкүн эмес, анткени техникалык паспортто имараттан аймактын сызыктарынын ортосундагы өлчөмдөр көрсөтүлгөн эмес.

- Токтогул көчөсү, Ысык-Көл облусунун Каракол шаарындагы №3 почта бөлүмүнүн бир бөлмөлүү батири, баланстык баасы 557,7 миң сом, жалпы аянты 441 чарчы метр жер тилкеси Каракол шаарынын мэриясынын 2009-жылдын 20-апрелиндеги №4 токтому менен жеке жактын менчигине өткөрүлүп берилген. Текшерүү күнү 01.01.2023-жылга карата бул батир Каракол шаардык почтасынын балансында турган. (Материалдар Ысык-Көл облусунун прокуратурасына өткөрүлүп берилди).

Кадамжай районунун Холмион айыл өкмөтүнүн 16.06.2009-жылдагы №96 токтомуна ылайык Жошук почта бөлүмүнө 500,0 чарчы метр жер тилкеси мөөнөтсүз пайдаланууга берилген. №049808 Б сериялуу жер участогун мөөнөтсүз пайдалануу укугу жөнүндө мамлекеттик актына ылайык жер тилкесинин өлчөмү 40,0 чарчы метрге аз берилген же 460,0 чарчы метрге акт түзүлдү.

**Корутунду**

“Кыргыз почтасы” ачык акционердик коомунун стратегиялык объектилери болуп саналган жер тилкелери жана турак эмес жайлар ээликтен ажыратылгандыгы аныкталды.

**Сунуштама**

“Кыргыз почтасы” ААКынын стратегиялык объектилери болуп эсептелген мыйзамсыз ээликтен ажыратылган жер боюнча укук коргоо органдарга маалымат берилсин.

**Аныкталды**

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарын сактоо боюнча тандалма аудиттин жүрүшүндө 1 147,0 миң сом суммага жүктөрдү ташуу боюнча тендер өткөрбөстөн сатып алуулар жүргүзүлгөндүгү аныкталды.

**Корутунду**

1 147,0 миң сом суммага жүктөрдү ташуу боюнча тендер өткөрбөстөн сатып алуулар жүргүзүлгөндүгү аныкталды.

**Сунуштама**

Мындан кийин “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын бузууга жол берилбесин.

**“Кыргыз маркасы” филиалы**

**Аныкталды жана корутунду**

"Кыргыз почтасы” мамлекеттик ишканасынын филиалынын имаратында турган, 75 кв. м. аянттагы маркалык база жайындагы (баланстык наркы 86,8 миң сом) кыймылсыз мүлккө укукту мамлекеттик каттоо боюнча ыйгарым укуктуу органдан алынган укукту белгилөөчү документ жок.

**Сунуштама**

“Кыргыз почтасы” мамлекеттик ишканасынын филиалынын имаратында турган маркалык база жайындагы кыймылсыз мүлккө укукту мамлекеттик каттоо боюнча ыйгарым укуктуу органдан укукту белгилөөчү документти алуу чаралары көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу” токтомунун талаптарын бузуу менен, бааларга мониторинг жүргүзбөстөн, келишимди тикелей түзүү ыкмасы менен жалпы 555,4 миң сом суммасындагы сатып алуулар боюнча 8 келишим түзүлгөн.

Мындан сырткары, почталык маркалардын сериясын даярдоо боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга чектелген методу менен 5 конкурс өткөрүлгөн. Ал жерде, бардык конкурстарда жеңүүчү болуп, бир катышуучу –

"А.Т. Непогодин атындагы ирилештирилген Бобр басмаканасы" республикалык унитардык ишканасы аныкталган.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2022-жылдын 10-июнундагы №301 "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу" токтомунун талаптарын так сактоо камсыздалсын.

**Аныкталды жана корутунду**

2022-жылдын 9-августундагы №270 буйругун ишке ашыруу максатында, тренер – мушкер А.М. Нурмагомедовго арналган 38,1 миң сом суммасындагы почталык маркаларды (6 000 даана) даярдоого тендер өткөрүлгөн.

Аудит жогоруда аталган адам көрүнүктүү коомдук ишмер эместигин же республиканын спортун өнүктүрүүгө машыктыруучулук салым кошпонун, ошондой эле филателисттердин тар чөйрөсүнө кызыкдар эместигин белгилейт.

Ушуга байланыштуу, керектөөнү азайтуу үчүн нускалардын саны азыраак көлөмдө чыгарылышы керек болчу, чындыгында, 6000 нусканын 800 гана маркасы же 13% сатылган, бул кампанын ашыкча топтолушуна алып келген. Каражаттарды эффективдүү пайдалануу үчүн почта маркаларын чыгаруунун тематикалык планын бекитүүдө кампада ашыкча запастарды болтурбоо үчүн суроо-талапты эске алуу керек.

**Сунуштама**

Кампада ашыкча запастарды болтурбоо максатында акча каражаттарын сарамжалдуу жана натыйжалуу колдонуу боюнча, ошондой эле киреше алуу үчүн топтолгон маркалык продукцияны сатуу боюнча иш чаралар көрүлсүн.

**Эл аралык почта алмашуу жана логистика борбору**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы № 231 токтому менен бекитилген "Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерди албаганда) бухгалтердик эсебиндеги документтердин жүгүртүлүшү жөнүндө" Жобонун талаптарын бузуу менен, 2022-жылга карата бухгалтердик баланс боюнча 150,0 миң сом суммасында транспорттук чыгымдар жүргүзүлгөн, ал юридикалык жактар менен өз ара эсептешүүлөр боюнча дебитордук карыз катары көрсөтүлгөн эмес.

Мындан сырткары, бухгалтердик эсеп боюнча төлөө мөөнөтү 3 жылдан ашкан 284,5 миң сом суммасындагы дебитордук карыздар бар.

**Сунуштама**

284,5 миң сом өлчөмүндөгү мөөнөтү өтүп кеткен дебитордук карызды өндүрүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

“Кыргыз почтасы” мамлекеттик ишканасынын 2022-жылдын 22-июнундагы буйругу менен бекитилген, мамлекеттик сатып алууларынын ички регламентинин 19-пунктунун талаптарын бузуу менен, конкурстарды өткөрүүдө берүүчүнүн сунушуна кепилдикти камсыз кылуунун (ГОПП) өлчөмү аныкталган эмес, конкурстук документацияларда алдын ала төлөм каралган эмес, ошондой эле жабдуучулар тарабынан банктык кепилдиктер берилген эмес.

**Сунуштама**

Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" мыйзамга жана сатып алуу жол-жоболорун уюштуруунун кабыл алынган ички ченемдик укуктук актыларына ылайык жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

Почталык төлөмдүн белгилерин инвентаризациялоонун жыйынтыктары боюнча, өндүрүштүк керектөөлөр үчүн талап кылынбаган 1 526,1 миң сом суммасындагы 1686 оттисктердин номиналдары аныкталган.

**Сунуштама**

Өндүрүштүк керектөөлөр үчүн, талап кылынбаган 1 526,1 миң сом суммасындагы 1686 оттисктердин номиналдары боюнча иш алып баруу маселеси каралсын.

**“Кыргыз почтасы” ачык акционердик коомунун региондук органдары**

**Базар-Коргон филиалы боюнча**

**Аныкталды/Корутунду**

“2021-2023-жылдарга түзүлгөн “Кыргыз почтасы” мамлекеттик ишканасынын Жамааттык келишиминин 2-тиркемеси болуп саналган “Кыргыз почтасы” мамлекеттик ишканасынын кызматкерлерин акчалай сыйлоо жөнүндө” Жобонун жана “2022-2025-жылдарга түзүлгөн “Кыргыз почтасы” ААКнын Жамааттык келишиминин 2-тиркемеси болуп саналган “Кыргыз почтасы” ААКнын кызматкерлерин акчалай сыйлоо жөнүндө” Жобонун 1.6. жана 1.7. пунктарына ылайык, “Кыргыз почтасы” ААКнын Базар-Коргон райондук филиалынын кызматкерлерине майрамдарга карата бир жолку акчалай сыйлыктары “Кыргыз почтасы” мамлекеттик ишканасынын генералдык директорунун (Кыргыз почтасы” ААКнын Башкармалыгынын төрагасынын) же аны алмаштырган адамдын буйругунун негизинде берилүүгө жатат. Бирок, аталган талап сакталбастан, “Кыргыз почтасы” ААКнын Базар-Коргон райондук филиалынын кызматкерлерине аталган филиалдын башчысынын буйруктарынын негизинде, 2022-жылы майрамдарга карата бир жолку акчалай сыйлыктар жалпы **118,4 миң сом** негизсиз берилип кеткендиги аныкталды.

**Сунуштама**

“Кыргыз почтасы” ААКнын Башкармалыгынын төрагасынын 2022-жылдын 22-декабрындагы №303 буйругу менен бекитилген “2022-2025-

жылдарга “Кыргыз почтасы” ачык акционердик коомунун Жамааттык келишиминин” талаптары аткарылсын.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 «Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө» токтомунун талаптары толук аткарылбастан, суткалык акы жана мейманкана төлөмдөрүнө жалпы **17,4 миң сом** ашыкча төлөнгөнү аныкталды, тийиштүү кызматкерлердин эсебинен мекемеге ордуна коюлду.

**Сунуштама**

Сапар чыгымдарын төлөө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтомуна ылайык жүргүзүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

Жалпы 2 кызматкер 2022-жылда жоопкерчиликке берилген акча каражаттарына отчет тапшырбай келгендиги жана дебитордук карыз катары көрсөтүлбөгөндүгү аныкталды, алар: А. Темиров 0,8 миң сом, Р.Токсонбаев 0,6 миң сом, же жалпысы **1,4 миң сомду** түздү, тийиштүү кызматкердин эсебинен мекемеге ордуна коюлду.

**Сунуштама**

“Кыргыз почтасы” мамлекеттик ишканасынын Базар-Коргон райондук филиалында бухгалтердик эсепти жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 29-апрелиндеги №76 “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” мыйзамына ылайык жүргүзүлсүн.

**Алай райондук филиалы боюнча**

**Аныкталды/Корутунду**

